СУЛАЙМАН РЫСБАЕВ

КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫНАН ЖҮРГҮЗҮЛҮҮЧҮ ЖАЗУУ ЖУМУШТАРЫНЫН СИСТЕМАСЫ ЖАНА ОКУУЧУНУН ЖАЗУУ ИШМЕРДИГИ

Кыргыз тили адабияты мугалимдери, ЖОЖдордун окутуучулары, студенттер, изденүүчүлөр, аспиранттар жана методисттер үчүн окуу куралы

Бишкек- 2022

СУЛАЙМАН РЫСБАЕВ,
КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫНАН ЖҮРГҮЗҮЛҮҮЧҮ ЖАЗУУ ЖУМУШТАРЫНЫН СИСТЕМАСЫ ЖАНА ОКУУЧУНУН ЖАЗУУ ИШМЕРДИГИ, Кыргыз тили адабияты мугалимдери, ЖОЖдордун окутуучулары, студенттер, изденүүчүлөр, аспиранттар жана методисттер үчүн окуу куралы, Бишкек, 2022, 121 бет

Китепте кыргыз тили жан аадабияты боюнча жалпы билим берүүчү орто мектептердин башталгыч, орто жана жогорку класстарында жүргүзүлүүчү жазуу жумуштары жана аларды түрлөрү, жүргүзүү жолдору тууралуу кеңири сөз болот.

Китеп кыргыз тили адабияты мугалимдерине, ЖОЖдордун окутуучуларына, студенттерге, изденүүчүлөр, аспиранттарга жана методисттерге арналат.

С.Рысбаев

АЛГЫ СӨЗ

ОКУУЧУНУН ИШМЕРДИГИ...
МАКАЛА
ОКУУЧУНУН ЖАЗУУ ИШМЕРДИГИ,
МАКАЛА
.....

Окуучунун жазуу ишмердиги жана анын түрлөрү

Кыргыз тили жана адабияты сабактарында жүргүзүлүүчү жазуу жумуштарынын максаты окуучунун жазуу ишмердигин калыптандыруу болмокчу. Ал төмөндөгү үч түшүнүктү өзүнө камтыйт:

1. Текстти сабаттуу жазуу ишмердиги. *Бул ишмердик жат жазуу (диктант) иши менен аныкталат.*

2. Текстти кайра түзүү жана өркүндөтүү ишмердиги.*Бул ишмердик баяндама жазуу менен аткарылат. Көрүнүп тургандай, баяндама, эки түрдө, кадыресе баяндама (тектти кайра түзүү) жана дилбаяндын элементин камтыган баяндама (текстти өркүндөтүү) менен ишке ашырылат.*

3. Жаңы текст түзүү ишмердиги. *Албетте, жазуу ишмердигинин бул түрү чыгармачыл дил баяндарды жазуу менен далилденет. Бул үч ишмерик жазуу жумуштарынын системасын түзүп турат.*

Окуучунун жазуу ишкердүүлүгүнө коюлуучу талаптар

Эми, окуучунун жазуу ишкердүүлүгү туурасында сөз болуп бараткан соң, ой тизгинин ошол тарапка буралы. Окуучунун жазуу ишкердүүлүгүнө баа берүүдө төмөндөгү талаптарды эсепке алабыз:

1) окуучунун жекече иш-аракетинин абалын туура талдоо;

2) жалпы класстын деңгээлин көңүлгө алуу;

3) окуу материалдарынын оордугунун жана татаалдыгынын деңгээлин эсепке алуу;

4) эне тилибиздин жазуу эрежелерине, анын нормаларына таянуу.

Мына ушул талаптарды көңүлгө алуу менен гана баланын жазуу жумуштарынын абалына туура баа берүүгө болмокчу.

Жазуу жумушунун оозеки иштерден айырмасы, айрыкча, оозеки кептин мүмкүнчүлүгү канчалык көп болгон болсо, жазуу жумуштары да өзүнө кеп маданиятынын жана жазуу нормасынын эрежелерине таянуу сыяктуу мүмкүнчүлүктөрү кеңири.

Ошондуктан, ***мугалим жогоруда айтылган талаптардан бөлөк төмөндөгү жагдайларды көңүлгө алат***:

- уккан сөздү туура кабыл алып, эне тилибиздин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө ылайык орфографиялык, пунктуациялык жана стилистикалык жактан бирдиктүү эреже-нормаларын сактап жаза билүүсү;
- окуучунун кол жазмасы, каллиграфиясы, тамгалардын графикалык эрежелерине туура келүүсү;
- чыгармачыл мүнөздөгү жазуу иштеринде кеп маданиятынын талаптарынын сакталышы;
- кептин функционалдык түрлөрүнө жараша иш жүргүзө алуусу;
- грамматикалык, фонетикалык жана лексикалык тапшырмалары бар жазуу иштерин жүргүзүүдө талдоолорду туура жүргүзүүгө машыгуу;
- текстти мазмуну боюнча кайра түзүү, текстти өркүндөтүп түзүү, тема боюнча жаңы текстти өз алдынча түзө алуу;
- иш кагаздарын практиканын талаптарына ылайык түзө билүү ж.б.

Бул айтылгандарды карап көрсөк, жазуу жумуштарынын системасы анын бир нече түрлөрүн камтый турганына күбө болобуз. Тактап айтканда:

- жат жазуу;
- баяндама (изложение) жазуу;
- дил баян (сочинение) жазуу;
- иш кагаздарын түзүү ж.б.

Булардын ар бири өз алдынча бир нече түрлөргө бөлүнөрү да белгилүү. Алардын ар бири өз алдынча кең-кесири сөз кылууга да арзыйт. Мында жатжазуу жумуштары, анын түрлөрү, жатжазууга коюлуучу талаптар алардын дидактикалык көлөмү жана баалоонун критерий-нормалары, жазуу ылдамдыгы, жазуу кезиндеги дидактикалык тыным тууралуу сөз кылабыз.

Биринчи бөлүк

КЫРГЫЗ ТИЛИНЕН ЖАТ ЖАЗУУ ЖҮРГҮЗҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ, ТЕКШЕРҮҮ ЖАНА БААЛОО

Жат жазуу деген эмне?

Бүгүнкү күндө мугалимдер менен окумуштуу-методисттер арасында жат жазуу деген терминдин өзүнө карата түрдүү көз караштар айтылып келүүдө.

Мисалы, алардын биринчи тобу “жат жазуу” деген термин өз аталышына туура жооп бербейт, ал окуучу жаттап алганын кайталап жазууну гана түшүндүрөт дешсе, экинчи тобу - бул терминди “диктант” деген сөз менен алмаштырып колдонуу гана өзүнүн маанисине төп келер эле дешет.

Бул пикирлердин экөөнө тең кошулбай, “жат жазуу” деген терминдин функционалдык маанисин тактап, дидактикалык ролун тууралап түшүнүү менен, такыр башкача мааниде чечмелөө зарылдыгы келип чыкты. Ал мындан көрүнөт, тактап айтканда, баланын жазуу ишкердүүлүгү бир нече иш-аракеттердин: угуу, көрүү, окуу, сүйлөө сыяктуу кеп ишкердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн өзүнө синтездеген, аны жыйынтыктаган, бир нече деңгээлдеги –тыбыш - тамга - муун - сөз - сүйлөм - текст жазуу сыяктуу иш-аракеттерине чейин камтыган жатыгууну көздөгөн өзүнчө бир системаны түшүндүрөт. Ал система бирин-бири уланткан, тамганын каллиграфиясын туура сактап жазуудан, аларды бири-бирине туура улантып курап жазууга; муундук структураны так сактоо, сөздү, сөз айкаштарын туура түзүп жатыгуудан сүйлөм, андан текст түзүп же уккан текстти туура, так жазып жатыгуу функцияларын бүтүндөй өзүнө камтыйт. Көрүп жазуу аркылуу жатыгуу, угуп жазып жатыгуу да көңүлдөн чыкпайт. Ал өтө татаал да,

жооопкерчиликтүү да процесс экендиги талашсыз. Бул жерде – бардык машыгуу иш-аракеттеринин натыйжасы – *жазып жатыгуу* болуп саналат. Ушундан улам – *жатыгып жазуу* түшүнүгү келип чыгары мыйзамченемдүү көрүнүш. Андай болсо, жатжазуу жаттаганын гана туура жазуу эмес, сөздү, сүйлөмдү, текстти эне тилдин эреже-нормаларына жараша туура жатыгып жазуу деген өзгөчө дидактикалык функцияны өзүнө камтыган, бүткүл жазуу иш-аракеттеринин функционалдык маанисин жалпылаган түшүнүктү билдирет. Андыктан, “жат жазуу” деген термин биз буга чейин түшүнүп келген тар маанисинен алда канча кеңири болгон, баланын сабаттуу жаза билүүсүнүн деңгээлин гана аныктабастан, эне тилиндеги кеп маданиятынын деңгээлин да түшүндүргөн жазуу иш-аракетин түшүндүрөт. Ошондуктан, “жат жазуу” деген терминди тактап, тууралап түшүнүп, практикада жаңыча мазмунда колдонуубуз пайдалуу гана болмокчу.

Терминдин маанисин дагы да тактоого аракет жасайлы. “Кыргыз тилинин омонимдер сөздүгүндө” (Фрунзе, 1986, 102-бет) ***жат*** деген сөздүн омоним катары маанилери берилген. Мисалы, 1. ***сын***, (*чужой, посторонний, чужак) бөтөн, чоочун, башка, өз эмес*; 2. ***сын***, (*память, наизусть) көңүлдө, эсте толук сакталган, унутулбаган, ойдон кеткис* – деген маанилери берилген. Демек, бир жагынан омонимдик маниге ээ, экинчи жагынан, энантиосемалык маниге ээ бул сөздүн 2-мааниси, канткенде да, көңүлгө бек сакталган, туура жазуу эрежелери толук эске алынган так жазууну билдирген, сабаттуулуктун жогорку үлгүсү болгон жана ага үйрөтүп-жатыктыруучу жазуу ишкердигин **жат жазуу** деп айтсак мыйзамченемдүү болмокчу. Термин – кыска, так, түшүнүктүү жана буга чейинки колдонулуп келген маанисин тереңдетип түшүнүү менен, ушул калыбында колдоно беришибиз жөндүү.

Жат жазуу иштеринин типтери жана түрлөрү

Ошол себептүү, жат жазуу дегенге келгенде, көпчүлүк мугалимдер текшерүү мүнөздөгү гана чейректик жазуу жумуштарын түшүнүшөт. Дээрлик бардык убактарда мугалимдер жат жазууну кең мааниде, жазуу ишкердүүлүгүнүн бир тиби экендигин эске алышпайт, т.а.:

- сөздүк;
- үйрөтүүчү;
- эскертмелүү;
- чыгармачыл;
- тандамалуу;
- эркин;

■ өздүк;

■ чейректик;

■ жылдык жыйынтыктоо мүнөзүндөгү жат жазуу жумуштарынын ар бири өз-өзүнчө дидактикалык максаттарына ылайык жүргүзүлөт. А жат жазуунун бул түрлөрүн, чындыгында, дидактикалык максаттарына жараша топторго бөлсөк, ал эки чоң топко бөлүнөр эле. Атап айтканда, биринчи тобуна калыптандыруучу, экинчи тобуна жыйынтыктоочу жат жазуу иштери кирет. Машыктыруучу жат жазуунун тобуна - сөздүк, эскертмелүү, тандамалуу, эркин, өздүк жана чыгармачыл мүнөздөгү иштер кирсе, ал эми жыйынтыктоочу жат жазууга аты айтып тургандай, чейректик, жылдык жыйынтыктоочу жат жазуу жумушу кирмекчи.

Ошентсе да, бул иштердин ар бири, өз алдынча алганда да, тобу менен алганда да, эне тилинде баланын сабаттуулугун калыптандыруучу да, текшерүүчү да дидактикалык функцияны бирдей камтыган иш-аракет экендигине күбө болобуз.

Төмөндө жатжазуу иштеринин ар бирине мүнөздөмө берүү менен аларды жүргүзүүнүн технологиялары туурасында сөз кылалы.

1) Калыптандыруучу жат жазуу жумуштары

1) **Үйрөтүүчү жат жазуу** ишин жүргүзүүдө мугалим, адегенде, текстти тактага жазып берет, же даяр текстти балдар окуп-таанышып чыгышат. Кайсы сөз, кайсы грамматикалык форма кандай жазыларын (айрыкча, жазылышы татаал сөздөр), кайсы учурда кандай тыныш белгиси коюларын, коюлуу себебин түшүндүрөт. Андан соң, тактадагы текст жабылып коюлат, же таратып берилген даяр текст алынып коюлат. Мындан кийин, мугалим текстти окуучуларга окуп берет. Текст окулуп бүткөндөн кийин, мугалим кайрадан тактадагы же даяр текст менен өзүлөрүнүн жазганын салыштырып, каталарын текшертет. Окуучулар мындай учурда өз каталарын өзүлөрү оңдоо менен, кандай мүнөздөгү катаны кайсы учурда кетиргенин, кандай сөздөрдү туура эмес жазарын аныктай алышат.

Үйрөтүүчү маанайдагы мындай жатжазуу иши, адегенде, текст тааныштырылбай деле жазылса болот да, андан соң, даяр текст балдарга таратылып берилет. А бул сыяктуу иш балдардын өзүн-өзү текшере билүү, өз катасын өзү жоё билүү мүмкүнчүлүгүн калыптандырары шексиз.

Өз катасын өзү оңдогон окуучунун жумушу мугалим үчүн да эң зарыл аныктоочу документ болуп калат, т.а. өз окуучусун өзү изилдеп үйрөнөт, мүмкүнчүлүгүнө баа берет. Айрым учурда, бул иш окуучунун психологиясына да зор таасир этет. Өз катасын өзү текшерип жана аны аныктоо менен, окуучу өзүнүн мүмкүнчүлүгүн мындан ары да өнүктүрүү,

ката кетирбөөнүн жолун издөө жолуна түшүүгө намысын ойготуусу да толук ыктымал.

Мындай иш окуучу менен мугалимдин ортосундагы кызматташтыктын педагогикасын табуунун да бир жолу болуп каларында шек жок. Анткени үйрөтүүчү жатжазуу ишине көпчүлүк учурда окуучулардын өзүлөрүнүн суроо-өтүнүчүнө жараша мугалим журналга баа койбой коюсу да мүмкүн. Мунун өзү бала менен мугалимдин ортосунда бирин-бири туура түшүнүү атмосферасын жаратуусу жана ишенимдерин бекемдөөсү толук мүмкүн.

2) **Сөздүк жат жазуу**, мында грамматикалык темага жараша, жаңы формалар жалганган, балдардын турмушунда активдүү колдонулуучу сөздөрдү туура жазууга машыктырууну көздөгөн иштер жүрөт.

3) **Эскертмелүү жат жазуу** иши мурунку жумуштан башкача аткарылат. Андагы айырмачылык - мугалимдин окуп берүүсүндө текстти жазуудан мурда окуучулар жазылышы кыйын айрым сөздөрдү, сөз айкаштарын жана сүйлөмдөрдүн орфографиялык-пунктуациялык жактан туура жазылышынын эрежелерин тактап сурап алышы эсептелинет. Же болбосо, окуучулар бири-биринен сурап, жакшы жазган окуучунун ишин көрүп, текшерип алышына уруксат берилет.

Мындай кырдаалдар, өзгөчө, орфоэпиялык-орфографиялык жактан айтылышы жана жазылышы эки түрдүү болгон, же йоттошкон тыбыштар катышкан жана орус тилинен кирген сөздөрдү, абзац, төл жана бөтөн сөздөрдү жазууда жана тыныш белгилерди коюу ж.б. учурларда болуусу толук ыктымал.

Бул иштин түрү да мугалим менен окуучунун ортосундагы кызматтыштыктын педагогикасын ишке ашырууга кызмат кылары шексиз.

4. **Чыгармачыл жат жазуу** иши да өзүнүн көптөгөн өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Мындай иштер кыргыз тили сабактарында дайыма иштелүүчү салттуу жазуу иштерден болуп саналат. Ошентсе да, ал атайын жат жазуу жумушунун бир түрү катары эмес, окуу китебинде берилген айрым көнүгүү тапшырмасынын талаптарына ылайык аткарылган кезектеги бир жумуш катары гана саналат. А жат жазуунун бул түрү окуучунун байланыштуу кеби менен сабаттуулугун бирдикте калыптандырууну көздөгөн өзүнүн максаттуулугу менен айырмаланбай койбостугу маалым.

Чындыгында, чыгармачыл бул жат жазуу жумушун жүргүзүүдө берилген “таяныч сөз жана сөз айкаштарынын негизинде окуучулар өз алдынча текст түзүшөт. Мугалим ишти баштоонун алдында окуучуларга, түзө турган тексттин мазмуну кандай болорун алдын ала түшүндүрөт” (“Сборник диктантов для начальных классов”, М., “Просвещение”, 1984, 4-бет). Мындай ишти текшерүүдө аткарылган иштин сабаттуулугу гана

көңүлгө алынбастан, окуучунун байланыштуу кеби, кеп маданиятынын, кеп адебинин деңгээли айрыкча бааланат.

5. Атайын жат жазуунун бир түрү катары эсептелбей, ошентсе да, күндөлүк практикада жыш колдонулуп келген жазуу жумушунун дагы бири бул – **тандоо жат жазуусу** болуп саналат. Мында негизги айырмачылык – окуучулар мугалимдин айтып берүүсүнүн негизинде текстти жазышат да, орфографиялык бир катар тапшырмаларды да аткаруу сунушталат. Мисалы, этиштин чактарын, сын атоочтун же сан атоочтун кайсы бир түрүн аныктоо, алдын сызуу ж.б.

Демек, мындай тандоо жат жазуу иши баланын сабаттуулугун да, грамматикалык-орфографиялык темалар боюнча машыгууларын да бирдикте комплекстүү текшерүүнү максат кылып койгону менен өзгөчөлөнөт. Ошондуктан, мындай ишти аткарууда убакытты үнөмдөө, ага жараша тексттин көлөмүн ылайыктап эсепке алуу негизги көңүлдүн борборунда болууга тийиш.

6. **Эркин жат жазуу** жумушу окуучунун чыгармачыл ишин арттырууну, байланыштуу кебин өстүрүүнү көздөгөнү менен мүнөздөлөт. Мында мугалим текстти адегенде бир ирет окуп берет да, андан соң, ар бир сүйлөмдү өз-өзүнчө окуп берип отурат. Окуучу уккан сүйлөмдөрүн ошол калыбында жазабы же өзгөртүп, өз алдынча башка сөз каражаттарын колдонуп жазабы? – окуучунун эркине коюлат.

Мугалим мындай жумушту баалоодо баланын ишке чыгармачыл мамиле жасаганын жана сөз каражаттарынын кептеги функциясын ыктуу колдоно билүү чеберчилигин эске алмакчы.

7. Окуучунун өз алдынчалуу ишин, эске тутуусунун деңгээлин, сөз каражаттарынын кептеги функциясын так колдоно билүүсүн дагы да текшерүү иретинде жүргүзүлө турган жатжазуунун негизги бир түрү - бул **өздүк жат жазуу** болуп саналат.

Өздүк жат жазуу жумушун аткаруу бүгүнкү күндө башталгыч мектептерде көңүлгө алынбай келатканын айта кетүү ашыктык кылбайт.

Өздүк жат жазуу ишин аткаруудан мурун мугалим окуучуларга айрым ырларды, тамсилдерди, жаңылмачтарды, чакан, чулу, монолог түрүндөгү көркөм тексттерди жаттоого берет. Окуучулар ал тексттерди жаттоо менен гана чектелбей, абзац, тыныш белгилеринин да туура коюлуусун көз жаздымда калтырбоого тийиш. Демек, окуучу мындай жат жазууну жазууда өзүнүн эсте тутуусунун да, сабаттуулугунун да деңгээлин өзү мугалимдин алдында ишенимдүү текшере алат.

Биз жогоруда даярдоочу мүнөздөгү жат жазуу жумуштарынын түрлөрүн, алардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн сөз кылдык. Сөзсүз, даярдоочу

иш-аракеттер акырында жыйынтыктоону талап кылат. Демек, андай болсо, эмики сөздү жыйынтыктоочу жат жазуу жумуштары тууралуу уланталы.

2) Жыйынтыктоочу жат жазуу

Жат жазуунун бул түрү кайсы бир главалар аяктаганда, ал боюнча балдардын теориялык билимин жана практикалык машыгууларын текшерип жыйынтыктоо жана чейректердин аягында, ошондой эле окуу жылынын акырында жыйынтыктоочу максатта жүргүзүлөт.

Көпчүлүк учурда, дээрлик бардык мугалимдер мындай ишти “текшерүүчү жат жазуу жумушу” деп аташат.

Ой туулат: чейректик жумуш гана текшерүү деп аталат да, окуучунун иши текшерилип, калган учурдагы атарылган жумуштар текшерилбейт бекен? А, текшерилбеген ишти аткаруунун кандай мааниси бар? Деги, эмне болсо да, ар нерсени өз аты менен атоо акыйкаттуу болот эмеспи.

Андай болсо, акылга келели да, текшерүү иши деп атаган чейректик ишти, жөн гана “чейректик жат жазуу иши” деп түшүнөлү.

Анткени, бул чейректик, жыйынтыктоочу жат жазуу иши, негизинен, чейрек же жыл боюнча өздөштүрүлгөн грамматикалык, лексикалык материалдарды окуучулардын өздөштүрүү жана аны практикада колдонуу деңгээлин байкоо, жыйынтыктоо максатын көздөйт.

Мындай жумушту жүргүзүү методикасы жалпыга маалым. Адатта, бул жумушту аткаруу алдында мугалим текстти жай, түшүнүктүү кылып, уккулуктуу үн менен окуп берүүсү, андан соң, ар бир сүйлөмдү кайтадан үч ирет, ар бир сөздү тамгалабай, муундап, же ар бирин өз-өзүнчө үзүп-үзүп эмес, сүйлөмдөгү ойдун мазмунуна жараша, сөз тизмектерин эске алуу менен сөздөп, же сөз айкаштап окуп, арасында дидактикалык тынымдарды жасап туруусу менен ишке ашырылат. Пунктуациялык белгилерди мугалим айтып бербейт. Мындай учурларды мугалим, ар бир сүйлөмдү жазып бүткөн соң тыным менен белгилейт, чекит белгиси коюлаарда гана “сүйлөм бүттү, жаңы сүйлөм” деп эскертип отурат.

Акырында, мугалимдин кайра бир ирет жай, көрктүү окуп берүүсү менен, окуучулар жазган текстин бир ирет көз жүгүртүп текшерип чыгат.

Эми айтылуучу маанилүү нерсе – жат жазууга сунушталган текст окуучунун лексикалык-грамматикалык мүнөздөгү билимин, орфографиялык-пунктуациялык сабаттуулугун гана текшерүүчү каражат катары эмес, алардын көз карашын, таанып-билүүсүн, таалим-тарбия алуусун калыптандырууну бирдикте эске түйгөн комплекстүү жазуу иши болууга тийиш. Ошондуктан, жатжазуу текстин түзүүдө, же мугалим окуучуларына жатжазуунун кайсы түрүн жаздырууга киришпесин, текст тандоодо окуучуга

коюлуучу бардык дидактикалык талаптар менен катар, фонетикалык-грамматикалык жана да тематикалык минимумдарды толук көңүлгө алуусу милдет.

Окуучунун жат жазуусун баалоо жана анын чен-өлчөмдөрү

Эмки маанилүү милдет бул – баланын жазган жат жазуу ишин туура баалоо болуп саналат.

Жат жазууну баалоо – атайын иштелип чыккан, көп жылдык практиканын сыноолорунан, түрдүү талдоолорунан өткөн критерийлердин негизинде ишке ашат.

Баалоо - беш балдык системага ылайык “5”, “4”, “3”, “2” жана “1” деген баалар менен бааланат. Алардын ар бири өз-өз денгээлине жараша “жүк көтөрөт” жана баланын сабаттуулугунун деңгээлин аныктап, журналга белгиленет.

Грамматикалык тапшырмалары бар тандоо түрүндөгү жат жазуу жумуштарын баалоо:

“5” деген баа - иш таза жазылып, грамматикалык тапшырмалары туура аткарылса, бирок одоно эмес бир орфографиялык же пунктуациялык ката жиберилсе коюлат;

“4” деген баа - иш таза жазылып, бирок грамматикалык тапшырмаларды аткарууда 2 орфографиялык-пунктуациялык ката кетирилсе коюлат;

“3” деген баа - иш, негизинен, таза жазылып, өзүнүн оңдоолору бар, ошону менен бирге, грамматикалык тапшырмалардан 2 жана орфографиялык-пунктуациялык 5 тен ашпаган ката кетирилсе коюлат;

“2” деген баа - иш булганыч аткарылып, ошого жараша грамматикалык тапшырмалардан жана орфографиялык-пунктуациялык жактан 8 ден ашык ката кетирилсе коюлат;

“1” деген баа - иш аткарылбай, жалпы 12 ден ашык ката кетирилсе коюлат.

Эскертүү: Айрым учурда, иш таза аткарылып, одоно эмес бир нече каталар кетирилсе, аларды топтоштуруп, 3 катаны 1 ката катары эсептөөгө башталгыч класстарда жол берилет.

Окуучулардын сабаттуулугун, байланыштуу кебин жана кеп маданиятын бирдикте текшерүүчү чыгармачыл, эркин, тандалмалуу жана өздүк жат жазуу жумуштарын баалоо:

“5” деген баа – эгерде окуучу уккан тексттин мазмунун туура, жеткиликтүү түшүнүп, же таяныч сөз жана сөз айкаштарын пайдаланып, өз алдынча кайра түзүүдө сөз каражаттарын орундуу колдонуп, кебин байланыштуу бере алса, стилдик 1 ката жана одоно эмес орфографиялык же пунктуациялык 1 ката кетирсе коюлат;

“4” деген баа – сөз каражаттарын орундуу колдонбой, стилдик 2 ката кетирип, 2-3 орфографиялык же 3-4 пунктуациялык каталары бар ишке коюлат;

“3” деген баа – ишке өз алдынча чыгармачыл мамилеси болбогон, сөздү орундуу колдонбой, 3-4 стилдик, 6-7 орфографиялык же 6-9 пунктуациялык ката кетирсе коюлат;

“2” деген баа – өз алдынча эч кандай иш аткарбаса, стилдик жактан сабатсыз болсо, текст курууда ички логика сакталбаса, 8 ден ашык орфографиялык же 10 дон ашык пунктуациялык ката болсо коюлат;

“1” деген баа – жогорудагы критерийлерден ашык каталары болгон ишке коюлат.

Чейректик, жылдык жыйынтыктоочу жат жазууга баа коюу өлчөмү.

“5” деген баа – иш таза жазылып, өзүнүн бир оңдоосу болсо, одоно эмес 1 орфографиялык, же 1 пунктуациялык катасы болсо коюлат;

“4” деген баа – иш таза жазылып, бирок, 2 ден ашпаган орфорграфиялык же 3 төн ашпаган пунктуациялык (2 орфографиялык + 1 пунктуациялык) ката болсо коюлат;

“3” деген баа – каллиграфиясы анча дурус эмес, 5-6 орфографиялык жана пунктуациялык катасы бар ишке коюлат;

“2” жана “1” деген баа – жогорулардан алда канча көп каталары бар ишке коюлат.

Эркин, чыгармачыл жат жазууларда кетирилген каталардын типтери, түрлөрү жана алардын мүнөздөмөсү

Негизинен, каталардын жалпы типтери төмөндөгүчө мүнөздөлөт:

1) орфографиялык катарлар;
2) пунктуациялык каталар;
3) стилдик каталар.

Булардын ар бирин өз алдынча мүнөздөөгө жана окуу материалдарынын табиятына жараша түрлөргө бөлүүгө болот.

а) Орфографиялык каталар

Катанын бул тибине төмөндөгүлөрдү кошууга болот:

- **фонетканын объектисине кирген** кыска жана созулма үндүүлөрдү, жумшак жана каткалаң үнсүздөрдү, дублет тыбыштарды, йоттошкон жана тыбышсыз тамгаларды, сингармонизм мыйзамын туура сактабай, орус тилинен кирген тамгаларды, аталышы жана жазылышы түрдүү болгон сөздөрдү, баш жана кичине тамгаларды туура эмес жазуу;

- **лексиканын объектисине кирген** архаизм, неологизм, диалектизм сөздөрүн, кесиптик сөздөрдү, бириккен жана кыскартылган сөздөрдү, татаал сөздөрдүн түрлөрүн, т.а. кош, кошмок жана бириккен сөздөрдү ж.б. жазууда кетирилген каталар;

- **морфологиянын объектисине кирген** уңгу-мүчөнү ажыратууда, куранды, уланды, жак, чак мүчөлөрдү жазууда, сөз түркүмдөрүнүн жасалыш шарттары туура өздөштүрүлбөгөн учурларда, энчилүү жана жалпы аттарды жазууда сөздөрдү ташымалдоодо кетирилген каталар;

- **синтаксистин объектисине кирген** сөз айкаштарды туура ажыратуудан, жөнөкөй, татаал, жалаң, жайылма, бир составдуу сүйлөмдөрдү туура эмес куруудан, бир өңчөй мүчө жана жалпылагыч сөздөрдү туура эмес, өз орду, маанисине жараша түзүүдө өзгөчө, чыгармачыл жатжазууларда кетирилген каталар.

б) Пунктуациялык каталар

- жай, суроолуу, буйрук жана илептүү сүйлөмдөргө коюлуучу тыныш белгилерден;

- татаал сүйлөмдөрдү ажыратуучу тынымды белгилөөчү тыныш белгилерден;

- сүйлөм ичиндеги каратма сөздү, киринди, модаль, сырдык сөдөрдү ажыратып белгилөөдө коюлуучу тыныш белгилерден;

- төл, бөтөн жана тике сөздөрдү жазууда коюлуучу белгилерден;

- бир өңчөй мүчөлөр менен жалпылагыч сөздөрдү жазуудагы белгилерден кетирилген каталар эсептелинет.

в) Стилдик каталар.

Көпчүлүк убакта окуучулардын дил баяндарын (сочинение), баяндамаларын (изложение) жана чыгармачыл жат жазууларын, өз алдынча

түзгөн сүйлөмдөрүн, тексттерин баалоодо орфографиялык жана пунктуациялык каталардан тышкары кетирилген каталарды, жалпы жонунан эле, “стилдик каталар” деп белгилешип жүрөт. Стилдик деп аталган каталардын мүнөздүү белгилери, тактап айтканда, алар кеп продуктусу болгон текст түзүүдө жана сүйлөм түзүүдө:

- айтылган ойдун тематикасына жараша сөздүн орундуу тандалышынан жана колдонулушунан;

- эне тилинде ойду так айтуудан жана эне тилинде таза, так берүүдөн;

- сүйлөмдө ойдун логикалуу, ырааттуу берилишинен;

- сөз каражаттарынын орундуу жана орунсуз кайталанган учурларынан;

- тарыхый жана документалдык фактылардын туура, так берилишинен;

- синоним сөздөрүнүн туура тандалып алынышынан;

- ойдун көркүү баяндалышынан;

- иш кагаздарын өз стили боюнча түзүүдөн;

- фразеологизм сөздөрүнүн орундуу, туура колдонулушунан;

- терминдерди туура, өз орду менен билип пайдалануудан ж.б. кетирилген каталар болуп саналат.

Мугалим окуучулардын ишин текшерүүдө буларды туура баамдап жана баалоосу кажет. Окуучулардын кетирген каталарын өз убагында, окуучунун көз алдында белгилөө, өз катасын өзү таба билүүгө жана аны жое билүүгө машыктыруу зарыл. Мунун өзү каталарды андан кийин да өнөкөт түрүндө кетирүүнүн алдын алууга шарт түзөт.

Мындай каталарды кетирбөө үчүн алдын ала аткарылуучу иштердин бири катары – төмөндөгү ыкманы мугалим ырааттуу пайдалана билүүсү зарыл. Ал **сабаттуулуктун мониторинги** болмокчу жана анда, каталардын эсеби чейрек сайын, окуу жылы боюнча ырааттуу эсепке алынып, окуучулардын көз алдында жарыя айтылып туруусу пайда гана бермекчи.

Мисалы, үлгү иретинде бир окуучунун чейрек ичинде жазган түрдүү жат жазууларында кетирилген каталарынын картасын келтирели:

№	Каталардын мүнөзү	Чейректер				Жыл бою
		I	II	III	IV	
1	Орфографиялык каталар					

	- кыска жана созулма үндүүлөрдөн; - жумшак жана каткалаң үнсүздөрдөн; - йоттошкон тамгалардан; - татаал сөздөрдү жазуудан; - энчилүү аттарды жазуудан; - сөздөрдү ташымалдоодон					
2	Пунктуациялык каталар: - суроолуу, илептүү сүйлөмдүн тыныш белгилеринен; - татаал сөздөрдөгү тыныш белгилерден; - төл жана бөтөн сөздөрдөн; - бир өңчөй мүчөлөрдө коюлуучу белгилерден; - каратма, модаль, сырдык сөздөрдөн					
3	Стилдик каталар: - сөздүн орундуу колдонулушунан; - кыргызча таза жазуудан; - ойду так, туура айтуудан, - фактылардан, - ойдун логикалуу берилишинен; - кеп адебинен; - кептин байлыгынан; - ойдун көрктүүлүгүнөн ж.б.					

Окуучунун мындай мүнөздүү каталарынын мониторингин дайыма ушинтип түзүп отуруу өтө түйшүктүү иш. Ошондуктан каталардын мындай эсебин алууну ар бир окуучунун өзүнө да тапшыруу, жыл аягында жыйынтык чыгарып, анын сабаттуулугун акыйкат баалап отуруу мугалимдин өз ишин илимий уюштуруунун негизги белгилеринен болор эле демекчибиз.

Дегинкиси, жат жазуу, анын түрлөрү, дидактикалык көлөмү, текст тандоонун, баланын сабаттуулугун баалоонун критерийлери, каталарды типтештирүү жана балдардын каталарынын алдын алып иш жүргүзүү атайын илимий-изилдөөнүн темасы экендиги талашсыз. Ошентсе да, учурдагы практикага таянып, келечектеги илимий-изилдөөлөргө жем таштап туралы.

1-класста “Алиппе” мезгилинде

тамганы туура жазуу менен баланын орфографиялык сабаттуулугун арттыруунун байланыштуулугу

Тамганы туура жазууга үйрөтүү менен катар эле, балдардын орфографиялык сабаттуулугун жарыш жүргүзүп отуру эң маанилүү. Мугалим баланын тамганы элементи менен туура жазуусуна гана көңүл коюп, а алар менен муун курап сөз түзүүгө жана орфографиялык жактан туура жазууга маани бербей коюусу тийиш эмес. Демек, тамганы графикалык жактан туура жазууга үйрөтүү менен бирге, балдардын орфографикалык сабаттуулугун жарыш жүргүзүүнү өзүнчө метод катары (окууну жазуу менен бирдикте жүргүзүү сыяктуу) активдүү колдонсок пайда гана берет.

Мында мугалим текшерүүнү өзү гана жүргүзүп, текшерүүнүн мүмкүнчүлүгүн балдарга бербей, аларды туура эмес калыптандырууга акысы жок. Бала өзүн-өзү байкоо, текшерүү жана баалоо менен гана өсүп отурарын унутпайлы. Ошон үчүн, тамганы туура тартып жазуу менен орфографиялык жактан сабаттуу жазуусун баланын өзүн-өзү текшерүүсүн (үлгүгө жараша) уюштуруу эң сонун болмок.

Баланын тамга тыбыштык талдоо жүргүзүүсүнө, алардын туура элементи менен жазуусуна жана орфографиялык сабаттуулугуна кайсы убакта бирдей үлгүрүп, жетише алабыз? Же болбосо ушул иштердин комплекстин балдар качан өзүлөрү жетишип аткара алышат?

Бул жумуш атайын көңүл коюп аткаруунун талап кылат. Ал балдардын тактадан көчүрүп жазуу же айтканды шашып жазуу ж.б. учурларда өзлөрүн контроль жүргүзө албай калышат да, тамга элементтерин туура сактабай, ката кетирбөөгө гана аракет жасап калышат. А андай учурда балдарга төмөндөгү эки нерсени:

1. тапшырманы өз убагында аткара билүүнү;
2. анын тууралыгын өзү текшере алууну бирге жүргүзүүнү үйрөтүү зарыл. Ал үчүн балада кеп ишкердүүлүгүн тажрыйбасын арттыруу керек. Ошондо:

–графикалык жаңылыштыктар;

–орфографикалык каталар;

–тамгалардын жалгашуусундагы туура эместиктер жоюлат;

–сулуу, так жазуу ишке ашат.

1-класста жазуу ылдамдыгына көп көңүл коюуга жарабайт, андан көрөкчө, баланын өзүн-өзү ишенип жазуусуна жетиштирүү кажет (Л.Я.Желтовская, Е.Н.Локолова). Ошол эле учурда жазуунун ылдамдыгы жана жазуунун сапаты эки башка маселе экендигин байкообуз керек. Эгер бир жазуунун ылдамдыгын 1-класста эле байкай турган болсок, анда сөзсүз жазуунун сапаты, тамга элементи жана баланын орфографиялык сабаттуулугун унуткан болобуз. Демек, жазуу сабаттуулугу жазуунун ылдамдыгына тикеден-тике байланыштуу болот.

Жазуу сабаттуулугуна үйрөтүүдө жазуу ылдамдыгы эле эмес, жазуу узактыгы да эске алышыны керек. Балдар тез жана узак жазуу учурунда бат чарчашат, аны үчүн аларды эс алдырып туруу натыйжа берет.

А жазуу узактыгы: 1 кл. 5 мүнөт, 2 кл. 8 мүнөт, 3 кл. 12 мүнөт, 4 кл. 15 мүнөттө гана созулуусу талапка ылайык. Жазуу ишинен кийин 2-5 мүнөт колду, денени, көздү эс алдырып туруу зарыл.

«Алиппе» мезгилинде жазууга үйрөтүүнүн методдору

К.Д.Ушинский эне тилин баштооч этапта окутуудаа окуу менен жазуунун бирдикте жүргүзүү принцибин сунуш кылган. Демек, бул жазууга үйрөтүү менен окуу, ошондой эле окууга үйрөтүү менен жазуу окуулушу бирге аткарылат дегенди билдирет.

Мунун өзү жазуу менен окууга аң сезимдүү мамиле жасоо процессинде ишке ашары белгилүү болот. Ошону менен бирге, бардык тамганы оозеки таныганы соң, анан бала жазууга киришүү керек деген сыяктуу ойлонулбаган иш-аракет туура эмес экендиги ушуну менен түшүндүрүлөт.

Жазуу үйрөтүү иши өз алдынча эле жүргүзүлө берер жумуш эмес. Ал бир катар иштерди көңүлгө алууну көздөйт. Тактап айтсак, а дегенде, балдардын коллиграфиясын тамганын графикалык белгисине жараша калыптандыруу көңүлдүн борборунда болуу менен (педагогикалык жагы) алардын курактык психологиялык өзгөчөлүктөрү да эсепке алынат. Ошондой эле, баланын ден-соолугуна терс таасирин тийгизүүчү айрым жагдайлардын алдын алуу (гигеникалык талаптар) да жана физикалык өзгөчөлүктөрүн унутпоо да зарыл. Демек, мындай комплекстүү талаптарды көңүлгө албай туруп, жазуу ишин талаптагыдай жүргүзүүгө болбой тургандыгы далилденген.

Жазууга үйрөтүүдө төмөндөгүдөй методдорду жетекчиликке

алабыз:

1) **Копировкалоо методу.** Мугалимдин даяр модель кылып берген жазуу үлгүлөрүн окуучу механикалык кайталоо менен чектелет, аң сезимдүүлүк жок. Муну окумуштуулар И.Е.Евнев, Ф.В.Грековдор сынга алган. Бирок аны балдардын эрте курактагы учурунда өз алдынча колун көндүрүүгө сунуш кылуу максаттуу экендигин методисттер Д.А. Писоревский, Н.И.Боголюбовдор туура белгилешкен. Ал баланын туура почеркин калыптандырууда керек экендигин Д.А. Писаровский колдоп чыккан.

2) **Сызыктуу (линейный) метод**-тамганын жазылыш, тартылган аралыктары, элементтери туура сакталган графикалык сетка аркылуу жазуу. Бул 1857-жылдан баштап Германияда колдонула баштаган. Бирок, Россияда четке кагылган. Ал ыкманы художниктер пайдаланылышкан. Бул сетка тамгалар жазылууга ылайыкталган, кыйгач тартылган сызыктары бар тамганын бийиктиги, чоңдугу аныкталган каражат болуп саналат. Бирок, бул ыкма дептер түрүндө пайдаланылып келип, кийин гана Е.В. Гурьяков, Ф.Г.Голованов, Е.Н.Соколовалар тарабынан алынып азыркы жол сызыктуу дептер сунуш кылынган.

3) **Генетикалык ыкма –** жазылышы жөнөкөй тамгадан – жазылышы татаал тамгаларды жазууга карай багытталуу, т.а. жазууну оңой тамгалардан тандап үйрөтүүнү көздөйт.

Суроо туулат:

а) Жазуунун алфавит тартиби боюнча жүргүзүү ылайыктуубу?

б) же жөнөкөй тамгадан баштап жазуу пайдалуубу?

в) мүмкүн сөз түзүү, кептеги колдонулуу жыштыгына жараша жазууга үйрөтүү пайдалуудур? Бул өзүнчө татаал проблема боюнча калууда.

4) **Ритмикалык ыкма**-жазууга үйрөнүүдө балдардын тез, таза, туура так жазуусун текшерүү жана ага калыптандыруу үчүн мелдештирүү максатында жазууга үйротүү. Ал үчүн атайын көнүгүүлөр аткарылат:

а) колду туура алуу,

б)калемди туура кармоо,

в)тамганы туура куроо,

аралыгын так, туура сактоо.

Булар көңүлгө алуучу эң зарыл талаптар болуп саналат. Демек, бул ыкмалардын бардыгынын айрым алгылыктуу жактары бар. Ушул гана туура деген эч бир ыкма болбойт.

Жат жазуу ишин жүргүзүү

Жат жазуу ишин жүргүзүүдө, биринчиден, мугалим окуучуларга эмки сабакта жат жазуу иши жүргүзүлөрүн күн мурунтан кабардар кылуусу тийиш. Анткени, окуучулар бул ишке, адегенде психологиялык жактан даяр болуусу шарт. Ошону менен бирге, окуучулар буга чейин өтүлгөн грамматикалык эрежелерди эске түшүрүп, грамматикалык эрежелерди, сөздөргө уланган формаларды, жазылышы татаал айрым сөздөрдүн жазылыш эрежелерин кайталашат. Мындай алдын ала аткарылган даярдоо жумуштары иштин натыйжалуулугуна жол ачмакчы.

Экинчиден, окуучуларга жат жазуу иши өтө жоопкерчиликтүү иш катары сезилиши зарыл. Себеби, окуучулар мындай жазуу ишинде өзүлөрүнүн буга чейинки алган теориялык билимин, практикалык машыгууларынын деңгээлин, байланыштуу кебинин, кеп маданиятынын, кеп адебинин абалын аныкташат, кол жазмасынын сулуулугун да сыноого алышат.

Үчүнчүдөн, мугалим жат жазууга сунуш кылынар текстин да күн мурунтан даярдап алуусу керек. Сабактын планын түзүүдө жат жазуунун түрүн да аныктап, аны жаздыруунун жол жоболорун так эсепке алуусу керек. Ошондо гана мугалим жат жазуу жумушун талаптагыдай жүзөгө ашыра алмакчы.

Жат жазуу жумушу кантип жүргүзүлөт?

Адегенде, мугалим окуучунун кагаз, калемин даярдап, дарегин жаздырган соң, жат жазуунун аталышын (темасын) тактага даана жазып коет. Андан соң, текстти окуучуларга үн чыгарып, токтоо, көрктүү, уккулуктуу үн менен окуп берет. Даярдоо мүнөзүндөгү жат жазуу жумуштарында анын түрүнө жараша иш алып барат. (Алар тууралуу жогоруда айтылган).

Бул учурдагы мугалимдин сөзү болжол менен төмөндөгүдөй болмокчу:

“Балдар, тексттин атын (темасын) дептериңерге жазгыла... Жаздыңарбы? Эмесе, тексттин өзүн жазууга киришебиз. Көңүл коюп, ойлонуп уккула. Мен бир сүйлөмдү окуйм. Анан жаза баштайбыз...”

Мугалимдин ушу мүнөзүндөгү кириш сөзүнөн кийин жатжазуу жумушу башталат.

Көпчүлүк мугалимдер окуучуларды шаштырбас үчүн жана түшүнүктүү болсун деп ойлоп, жат жазуу жумушун жүргүзүүнү өтө кунарсыз ишке айлантышат. Айрым учурда татаал сөздөрдү тамгалап, кээде дээрлик сөздөп айтып беришет. Бул методикалык жактан эң эле жаңылыштык болуп саналат.

Жат жазууну эч качан тамгалап айтып жаздырууга болбойт. Айрыкча, ортоңку жана жогорку класстарда мынтип жаздырууга болбойт.

Окуучу жазып жаткан тексттеги ар бир сүйлөмдө эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгын билсин үчүн, бир сүйлөмдү толук окуп берет. Ошол сүйлөмдө башталган ойдун учугун окуучу кийинки сүйлөмдөн “жоготуп койбос” үчүн, ар бир сөздү жалаң эле муундап-сөздөп, же сөздөп айтып берүү да туура эмес. Мындан кутулуунун негизги жолу – айрым зарыл учурду гана муундап-сөздөп, сөздөп жана сөз айкаштап айтып берүү менен бирдикте ишке ашыруу керек.

Ошондо гана окуучу:

1) текстти жазып жатып, анын мазмунун да түшүнө алат;
2) сүйлөмдүн мазмунун түшүнүү менен гана аны интонациялык, стилистикалык жактан туура жаза алат;
3) сөздөрдү орфографиялык эрежелерге ылайык туура жазат.

Экинчиден, жалаң гана сөздөп айтып жаздыруу, жогоруду айткандай, балдарга тексттин мазмунун түшүнүп жазуудан алагды кылат. Ошондуктан, окуучуларга төмөндөгүдөй тартипте ар бир сүйлөмдү окуп бергендеги кеткен убакытты жана сөз арасындыгы аралыкты көңүлгө алуучу дидактикалык тынымды колдонуу, **муундап-сөздөп** жана **муундап-сөздөп-сөз айкаштап**, андан соң, ырааттуу түрдө сүйлөмдөгү ойдун мазмунуна жараша **сөздөп-сөз айкаштап** айтып жаздыруу жолу гана туура болмокчу.

Жат жазуу жаздыруунун үлгүсү

Мугалимдин сөзү: Окуучулар, мен бир сүйлөмдү окуп берем. *Аңыздырда учуп-конуп каргалар жүрүшөт*. Сүйлөм бүттү. Эми жаза баштайлы. *А-ңыз-дар-да... у-чуп-ко-нуп... кар-га-лар... жүрүш*өт (Мында сөздөр муундап, сөздөп айтылды. Сөз арасындагы чекиттер – дидактикалык тынымды билдирди). Жетиштиңерби? Мен кайталап окуйм. Сүйлөмдүн кыраатына (интонациясына) көңүл койгула. Аңыздарда учуп-конуп каргалар жүрүшөт. Текшердиңерби? Эми жаңы сүйлөм... ж.б.

Мугалим эч качан: чекит, үтүр, илеп белгиси, же суроо белгиси – деп интонациялык белгилерди айтпайт.

Алардын ордуна: Сүйлөм бүттү. Жаңы сүйлөм. Энчилүү ат. Суроо иретинде айтылдыбы, кандай белги коюлат? Чакырык түрүндө, күчтүү сезим менен айтылдыбы? Кандай белги коюлат? Кайталап окуйм, жакшылап ойлонуп, уккула! – деген сыяктуу стимулдоочу, окуучулардын оң эмоциясын жаратар, ой жүгүртүп иш аткара турган мүнөздө мамиле жасоочу иш-аракеттердин тарбиялык таасири күчтүү болмокчу. Анткени, мугалимдин мындай мүнөздөгү методикалык талабы да окуучуларды туура көндүмдөргө калыптандырары шексиз.

Эскерте кетүүчү нерсе: Сүйлөм сөздөрдөн гана эмес сөз айкаштарынан түзүлөт, тактап айтканда, сүйлөмдү грамматикалык бөлүктөргө ажыратканда, ал сөздөргө эмес, сөз айкаштарына ажыратылып талданат.

Мисал келтирели: Ар кандай ойлорду ойлоп, кой четинде олтурам. Бул сүйлөм төмөндөгүдөй сөз айкаштарына ажырайт. Ажыратуу сүйлөмдүн мазмунуна жараша ички маанилик-логикалык, ыргактык табиятына жараша ишке ашырылат, т.а:

1) Ар кандай (ыктышуу байланышы);
2) ойлорду ойлоп (башкаруу байланашы)
3) кой четинде (таандык байланышы
4) олтурам

Демек, сүйлөмдөгү сөздөр мына ушундай логикалык-маанилик байланышына жараша топторго бөлүнөт. Жат жазуу учурунда ушул тартип сөзсүз эске алынат. Андай болсо, бул сүйлөм жатжазуу учурунда мындайча окулууга тийиш: Мисалы. Ар кандай ой-лор-ду ой-лоп кой четинде олтурам. Сүйлөм бүттү. Текшергиле. Кайталайм... Жетиштиңерби? Жаңы сүйлөм ж.б.

Жазуу жумушунун аягында, текст жазылып бүткөн соң, мугалим аны дагы бир ирет шашпай, угумдуу үн менен көрктүү окуп берет. Окуучулар мугалимдин сөзүн ээрчип, өзүнүн жазганына көз жүгүртүп карап чыгышат. Андан кийин, окуучулар 2-3 мүнөт өз алдынча дагы бир ирет текшерип чыгат да, иш жыйналып алынат, же болбосо, башка чыгармачыл мүнөздөгү иштер аткарылат, грамматикалык тапшырмалар жана түрдүү талдоолор жүргүзүлөт.

Жазуу жумуштарына коюлуучу талаптар

Окуучунун жазуу жумуштарын баалоо, кандай татаал болсо, аны уюштуруу жана башкаруу иши андан бетер татаал педагогикалык процесс

болуп саналат. Ал эми жат жазуу жумушун уюштуруу, анын педагогикалык-гигиеналык талаптарын так эске алуу андан татаал.

Атап айтканда, балдардын курактык өзгөчөлүгүнө (классына) жараша дептерди жана калемсапты туура тандоо жана туура кармоого, партада денени түз, башты, колду жана бутту туура кармап, көз менен кагаздын аралыгын туура сактап отурууга үйрөтүү дененин келбеттүүлүгүн сактоодо ролу зор экендигин түшүндүрүүнүн педагогикалык, социалдык, гигиеналык маанисин танууга болбойт.

Муну менен бирге, жазуу жумушун натыйжалуу жүргүзүүгө төмөндөгү шарттар таасир этерин да эске алуу зарыл:

1) *Жазуу жумушу окуу жылынын кайсы чейрегинде өткөрүлүп жатканын көңүлгө алуу керек*. Анткени, окуу жылынын башында окуучулар жайкы узак каникулдан келип, окуу ишкердигине көнүү бат эле ийгиликтүү болуп кете албайт.

Москва, Суздаль ж.б. аймактарында жүргүзүлгөн физиологиялык-гигиеналык эксперименталдык изилдөөлөрдө Москванын окумуштуулары окуучулар III, IV окуу чейрегинде жакшы ийгиликтерге жетишерин далилдешкени бекеринен эмес (китепте: “Нормализация учебной нагрузки школьников”, М., “Педагогика”, 1988).

2) *Жазуу жумушунун ийгиликтүү болуусун алдын алууда мугалим аны жуманын кайсы бир ыңгайлуу күнүндө өткөрүүсүн тандап алуу да кажет*. Анткени, ойноок балдар дүйшөмбү күндөрү сабакка анча көңүл койбой, өз ийгилигин камсыз кылууда өз мүмкүнчүлүгүнө маани бербей коюсу да ыктымал. Жуманын акыркы күндөрүндө болсо, чарчап-чаалыгуунун натыйжасында балдар жакшы натыйжага жетпей калуусу да толук мүмкүн.

3) *Жазуудагы тамгалардын өлчөмүн эске алуу да окуучулардын туура жазуусун камсыз кылат*. Баш жана кичине тамгаларды элементи менен туура жазуу эң негизги милдеттерден, т.а. жогорку класстарда окуучулар жол сызыктуу дептерге жазышкандыктан, кичине тамгалардын өлчөмү 3, баш тамгалардыкы 7 мм болуусун. Ошондой эле, тамгалар солдон оңду көздөй 60-65% жантайыңкы жазылышын *көңүлүнө түйүп алуусу да ашыкча болбойт.*

Жазуу маданияты деген эмне же аны жат жазуу учурунда кандайча эске алууга болот?

Жат жазуу жүргүзүүдө мугалим окуучунун жазуу сабаттуулугун баалоонун кандай зарыл экендигин эсепке алган болсо, жазуу маданияты да ошондой эле эң керектүү түшүнүк экендигин унутпоосу керек. Анын үстүнө, жазууга коюлуучу бардык талаптардын жыйындысы – **жазуу маданияты** болорун эстен чыгарбоо зарыл. Ошондой эле жазуу маданияты адамдын жалпы маданиятынын маанилүү бир бөлүгү болот десек жаңылыштык болбос. Бүгүнкү күндө эне тилин окутууда тил маданияты жана кеп маданияты деген терминдерди кеңири колдонобуз. А жазуу маданияты деген түшүнүктү анчейин баалабай, ал тургай, такыр эле пайдаланбай келебиз.

Эгер жазуу маданияты жазууга коюлган бардык фонеткалык, орфографиялык, пунктуациялык жана стилдик талаптардын синтези (жыйындысы) болсо, анда ал өзүнө мүнөздүү компоненттерден турат деген жыйынтык чыгарууга болот. Ошону менен бирге, методисттер окуучунун таза жазуусу жазуу сапатынын гана эмес, анын сабаттуулугунун да өзөгү катары караганы жөндүү. Анткени окуучунун жатжазуу жумушун баалоодо тамгалардын өз элементи менен бири-бири менен туура жалганып, таза, “шурудай тизилип” жазылышы да эске алынбай койбойт.

Мындан, жазуу маданияты төмөндөгүдөй талаптарды алдына коёт:

- жазуунун тазалыгы, кооздугу, сулуулугу;
- тамга элементтеринин туура сакталышы;
- тамгалардын бири-бири менен туура жалганып уланышы;
- тамгалардын бир ык менен жантайыңкы, жумуру тартылып, бирдей чоңдукта, аралыктары иреттүү орун алышы;
- фонетикалык, грамматикалык, пунктуациялык жана стилдик каталардын кетирилбегендиги;
- тексттин ички тематикалык-композициялык табиятына жараша абзацтарды туура сактоо;
- текстке ат коюуда анын ички мазмунуна дал келиши.

Эскертүү: Буларга окуучунун даана, жакшы жуга турган, бир түрдөгү калемсапты колдонуусу да жазуунун сапаттуулугуна сөзсүз таасир этпей койбостугун кошумчалоого болот.

Жогоруда айтылгандай, тамга элементтеринин туура сакталышы эң эле зарыл маселелерден экендигин мугалим өзгөчө эске алуусу зарыл. Анткени, окуучу кээде айрым, мисалы, **д, ж, з, н, п, р, т, х, ы,** ж.б. тамгаларын элементи менен жазбай, өзүнүн туура эмес адат болуп калаган “өздүк

орфографиялык эрежелеринин” чегинен чыкпаган учурлар көп учурайт. Мугалим буларды алгач ирет окуучуга эскертүү иретинде айтуусу керек, эгер **кайра-кайра кайталай берген болсо, аларды ката катары эсепке алса болот**. Бул иштер окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууга жасаган аракеттеринин дагы бири болуп калмакчы.

Жазылган иштин тазалыгын сактабай окуучу өзүнүн кетирген каталарын ыгы жок эле оңдой берүү адатын тыюуну да эске алуу керек. Анткени, кээде мындай фактылар окуучунун пайдасына чечилип, катага эсептелинбей жүрө берет да, жазуу маданиятынын сапатынын төмөндүгүн билдирет.

Ошондой эле мугалим окуучулардын жазуу маданиятын калыптандырууда, бири-биринин ишине баа берүүгө да, элдик тарбия салттарына жараша бири-биринин мисалында тарбиялоого да көңүл бөлүүсү, мыкты жазылган иштердин класстык көрсөтмөлөрүн уюштуруусу, аларды үлгү катары пайдалануусу максатка ылайык келет.

Жат жазуу иштери үчүн топтолгон тексттердин көлөмү

Колдонмону даярдоодо жана тексттер топтомун түзүүдө окуу кыргыз тилинде жүргүзүлүүчү орто мектептердин, гимназиялардын жана лицейлердин 5–11-класстары үчүн «Кыргыз тилинин программасында» (түзүүчүлөр: А. Сапарбаев, Б. Өмүралиев, В.Мусаева ж. б., илимий редактор – профессор С.Рысбаев, – Бишкек, 2015, 63-б.) белгиленген текшерүүчү жат жазуулар үчүн белгиленген тексттердин көлөмү тууралуу көрсөтмөлөр жетекчиликке алынды.

Тактап айтканда, тексттердин көлөмү класстар боюнча төмөндөгүдөй белгиленди:

*1-класска – **20-30 сөз***
*2-класска – **30-50 сөз***
*3-класска – **50-70 сөз***
*4-класска – **70-90 сөз***
5-класс – 90–100 сөз;
6-класс – 100–110 сөз;
7-класс – 110–120 сөз;
8-класс – 120–150 сөз;
9-класс – 150–170 сөз;
10-класс – 170–190 сөз;
11-класс – 190–210 сөз.

Жыйынтыктап айтканда, «катасыз жазуу – сабаттуулуктун белгиси, сабаттуулук элдин билимдүүлүгүнүн күзгүсү» экендигин эске алсак, анда мугалим мектеп окуучусун орфографиялык эрежеге жараша туура, сулуу жана таза жазууга үйрөтүү аркылуу кыргыз тилинин турмушта колдонулушуна, өнүгүшүнө жана ырааттуу жолго салынышына чоң салым кошкон болор эле.

Эмесе, бул айтылгандарга тексттер топтому кошулуп, алдыңыздарга сунулуп олтурат. Ал тексттер окуучулардын лексикалык - грамматикалык гана сабаттууулугун текшерүүнү максат кылбастан, эл-жерди таанытуу, дүйнө таанымын кеңейтүү, адеп-ахлактык сезим-туюмдарын байытуу максатын да көздөп, мазмуну бай, тематикасы ар тараптуу түзүлдү. Анан да, мугалимдер тексттерди жат жазуу жүргүзүүнүн максактына ылайык колдонордо анын максат-милдеттерине жана түрлөрүнө жараша тексттерди өз алдыларынча тандап алууга эркиндик да берилди.

Экинчи бөлүм

БАЯНДАМА, АНЫН ТИПТЕРИ ЖАНА БАЯНДАМА ЖАЗУУ ЖОЛДОРУ

Баяндама деген эмне жана анын максаты кандай?

Мектеп практикасында жүргүзүлүүчү жазуу жумуштарынын ичинде жат жазуу жумуштарынан кийин эле көбүрөөк жазылуучу түрү – бул баяндамаболуп саналат. Анын мындай мааниси – окуучуларды дил баян жазууга машыктыруучу каражат экендигинен улам айрыкча экендиги талашсыз. Бирок анын мындай ролу анча байкалбай, программанын талаптарына жараша гана аткарылуучу иш сыңары көрүнгөнү – мектеп мугалимдеринин көпчүлүгү баяндаманын максат-милдеттерин анча баалабагандыгынан болуп келаткан сыяктанат.

Баяндама балдардын жаш курак өзгөчөлүгүнө, ал гана эмес, тил сабагы менен адабият сабактарынын баланын кебин өстүрүүдөгү бирдей максаттарына жараша аткарыла турган иш формасы катары да бааланат. Анткени балдар тил сабагынан тилдик каражаттарды жазуу жана оозеки кебинде туура, так, таза жана логикалуу пайдалана билүүгө үйрөткөн болсо, адабият сабагы болсо, окуяны логикалык түрдө уланмалуулукта баяндай алуу, көрүнүштү образдуу бере билүү, адамдын ички дүйнөсүн ача билүү сыяктуу иш-аракеттерди аткарууга машыктырса, мына ошол экөөнү эми органикалык түрдө байланышта ишке ашыруу – дал ушул баяндама жазуу ишине жүктөлгөндүгү илимий-методикалык жактан эң максаттуу болору талашсыз.

Мына ушундан улам, окуяны, көрүнүштү логикалык түрдө баяндап жазуу максатынан улам бул жазуу иши баяндама деп аталганы жөндүү.

Баяндаманын максат-милдеттерине жараша иш жүргүзүлбөгөндүгүнөн улам ал үчүн тексттердин да туш келди тандалгандыгы байкалат. Андыктан мугалимдер баяндама жаздырууда текст тандоо ишине айрыкча маани берүүсүнүн зарылдыгын айта кетүүнү туура көрүп отурабыз.

Дагы бир айта кетүүчү сөз – баяндама жазууда мугалимдер тексттин мазмунун окуучулар кайталап жазуусуна гана маани беришет. Ошондон улам да окуучулар баяндама жазууда окулган тексттин мазмунун түшүнүп калууга гана ашыгышат. Албетте, ал туура, бирок алар негизги эки иш-аракетти, тактап айтканда, текстти өзгөртүп түзүү жана текстти өркүндөтүп кайра кантип жаңы текст түзүү керектиги тууралуу негизги ойду көңүлдүн сыртында калтырышат.

Демек, бул айтылган ойдун негизинде, ***баяндама жазуунун алдында үч негизги максат жатат, алардынбиринчиси – тексттин мазмунун кайталап жазуу, экинчиси – текстти өзгөртүп кайра түзүү жана үчүнчүсү – текстти өркүндөтүп кайра түзүү.***

Ушундан улам баяндама ишине анча маани берилбей, көңүлсүз аткарылган иш катары тажатмалуулукка айланган учурлар да кездешет. Натыйжада, анын түпкү максаты болгон – дил баянга окуучуну даярдоо, көнүктүрүү, машыктыруу, окуучунун тил каражаттарын жазуу кебинде колдоно билүү ишмердигин өнүктүрүү иши унутта калат.

Баяндама үчүн тексттер кантип тандалат?

Баяндаманын өзгөчөлүктөрүнүн бири анын адабий чыгармачылыкка көнүктүрүү өбөлгөлөрүнүн бири экендигинен улам, ал үчүн текст тандоодо мына булар көңүлгө алынууга тийиш:

1) Тексттердин тематикасынын көп түрдүүлүгү, ал – жазуу иши болобу, оозеки иши болобу, балдардын ар түрдүү тематикада сүйлөө кебин өстүрүүгө кызмат кылат;

2) Тексттердин кептин функционалдык түрлөрүнө шайкеш талданышы, ал балдардын окуяны ырааттуу баяндай алуусуна, көрүнүштү жеткиликтүү сүрөттөй билүүсүнө жана өзүнүн ою, кыялын туура бере алуусуна даярдоо жана ага машыктырууга алып келет;

3) Тексттерди тандаганда анын стилдеринин да эске алынышы, анткени баяндама жазууда окуучулардын көркөм ой жүгүртүүсү үчүн көркөм стиль, учурдун проблемалары боюнча туура ой жүгүртүүсү үчүн публицистикалык стилдеги тексттердин жана да ой жүгүртүүнүн так-тыгына машыктырар илимий стилдеги тексттердин тандалышы айрыкча зарыл;

4) Баяндама, көбүнчө, тил сабагында аткарылгандыктан, кептин каражаты болгон грамматикалык категориялардын да текстеги катышын эске алуу, ал каражаттарды колдонуп, кептин кайсы бир стилине же түрүнө ылайык жазуу-оозеки жумуштарын жүргүзүүгө машыктыруу жүргүзүлөрү унутта калбоосу зарыл.

Жалпысынан алганда, баяндаманын өзөгүн – окуучунун кебин өстүрүү болгондуктан, анда баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү сыяктуу кептин түрлөрү, көркөм, публицистикалык жана илимий сыяктуу стилдери жана сабаттуу болууга кызмат кылар грамматикалык зарыл категориялар түзөт.

Баяндаманын негизги типтери кайсылар?

Дагы бир белгилей турган нерсе, баяндама жазууда мугалим сунуштаган текст негизги материал болуп саналат, ошондуктан баяндаманын автору окуучу болбойт. Окуучунун мындагы максаты – мугалим сунуштаган тексттин мазмунун кайталап жазуу, текстти мазмундук-структуралык жактан өзгөртүп жазуу же өркүндөтүп кайра түзүү болуп калат. Ошону менен катар, баяндама жазууда текст гана эмес, сүрөт да сунушталат. Демек, мында сүрөт боюнча баяндама жазылат. Андагы көрүнүш эмне жөнүндө экендиги, кандай ой айтылгандыгы ирети менен баяндалат. Андыктан баяндама жазууда үч нерсе: текст, сүрөт жана жандуу жаратылыш пайдаланылат. Алар текст менен жазылуучу жана сүрөт менен жазылуучу баяндама болуп жалпысынан экиге бөлүнөт.

Ушундай табиятына жараша баяндама жазууда анын иреттүү болуусу үчүн атайын план түзүлүшү да ыктымал. Планда окуянын башталышы, негизги учурлары жана жыйынтыкталышы берилиши менен, окуучунун да сүйлөө жазуу ишмердигин иреттүүлүккө салууга машыктырары шексиз.

Баяндама жазууда кептин түрлөрүнүн жана стилдердин эске алынышы

Баяндама жазууда балдардын курактык өзгөчөлүктөрү айрыкча эске алынуусу зарыл, ошондуктан, текст тандоодо андагы кептин түрлөрү менен стилдери жана тематикалары тууралуу ойлонууга туура келет.

Мисалы, 2-3-класстарда баяндама жаздырууда кептин баяндоо түрү тандалса, 4-5-класстарда кептин сүрөттөө түрү, ал эми 6-7-8-класстарда

кептин ой жүгүртүү түрү басымдуу болуусу ыктымал, анткени бул класстарда балдардын кеби, ой жүргүртүүсү бара-бара өнүгүп келаткан мезгил болору талашсыз. Ошону менен бирге, 2-4-класстарда тексттин публицистикалык стилиндеги, т.а. баланын күндөлүк жашоо-тиричилигине жакын мазмундагы маданий темадагы тексттер ылайык келсе, 5-6-класстарда адамды, көрүнүштү же табиятты сүрөттөп сүйлөп жана жазып бере алар, адабият сабагы менен байланышкан көркөм-адабий стилдеги тексттер көбүрөөк пайдаланылышы мүмкүн. Ал эми ой жүгүртүүсү, кыялдануусу өскүлөң болуп калган куракта ой жүгүртүү түрүндөгү илимий стилдеги тексттер ылайык келери шексиз.

Муну менен катар эле, баяндама үчүн текст тандоодо анын тематикасы айрыкча ролду ойноосу тийиш. Анткени баяндама үчүн ар түрдүү эле текст ар кайсы курактагы балдарга сунуштала бербейт. Андай болсо, алар кандай тандалат: 2-4-класстардагы окуучуларга балдардын турмушунан алынган окуялуу, кызыктуу, структурасы жөнөкөй, баланын окуу, тиричиликтик жана маданий темалардагы тексттер ылайык келмекчи; 5-6-класстарга адамдын жүрүм-турумун, адептик-ыймандык маселелерди камтыган, ички дүйнөсүн, ар кандай сапаттарын, балдардын күндөлүк турмушун чагылдырып, коомдук турмушка катышууга чакырган, табиятты коргоого, ага туура мамиле жасоого көнүктүрөр сюжеттүү тексттер болсо ылайык болору шексиз; 7-8-класстарга коомдук турмуштун түрдүү көрүнүштөрүн камтыган, адамдын коомдогу ордун чагылдырган, адамдын турмуштагы эрдиктерин баяндоо менен, алардын келечегине үлгү болор, эл-жерди сүйүүгө үндөп, патриоттук сезим-туюмун өстүрөр, дүйнөлүк окуялар менен тааныштырар, маданий-коомдук маселелерди камтыган тексттер болсо максатка ылайык келмек.

Эмне үчүн 2-8-класстарда гана баяндама жазуу тууралуу кеп болуп отурат? Анткени баяндама жазуу 9-класстардан тартып дил баян жазууга алмашат жана дил баян окуучунун буга чейинки ишин улантып, адабий чыгармачылыкка машыктырууну активдештирет. Ошондуктан 8-9-класстарда баяндаманын жаңы тиби – дил баяндын элементин камтыган баяндама жазууга киришилет.

Ушундай мүнөзүнө жараша баяндама жазуунун мазмуну улам татаалдап, көлөмү кеңейип, сөздүк курамы байып жүрүп отурат.

Баяндаманын жанрдык тибине
жараша иштөө жолдору кандай?
Кара сөз түрүндөгү баяндама

Баяндаманын бул түрү – мектеп практикасында дайыма практикаланып келаткан түрү болуп саналат. Андыктан аны өткөрүү ыкмалары, жолдору ар бир мугалимге белгилүү. Анын үстүнө, кара сөз түрүндөгү баяндама демейдеги көнгөн ыкма менен жазылат жана мугалимге гана эмес, окуучуларга да жеңил көрүнөт. Мугалимдин окуп берүүсүндө уккан кара сөз түрүндөгү текст жанрына жараша өзгөртүлбөгөн боюнча жазылат.

Ушундай мүнөзүнө жараша баяндаманын бул жанрдык түрүн кара сөз түрүндөгү баяндама деп атоого болот. Кара сөз түрүндөгү баяндамаларды жазууда кептин түрүнө жана кептин стилдерине жараша тексттер тандалат. Мунун өзү балдарга кептин кайсы гана стилдери болсо да, ой жүгүртүп иштөөсүнө багыт берет жана ага үйрөтүүнү көздөйт.

Төмөндө кептин үч стилинде, тактап айтканда, көркөм, публицистикалык жана илимий стилдерге кирген үч текст мисалга алынды.

Кептин көркөм стилине мисал келтирели.

Сүйлөбөс кыз

Өткөн заманда бир хан болуптур, анын кеңеш бергич мыкты вазири бар экен. Хан да, вазири да бала көрбөй, көпкө чейин зарлап жүрүштү. Бир жылы хандын аялы эркек, вазирдин аялы кыз төрөдү. Бой жетип чоңойгондо ата-энелери экөөнү үйлөнтүп коюшту. Хандын уулу Мээнетбек акылы тайкы, шайкелең, вазирдин кызы Акылжан акыл-эстүү, токтоо болду.

Күндөрдүн биринде Мээнет ойлонуп отуруп, Акылжанды чакырып алды.

–Мен сени менен тура албайм... Мен хандын гана кызын алышым керек.

Муну угуп, Акылжан да сөздү кесе сүйлөдү:

– Өз оюңдан калба, мен макулмун. Эми сага бир акыл айтайын. Үзүр шаарында Жаннат аттуу акылман, сулуу кыз бар. Аны ким үч жолу сүйлөтсө, ошол алат. Эгер мыкты болсоң, ошого бар.

Арадан көп күн өтпөй, Жаннат кызды издөөгө Мээнетбек жалгыз аттанып кетти. Нечен күн, нечен түн жол жүрдү. Арып-ачып, аты ыргайдай, өзү торгойдой болду. Күндөн-күн, түндөн-түн өтүп, акыры толук токсон күн дегенде Жаннат кыздын шаарына жетти. Жаннаттын ордосуна кирип баратып, дарбазада мындай деп жазылган жазууну окуду: “Кимде ким Жаннатты үч жолу сүйлөтсө, Жаннат ошого тиет. Эгер сүйлөтө албаса – өлөт”.

Ордонун сакчылары Мээнетбектин атын алып, өзүнө тамак берип бир аз тыныккан соң, Жаннаттын үстүнө алып келишти.

Мээнетбек Жаннатка кол куушуруп таазим кылды да, анын жанынан орун алды. Эртең менен сөз баштаган Мээнетбек өзү туулгандан берки көргөн-билгенин бүт айтып таң атырды. Жаннат эч үн чыгарган жок. Таң аппак атып, боз торгой чурулдаган кезде коңгуроо кагылды.

"Кечээги келген жигит Жаннатты сүйлөтө алган жок, эми хан ага жаза колдонот", – деп жарчы жыйылган элдин баарына маалымдады. Хандын буйругу боюнча Мээнетбек зындандын түбүнө түштү. Ошентип бир жылдан ашык убакыт өттү.

Мээнетбек жөнүндө эч кабар билбеген Акылжан атасынан уруксат сурап, эркекче кийинип, жарак-жабдык асынып, күйөөсүн издеп чыкты. Бир нече күн жол жүрүп Үзүр шаарына келди. Хандын сакчылары Акылжандын атын алып, Жаннат кыздын үстүнө киргизди. Акылжан кол куушуруп таазим кылды да, Жаннаттын бет маңдайына отурар замат сүйлөй баштады:

– Жаннат кыз, мен сүйлөгөн сөзгө кулак коюп, адилеттик кылыңыз. Менин айтайын дегеним элдин сөзү. Эч ким туура чечпегендиктен сизге келдим. Ал мындай:

Жакында эле жыгач уста, темир уста, кийим тиккич жана илимпоз – төртөө узак жолго чыгышат. Жүрүп отурушуп, бир күнү кеч киргенде калың токойго өргүп калышат. Токойдун жырткыч айбандары көп болгондуктан, кезек менен аттарын кайтарышат. Биринчи кезек баарынан кичүү жыгач устага ыйгарылат. Ал аттарды карап отуруп эригет да, бир дөңгөчтү жонуп, кадимки кыздын кебетесин жасап, тургузуп коёт.

Экинчи кезек кийим тиккичке келет. Жыгачтан жасалган кызды көрүп, анан ал өз өнөрүн көрсөтмөкчү болуп, кездемеден кийим тигип, кызга кийгизип салат.

Үчүнчү кезек темир устага жетти. Ал берки экөөнүн өнөрүн көрүп: "Мен булардан кем бекем" деп алтын-күмүштөн шөкүлө, билерик, сөйкө, кала берсе топчусуна чейин жасап тагат.

Акыры кезек илимпозго келет, ал баары жасалгалуу жансыз кызды көрүп: "Мен да өз өнөрүмдү көрсөтөйүн", – деп кызга жан киргизет... Эртеси "Бул кыз мага тийиштүү", – деп талашып-тартышып, төртөө тең чарчап бүтөт. Акыры элдеги кара кылды как жарган калыстарга келишет. Калыстар: "Муну биринчи ойлогон жыгач устага тийиштүү" дешет. Буга сиз кандай дейсиз?"

Эч качан үн чыгарбас, Жаннат эми чыдай албады:

– Жок, кызга жан киргизген илимпоз алышы керек, – деп кыйкырып жиберди.

Жаннаттын сүйлөгөнүн билдирип, ошол замат коңгуроо кагылды.

– Эмки сөз мындай, – Акылжан дагы сөзгө кирди. – Бир кишинин үч баласы болот. Бир кызга үчөө тең кызыгып калышат. Чатак ырбап кетпесин дейт да, атасы үчөөнүн ар бирине миң дилде берип:

– Эң баалуу буюмду кимиң алып келсең – бул кыз ошонуку, – деп балдарын шаарга жөнөтөт.

Булардын эң улуусу кырк күнчөлүк жерге бир күндө учуп жете турган килем, ортончусу төгөрөктүн төрт бурчун тегиз көрсөтө турган таш күзгү, эң кичүүсү тиштесе, өлгөнүн тирилте турган алма сатып алды. Үчөө кайра жолго чыгып, эмне алганын өз ара айтып өтүштү.

– Кана эмесе, күзгүң менен өзүбүздүн айылды көрөлүчү, – деди улуусу ортончусуна.

Үчөө күзгүдөн караса, баары эле аман-эсен, бирок баягы кыз өлгөнү жатканын, анын төшөгүн курчаган элди көрүштү. Үчөө килемге отурушту да, учуп жөнөштү. Кыз ырас эле өлгөнү жаткан экен. Балдардын эң кичүүсү алмасын тиштетер замат кыз:

– Оф, ушунчалык уктаган экем, – деп тура келди.

Үчөө кызды дагы талашты. Калыстар: "Биринчи көргөн күзгүнүн ээси алат", – дешти. Мен буга макул эмесмин, эми сиз калыстык кылыңыз, кыз кимге ылайык?"

Жаннат шашып кетти:

– Алмасын тиштеткен балага ылайык, а берки экөөнүн эч нерсеси корогон жок, – деп жиберди.

"Жаннат экинчи ирет сүйлөдү" деген кабарды берип, коңгуроо дагы кагылды.

Акылжан үчүнчү суроосун чечип берүүнү өтүндү:

– Кыйын уруу, чоң балбан жана жел жетпес күлүк – үчөө жол жүрүп келатса, бир жерге ата-энеси кызын алтымыш жаштагы абышкага бергени жатыптыр. Кыз ага "барбаймын" деп ыйлаганын угуп үч жолдош куткарып алмакчы болот. Бирок кантип ала качат?

– Мен уурдап келем, – дейт ууру бир үйгө кирип, кыздын кийимин кийип, анан чалга бергени жаткан кызга жетип, аны эптеп сыртка алып ээрчитип чыгат. Даяр турган жел жетпес ошол замат кызды көтөрүп сызат. Жер жайнаган киши кууп жөнөйт. Балбан жигит алардын жолун тосуп, бирин да жибербей кайра айдайт. Үчөө айлына келип кызды талашып, "Кыз кимибизге тийиштүү?" – деп калыска келишет. Калыстар: "Ууру алсын", – деп чечишти. Буга сиз кандай дейсиз?

Жаннат дагы шашып калды:

– Жок, андай эмес, жел жетпес алышы керек, – деп үчүнчү жолу сүйлөдү.

“Жаңы жигит Жаннатты үч жолу сүйлөттү” дегенди билдирип, коңгуроо үч угулду. Шаар ичи дүңгүрөп калды...

Стилдин бул түрүндө баяндама жазууда төмөндөгүлөргө көңүл буруу керек:

1. Текстин окуялуулугу;

2. Образдуулук;

3. Көркөм баяндоо;

4. Идеялуулук;

5. Тарбиялык таасири бар экендиги.

Эми кептин ***публицистикалык стилине*** *жараша жазылуучу баяндамага мисал келтирели.*

Тилибиз – дилибиз

Бүгүнкү учурда кыргыз тили көп улуттуу өлкөбүздө жашап жаткан ар бир жаран үчүн эне тилиндей эле болуп, улуттар аралык карым-катнаштын жана пикирлешүүнүн куралы катары кызмат кылуусу керек. Жарандарыбыз бири-бирин түшүнүшүп, тең укуктуулукта ынтымакта жашаса, өлкөбүз ишенимдүү өнүгөт.

Өлкөбүздө бүгүнкү күнү өз Ата Мекенин сүйгөн, нарк-насилди билген, жаратылышты, табиятты, элибиздин көркөм өнөрүн урматтаган, адамзаттагы асыл сапаттарды барктаган, мекенчил, таза, чынчыл инсандарды тарбиялоону биздин ыйык милдетибиз катары карайбыз. Мамлекеттик идеологиянын эң алдыңкы катарында маяк болгон республикабыздын эн белгилери – гимн, герб, желек экендигин эч ким танбайт. Бирок ошолор менен эле бирдей “Мамлекеттик тил гимнин” да ала жүрүүбүз зарыл. Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2020-жылга чейин өнүктүрүү концепциясынын долбоору талкууланып жаткан учурда бул маселе ачык көтөрүлүүгө убакыт келди го дейм. Мамлекеттик жана расмий гимндерди ырдоо менен келечек муундары үндүн жашоодогу ролун – сулуулугун, кооздугун, обон гармонияларын сезүү аркылуу маани-маңызын түшүнүшөт, таза жана так сүйлөөгө тарбияланат. Музыка адамдарды тарбиялоочу зор күч болуп да саналат эмеспи. Башка улуттун өкүлдөрү болуп туруп, кыргызча ырларды ырдап, телеберүүлөрдү калың журттун

катмарына жеткизип жаткан замандаштарыбызга канткенде суктанбай, аларга ыраазы болбой коёбуз.

Келгиле, тилибизди көтөрөлү, улуттук намысыбызды, тарыхыбызды дүйнөгө тааныталы. "Мамлекеттик тил гимни" анда-санда гана аткарылып калбастан, ырда айтылгандай, мекен тили куттуу кыргыз элимдин, көкүрөктө согуп турган жүрөгү болуу менен, ар бир кыргызстан-дыктын көз ирмеминде аткарылып туруучу эн белгисине айлануага тийиш.

Жанузакова У.Ш.("Мугалимдер дүйнөсү"гезити)

Кептин бул стилине жараша баяндама жазууда мына буларга көңүл бурулат:

1. Коомдук маселенин көтөрүлүшү;
2. Коомдук проблеманын коюлушу;
3. Проблеманы чечүү жолунун камтылышы;
4. Жалпыга түшүнүктүү сөз каражаттары менен жазылышы.

Кептин **илимий стилине** мисал.

Жер

Жер – Күн системасына кирүүчү планета. Өз алдынча орбитага ээ. Башка планеталар менен биримдикте Күндү тегеренет. Атмосферасы ар кандай газдардын аралашмасынан турат. Жердин бетинде жана анын терең бөлүгүндө физико-химиялык процесстер жүрөт. Жердин кыртышы өзгөрүүлөргө дуушар болот. Жердин бетинде ыңгайлуу шарт түзүлүп, жашоо тиричилик өкүм сүрөт.

Жер өз огун батыштан чыгышты карай айланып, бир суткада (23 саат, 56 минута, 4 секунда) толук бир тегеренип чыгат. Ошол учурда 40075,7 км жол басып өтөт. Күн менен түн алмашат. Сутка жана күн менен түндүн алмашуусу дайыма туруктуу, күн кечигип чыкпайт же эрте батпайт. Эгерде жер өз огунда айланбаса, анда анын бир тарабы ысып, какыраган чөлгө, экинчи жагы тоңуп, музга айланмак. Сутка, жума, ай, төрт мезгил болмок эмес. Сутка ичинде күн менен түндүн алмашуусунан температура, нымдуулук, жарык, абанын которулушу, атмосферанын басымы, аба ырайы, жаан-чачын өзгөрөт. Тиричилик үчүн ыңгайлуу шарт түзүлөт.

(Жалпы биологиядан)

Баамдалып тургандай, бул стилдеги баяндаманы жазууда төмөндөгүлөргө көңүл буруу керек:

1. Илимий ой жүгүртүү;
2. Илимий далилдердин болушу;
3. Илимий чөйрөгө даректелиши;
4. Илимий тыянактын болушу.

Ыр түрүндөгү баяндама

Баяндаманын бул түрү – демейдегиден башкача, тактап айтканда, ыр түрүндө жазылат. Аны жазуунун себеби мындай, биринчиден, мугалим баяндама үчүн ыр түрүндөгү текстти тандагандыктан, айрым таланттуу окуучу анын мазмунун кайтадан ыр түрүндө жазуусу мүмкүн. Мындай учурлар практикада жолугат.

Экинчиден, мугалим кара сөз түрүндөгү текстти баяндама катары окуп берсе да, таланттуу окуучулар аны ыр формасында жазган учурлар бар. Мына ушундай көрүнүштөн улам баяндаманын бул түрүн ыр түрүндөгү баяндама деп атоого болот.

Пьеса түрүндөгү баяндама

Баяндаманын булл жанрдык тиби мектеп практикасында чанда кездешет. Анткени мугалимдер кара сөз түрүндөгү баяндама жазууну гана практикалап келаткандыктан, мындай пьеса түрүндө дээрлик жаздырышпайт.

Канткен күндө да, пьеса түрүндө баяндама жазуу–окуучунун таланттуу чыгармачыл жөндөмүнө байланыштуу. Ошондуктан пьеса түрүндө баяндама жазууга окуучуну адегенде даярдаш керек. Ал үчүн баяндама жазууга пьеса тибиндеги мазмундуу, кепке бай, балдарды кызыктырар текст тандалышы керек. Андагы каармандарды, алардын кебин, ага жараша каармандардын мүнөзүн талдап түшүндүрүү кажет. Ошондон кийин гана балдар кайсы каарман эмне деди, ал эмне үчүн ошондой деп айтты, ага жараша кайсы карман кандай жооп кайтарды, окуя кантип уланып, эмне менен жыйынтыкталды? – деп ой жүгүртүү аркылуу гана пьеса түрүндөгү текстти кайтадан пьеса түрүндө жазуусу ыктымал.

Экинчи учурда окуучу мугалим окуп берген сюжеттүү текстти уккандан кийин андагы сюжетке карата каармандарын сөздөрүн пайдаланып, кара сөз тибиндеги тексти кайтадан пьеса тибинде жазып коюусу ыктымал.

Мисалга **пьесанын элементи катышкан чакан текстти** алалы.

Манжалар кеңеши

Илгери-илгери беш бир тууган болуптур. Алардын аттары Бармак, Сөөмөй, Ортон, Аты жок жана Чыпалак экен. Бул жигитттер кудайдын үйүндө кызматта жүрүшөт. Күндөрдүн бир күнүндө, кудай үйдө жокто, жеңил ойго азгырылган Бармак туугандарына кеп салат:

Б а р м а к: Уурулук кылбайлыбы?

С ө ө м ө й: Кылса кылалы.

О р т о н: Кудайдан кантебиз?

А т ы ж о к: Кудай келгиче,

Ч ы п а л а к: Кууруп-сууруп жеп коёбуз.

Бармак уурулук кылбайлыбы деген кеңеши үчүн күнөөсү көп болуп, кыска болуп калган экен. Ортон: «Кудайды кантебиз?» – деп ызаат кылгандыктан, күнөөсү кечирилип, узун боюнча калат. Башка манжалар да өздөрүнүн күнөөсүнө карай, узун-кыска болуп, беш манжа бирдей болбой калган дешет.

Уламыштын чын-төгүнүн билген киши жок, бирок ар бир айтылган нерсе сабак болууга тийиш.

Беш манжанын аталышынын дагы бир түрү мындайча айтылат:

Баш бармак,

Бадал жүрөк,

Ортон оймок,

Оюу чиймек,

Кичинекей бөпөлөң, – деп аталат.

(Элдики)

А силер дагы да башка түрүн билесиңерби? Билсеңер, ушул сыяктуу кылып, өзүңөр жазып бергилечи.

Албетте, бир жанрдагы текстти экинчи жанрга айландыруу – окуучу үчүн кыйынга турат. Ошентсе да бул окуучунун талантына, жөндөмүнө байланыштуу чечилмекчи. Анын үстүнө баяндаманын бул түрү окуучу үчүн абдан кызыктуу да бааланат.

Баяндаманын кептин тибине жараша бөлүнүшү

Баяндоо тибиндеги баяндама

Баяндаманын бул түрү күндөлүк практикада жыш кездешүүчү иш-аракетке мисал боло алат. Анткени көпчүлүк учурда мугалимдер баяндоо

тибиндеги текстттерди тандашат, анткени ал, бир жагынан жазууга оңой, экинчи жагынан текшерүүчү баяндамаларды жазууга даярдык көрүү катары болмокчу.

Мындай баяндамалардын мүнөздүү белгилери кайсылар?

– болуп өткөн окуя ирет, тартиби боюнча баяндалат;

– каармандардын аткарган иш-аракеттери уланмалуулукта берилет;

– баяндоодо окуянын башталышы, өнүгүшү жана жыйынтыгы так көрсөтүлөт;

– баяндоонун тил каражаттары катары, көбүнчө, зат атоочтор, ат атоочтор, сан атоочтор жана этиш сөздөрү жыш кездешет.

Мисал келтирели.

Боз үй

Боз үй – элдин тарыхы, үй-бүлө ыйык туткан эстелик, ар бир кыргыз баласынын образы. С. Орозбаковдун варианттарында боз үйдүн кооздугун биринчи манасчы Жайсаң ырчы жарым күн ырдаган дешет.

Дасыккан уста боз үйдүн жыгачын жыйырма беш күндө жасайт, боз үй чейрек кылым чыдайт.

Боз үйдү тигүү босогону орнотуудан башталат. Анан кереге жайылат. Анын сыртынан түркүн түстөгү жип менен оролгон чий каланат. Ар бир керегенин канаттары өткөрө устаттыкта, өзгөчө кылдаттыкта жасалган. Алардын оюулары да түр салынган чий менен ажарланат. Түн-дүктү эркек көтөрөт. Андан соң кереге менен түндүктү бириктирүүчү уук сайылат. Ошентип кайыңдан ийип жасалган түндүктүн көтөрүлүшү менен үйдүн үстү да, мору да, үйгө жарык берүүчү терезеси да, күндү карай умтулган күндүн белгиси да, анын оюучулук түрү да бүтөт.

Боз үйдүн бардык касиетин бириктирип, аны үй катары кармап турган борбор – бул түндүк алдындагы от жагылчу коломто.

Коломтодон ары, дал босогонун карама-каршысында жүк: бул жерде сандык коюлуп, такта орнотулуп, үй-бүлөнүн тиричилик оокаты түгөл жыйылат, килем-килче, шырдак, ала кийиз, төшөк салынат ж.б.

Жүк алды – төр, ал үйдөгү кадырлуу жер, аксакалдар, сыйлуу меймандар олтурат. Төрдүн оң жагы – чыгдан, ашкана – эпчи жак, сол жагы – эр жак. Эр жактагы керегеде ат жабдыктар, эркекке тийиштүү аспаптар, буюмдар илинет. Эпчи жагына аялдардын буюмдары коюлат жана чыгдан (ашкана чий) тартылып, анын ичинде тамак-аш, идиш-аяк сакталат.

Сүрөттөө тибиндеги баяндама

Сүрөттөө тибиндеги баяндама окуучуларды ойлонтуучу, адабий көркөм чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүү максатын көздөгөнү менен баалуу. Анткени баяндаманын бул түрүн жазууда темасы да, жазуу маанайы да башкача, баяндоо тибинен өзгөчөлөнүп турат.

Сүрөттөө тибиндеги баяндаманын өзгөчө белгилери булар:

– табияттын көрүнүшүн сүрөттөө;

– адамдын кебетесин, келбетин сүрөттөө;

– буюмдун көрүнүшүн сүрөттөө;

– жан-жаныбарлардын сынын сыпаттоо;

– болуп жаткан жана болуп өткөн окуяны, кыймыл-аракеттин кандай жана кантип болгонун сүрөттөп, сыпаттап берүү;

– сүрөттөөдө, көбүнчө, сын атооч жана тактооч сөздөрү кеңири колдонулат;

Мисал келтирели.

Жыл мезгилдери

Жаз мезгилине жалган куран (март), чын куран (апрель), бугу (май) айлары кирет. Жазда күн узарып, түн кыскарат. Жаз – өмүр жазы. Бак-дарак жалбырак жайып, куштар үн безейт. Күндүн жылуу нуру жерге төгүлөт. Жаратылыш жанданып, кызуу кыймыл башталат. Жаздын биринчи жарчысы чыйырчык. Жаздын жаш баладай мүнөзү бар. Асман тез эле бүркөлүп, бат эле жарк дей түшөт. Булуттан түшкөн тамчы сайга агып келет. Ал тамчы жерге кубат берет, көркүн чыгарат. Эгин тез өсөт. Береке төгүлөт.

Жай мезгилине болсо кулжа (июнь), теке (июль), баш оона (август) айлары кирет. Жай айларында күн өтө ысык болот. Алма, шабдалы, өрүк, дарбыз, коон бышып, базардын көркүн ачат. Адамдар аптаптуу шаардын ысыгынан качып, жаратылышка умтулушуп, курортторго, сана-ториялларга, эс алуучу жайларга барышат. Окуучулар дагы каникулда дем алышып, жаңы окуу жылына жаңы күч менен келишет.

Ал эми күз мезгилине аяк оона (сентябрь), тогуздун айы (октябрь), жетинин айы (ноябрь) айлары кирет. Күз жылдын сонун мезгили, жалбырактар саргайып, токой көрктөнүп, бышыкчылык болот. Абанын салкын желин айтпа. Асман көгөрүп мелжирейт. Күндүн назик нуру жер

балкытып турганын көр. Жерде жашаган айбанаттар бак-дарактардын бутактарында уялап, тиричилигин өткөргөн канаттуулардын жашоосу өзүнчө бир кызык. Дыйкандар өздөрүнүн түшүмдөрүн жыйнап алышат.

Кыш мезгили айрыкча керемет мезгил эмеспи. Ал мезгилгебештин айы (декабрь), үчтүн айы (январь), бирдин айы (февраль) айлары кирет. Кышында күн кыскарып, түн узарып, адамдар жылуу кийимдерин кийишет. Суулар тоңот. Айлана-чөйрө жалтылдап күмүш чөгөрүлгөн ак тонун жамынат. Ушул мезгилде элдер чана тээп, кар уруп ойношот. Биринчи карды бардык адамдар чыдамсыздык менен күтүшөт. Токойдогу жаныбарлар азайып, ийин-чээндеринде укташат.

Ой жүгүртүү тибиндеги баяндама

Ой жүгүртүү тибиндеги баяндама буга чейинки түрлөрүнөн айрыкча мүнөздүү белгилери менен айырмаланат. Анда көбүнесе окуучунун ой жүгүртүүсүнүн күчүн, кыял чабыттарынын кеңдигин текшерүү жана өнүктүрүү максаты көздөлөт.

Ой жүгүртүү баяндамасынын түзүлүшү да мурдагылардан башкача болот. Анын темасы да суроолуу сүйлөм тибинде болуусу мүмкүн. Ички мазмуну мына ошол сурооого жооп берүү мүнөзүндө болуп, окуучунун мүдөөсү, каалаганы, кыялы тизмектелип берилет.

Ой жүгүртүү баяндамасынын мүнөздүү белгилери булар:

– адегенде тезис берилет да, андан соң ошол тезисти далилдөөчү мисалдар ирети менен келтирилет;

– кээде натыйжа берилет да, андан соң ошол натыйжанын келип чыгуу себеби мүнөздөлөт;

– алдын-ала суроо коюлуусу да ыктымал, андан соң ошол суроону чечмелөө же жооп берүү ордуна иреттүү баяндоого кезек берилет.

Жаныбарлар дүйнөсүндө

Деги, биз адамдар табияттын пайдасын көрүп жашап, көркөмүнө ыракаттанып эс алып жүрүп, анын кадырын билебизби? Ушул туурасында ойлонуп көрөлүчү.

Өсүмдүктөр жаратылыштын кайталангыс көркү болгон сыяктуу эле, жаныбарлар дүйнөсү да жаратылышка өзгөчөлөнгөн көрк кошуп турат.

Деги эле инсанмын дегендин тынчын алып, өксүтүп жаткан маселе, жаныбарлардын азайып бара жатышынын, айрым жерлерде таптакыр жок болуп кетишинин себепчиси, кайрадан эле өзүбүз. Чынбы?

Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын жашоо-тиричиги бири-бирине тыгыз байланыштуу. Биз токойду кыйып, кыйратып жок кылдык. Анын келечекте зыянын ким тартат да, ал зыяндын ордун ким толтурат?

Жаныбарларга аңчылык кылууну тескеп турууга маани берилбей калган. Ошондон улам жаратылыштын бул байлыктарын орду толгус абалга дуушарлантып, өкүнүп жатабыз.

Жаныбарлардын кайсы гана түрү болбосун, кандай шартта, кайсы жерде жашабасын, деги эң эле майдасы дегенде да өзүнө таандык жаратылышта орду бар. Жаныбарлардын мунусу пайдалуу, тигиниси зыяндуу деп ылгап мамиле жасоого акыбыз жок.

Ошон үчүн табиятты сактообуз керек? Албетте, ал үчүн ишибизди эмнеден баштасак дейсиңер? Келгиле, ойлонолу!





Баяндама үчүн алынган текттердин көлөмү кандай болот?

5-класска – 100-150 сөздөн турган текст алынат.

6-класска – 150-200,

7-класска – 200-250,

8-класска – 250-350,

9-класска – 350-450 сөз алынат.

Баяндаманын бааланышы:

Баяндамага эки баа коюлат.

*Биринчи баа – **мазмунуна** коюлат, ал баа журналга белгиленет.*

*Экинчи баа – **сабаттуулугуна** коюлат, ал баа баяндаманы талкуулаганда аныкталат жана мындан ары ката кетирбөөнүн жолдору эскертилет.*

Баяндаманы баалоо талаптары:

***«5» деген баа** – баяндаманын мазмуну текттин темасына толук жооп берсе, фактылар, цитата, цифралар ыктуу колдонулса, текттеги ой, идея, тематика, мазмун системалуу ачылса, окуучунун кеби бай болуп, стилдик биримдик толук сакталса, жазып жаткан материалга карата жекече көз карашы бар болуп, өз алдынча жыйынтыктарга жана жалпылоолорго келе алса, баяндаманын композициялык түзүлүшү тыкан,таптакыр катасы жок, же 1 орфографиялык, же 2 пунктуациялык катадан ашпаганга коюлат.*

***«4» деген баа –** баяндаманын мазмуну темага негизинен жооп берсе, айрым урунттуу факт, цифра, цитаталар туура эмес колдонулуп, так эместик, жетишсиздик, стилдик жактан одоно эмес, айрым бир мүчүлүш учурлар болуп калса, б.а., 2-3 жерден орфографиялык, пунктуациялык жана стилдик жактан мүчүлүштүктөр байкалса коюлат. Негизинен 2 орфографиялык, 2 пунктуациялык, же 1 орфографиялык, 3 пунктуациялык,*

же 3 орфографиялык, 4 пунктуациялык катадан ашпаган дил баяндар «4кө» бааланат.

«3» деген баа – *баяндаманын мазмуну тексттин темасынан бир кыйла алыстап кетсе,факт, цифра, цитаталарды колдонууда жетишпестик болсо, синтаксистик жактан сүйлөм куруулары, лексикасы жарды экенин көрсөтсө, негизинен 4 орфографиялык, 4 пунктуациялык же 3 орфографиялык, 5 пунктуациялык же 7 пунктуациялык катага чейинкилер «3кө» бааланат.*

«2» деген баа *– баяндаманын мазмуну тексттин темасына жооп бере албаса, фактылар, окуялар калтырылып кетсе, окуучулардын стили жарды, ою чачкын болуп, 7 орфографиялык, 7 пунктуациялык же 6 орфографиялык, 8 пунктуациялык же 8 орфографиялык, 6 пунктуациялык же 6 орфографиялык, 9 пунктуациялык катадан ашпагандар «2ге» бааланат.*

«1» деген баа – *тема таптакыр тескери ачылса, тесттин мазмуну ачылбаса, жалпысынан, «2 дегиден» ашып кеткен каталар кетирилсе коюлат.*

Үчүнчү бөлүм

ДИЛ БАЯН, АНЫН ЖАНРДЫК ТИПТЕРИ ЖАНА ЖАЗУУ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

Көркөм сөз – жаш аадмдын жан азыгы

Бала өспүрүм курагына келгенде өзүн өзү үлгүлүү алып жүрүүгө, адептик жана турмуштук ой жүгүртүүгө кылган алгачкы аракеттери менен мурдагы курактарынан кыйла айырмаланып калат. Себеби бул куракта жекече физиологиялык да, психологиялык да өзгөчөлүктөргө жараша, айрым, изги, адамкерчилик сапаттарга умтулуу менен жүрүм-туруму жолдошторуна, башка улуу адамдарга жасаган мамилелери өзгөрүп, өзүн идеал туткан «жакшы» адамдарына окшоштуруп, өз алдынча мүнөз, кыял тутуу сыяктуу «ачылыш-тары» башталат.

Мына ошол кезде адабият сабактарында үлгүлүү каармандардын таасири менен баланын жан дүйнөсүнө от коёр ыңгайлуу кырдаал түзүлөт. Мындай маанилүү учурда адабият сабактарында, көбүнчө, окуучунун акыл-ой ишмердигине гана далбас урулуп, анын ыймандык, атуулдук жактан өнүгүп, калыптануусуна анча көңүл бурулбай, бурулса да аягына чыкпай орто жолдо калып, билимдин турмуштук, дүйнө таануучулук мааниси унутта калууда. Натыйжада, биздин методикалык адабияттарыбыз, окуу китептерибиз билим берүү, тарбиялоо, өстүрүү сыяктуу дидактикалык талаптарга толук шайкеш келбей илимий, адабий фактылардын чыпчыргасын коротпой «үйүп-жыйып», сабактагы аз убакытты, окуучу менен мугалимдин болгон күч-аракетин көптөгөн зарыл да, зарыл эмес да фактыларга «көөмп» таштап, баланын ой-сезимин, күчүн, ыймандык, адамдык эркин жетилүүсүн туткундап, көз

карашын чектеп, милдеттүүлүктүн жарына алып келип такап коёт. Бул сыяктуу көрүнүштөрдөн улам сабактын тарбиялык таасири солгундап, анын натыйжасында мугалимдин да чыгармачылык, активдүүлүк мүмкүнчүлүгү чектелип калат.

Мына ушундай көптөгөн себептерден улам сабаттуу, маданияттуу жаза албаган, логикалык жактан ой жүгүртүүсү жарды, айрым ыймандык, адептик аброю, дүйнө таануучулук даража-деңгээли пас адамды окутуп, тарбиялап жаткансыйбыз. Айрыкча, адабият сабагында окуучуларга тарыхый-хронологиялык факт материалдарды гана үйрөтүү менен, анын нравалык, эстетикалык баалуулугу терең ачылбай, балага ал боюнча нравалык-эстетикалык билим берүү, турмуштук көз карашын калыптандыруу идеялары кагазда гана калууда.

Адабият сабагы көркөм ой менен баланы ойлонто албаса, толкундантып ыракатка бөлөбөсө, ойго салып, көз карашына кең мейкиндик ачып бере албаса, ал адабият сабагы болуудан калат.

Адабият сабагы - эркин ой жүгүртүү сабагы. Демек, бала сабакта ойлонуп, көз карашын, турмуштагы сүйүүсү менен жек көрүүсүн, кайгысы менен кубанычын, идеал-максаттарына умтулуусун образдардан издеп таап, ошол образдар менен кошо жашап, кошо күрөшүп, өзүндөгү жаман жактарын таштап, жакшы жактарын өнүктүрүүгө умтулуусуна мугалим Бакай болуп, караңгыда жол таап берүүсү, багытын көрсөтүп туруусу зарыл.

Өз алдынча изилдөө, ой жүгүртүү иштери көбүнчө эркин дил баян жазууда байкалат. Өз алдынча иштөөсүз, өз алдынча окуусуз адабият сабагын элестетүүгө мүмкүн эмес. «Окуучулардын жеке жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө биринчи көңүл буруу керектиги, өз алдынча билим алуу - ар бир адамдын ички талабы, ар күнкү иши...» экендиги туурасында көп эле айтып да, жазып да жүрөбүз.

Жогоруда айтылгандай, окуучунун өз алдынча иштөөсүнүн өзүнчө бир формасы катары мектеп дил баянынын ролу чоң. Дил баян окуучунун идеялык саясий, нравалык-эстетикалык жактан калыптануусунда табиттерин, ишенимдерин бекемдөө жана байланыштуу кебин, кеп маданиятын, сөз байлыгын өстүрүүдө мааниси кеңири. Анын ичинен, эркин темада жазган дил баяндарда окуучулардын алдына коюлган проблемаларды өз алдынча чечүүгө кылган аракети бааланууга тийиш. Бирок биз айрым учурда анчейин элес албай келген бир маселе — өзгөчө бүтүрүүчү класстардагы жыйынтык сыноолордо эркин темадагы дил баяндын темасын саясий-экономикалык,

тарыхый маселелерге арнап келгендигибиздин максаты кандай эле? - дегим келет. Себеби ошондогу окуучунун жазган дил баяны же тарыхый темадагы, же саясий, же экономикалык маселени чагылдырган макала, же баяндама эмес, жөн гана экзаменде баа алуунун каражаты сыяктанып көрүнчү. Бир жагынан, турмушка жаңы кадам койгон жаш адам ошол сыяктуу маселелер туурасында да ой жүгүртө билүүсү, аларды билип коюусу ашыктык кылбайт деңизчи, бирок биз окуучунун дал ошол темадагы билимин эмес, адабият, адабий процесс боюнча билимин, анын көркөм адабий ой чабытын, фантазиясын, ички толгонуу деңгээлин, анан да адамдык, ыймандык жетилүү даражасын «сыноодон» өткөрүүбүз керек эле да, – деп айткым келет.

Ойлой келсек, азыркы күндө дагы эле болсо адабият сабагын мектепте окутуунун, тактап айтканда, адабий билим берүүнүн абалы эң эле аянычтуудай көрүнөт. Балдарыбыз китепти аз окуп калганына көптөн бери кейип, сөз кылып келатабыз. Бүгүнкү күндө бул айрыкча оор абалда экени талашсыз. Көпчүлүк учурда окуучу көркөм чыгарма жөнүндөгү маалыматты мугалимдин жыйырма мүнөттүк «информациясынан» гана алып, ошонун эле механикалык кайталоосун окуу китебинен окуп, кайталап келүү менен чектелүү адепки көрүнүш катары туюлуп калганы күн өткөн сайын тынчыбызды алууда. Ал андай болгон соң, дил баян деле «алма сабагынан алыс түшпөгөн» сынары, андан бетер алсыроодо. Мунун өзү көркөм текст менен окуучунун түк тааныш эместигинен, мугалим да программалык чыгармалар боюнча окуучунун өз алдынча окуусун уюштура албагандыгынан болуп саналат. Ошондой шартта: «Менин оозумдан эмне чыкса, ошону эле айтып берсеңер болду «беш», - деп марттык кылган мугалим да чыгат. Андай болгон соң, чыгармачыл ой жүгүрт-көн адабият сабагы, чыгармачыл, эркин дил баян туурасында сөз кылбай эле койгон оң.

Айрым учурда дил баянды чейрекке «жаман» баа чыгаруудан кутулуунун каражаты катары пайдаланган мугалимдер да көрүнө калууда. Ал начар өздөштүргөн балага «эптеп» китептен көчүрүп болсо да, «бирдеме» көрсөтсө болгону, катасына көз жуумп, маңызы «орто» деп баа коюп, деги эле адабияттын ролун, анын тарбиялык маңызын четке каккан абалга барууда.

Методисттер: «Дил баян окуучунун чыгармасы болууга тийиш», - деп эң туура айтышат. Демек, дил баяндын автору — окуучу ошол «чыгарманын» автору болууга акылуу. Бирок андай «наамга» чыгармачылык, өз алдынчалуулук болгондо гана ээ болору өзүнөн өзү түшүнүктүү эмеспи. Антпесе, карандай акыл менен китептегини жаңырыктай кайталаса, кайдагы чыгармачылык?

Мына ошондуктан биздин окуучуларыбыздын дил баяндары китепти көлөкөдөй ээрчигендиги жана сенек тил менен «эптей» салгандыгы сыяктуу, андагы баланын ички жан дүйнөсүнүн айырмачылыгын туюп болбогон, кол жазмасынан гана бирден экинчисин айырмалоого мүмкүн болгон жат жазуу сыңары коёндой окшош дил баяндардын эмнесине ыраазы болобуз дегим келет.

Демек, дил баян жазууга окуучуну үйрөтүү, көнүктүрүү өзүнчө бир өнөр, татаал педагогикалык процесс экендиги ачык көрүнөт. Бирок биз бул багытта аракеттенбей жатканыбыз ошол процесстин мүмкүн болбогондой татаалдыгынан эмес, өзүбүздүн гана мындай маанилүү ишке анча маани бербей жаткандыгыбызда.

Акын А. Твардовский адабият сабагын бекеринен «Ыймандык жетилүү» сабагы деген эместир? Бул ойду дагы да тереңдетип айтсак, адабият сабагы — дүйнө таануу, адам таануу, адеп-ахлактык изденүүлөрдүн, турмуштун ыйман жолун тандоонун талаш-тартышы боло алар эле. Андай болсо, эмне себептен айрым учурда адабият деген эмне экендигин түшүнбөгөн, бир көркөм чыгарманын бетин ачып көрбөгөн, маданий сабаттуулугу төмөн бүтүрүүчү чыга келүүдө? Адабиятты өнөр (искусство), анан да сөз өнөрү (сөз искусствосу) катары түшүнөбүз. Андыктан, бала адабиятты искусство катары түшүнүүсү үчүн, анын көркөм таануучулук дүйнөсүн балага кеңири ачып берүү керек эле го? Ал боюнча окуучу өз алдынча ой туюмун ырааттап, сөздүн, ойдун күчүн сезип, таразалап, аны акылы менен эле эмес, жүрөгү менен сүйлөшкөндөй деңгээлге жетүүсүнө мугалим өз окуучусун толук сүйөмөлөбөй, багыт бербей жатат. Ал үчүн мугалим өзү ошондой деңгээлге чыгуусу, адабий, көркөм-эстетикалык даярдыгы терең болусунун зарылдыгы көрүнөт.

Көңүл бурчу бир сөз, деги адабият мугалиминин күндөлүк иш-аракетинин, сөзүнүн натыйжасын кантип көрүүгө жана текшерүүгө болот? Башка предметтер боюнча окуучунун билимин текшерүү адабиятка караганда жеңилирээк көрүнгөнсүйт. Себеби адабият боюнча текшерүүдө окуучунун алган билиминин суммасын гана эмес, адамдын ички дүйнөсүнүн ыймандык өзгөрүүсүн, жетилүүсүн, рухий маданиятынын өсүп-өнүгүшүн байкап билүү, текшерүү керек болуп жүрбөсүн?! Ал колго кармалып, көзгө көрүнбөйт эмеспи! Анда кантип? Кагазданбы? Сөзүнөнбү? Кагаздын көлекөсүндө, сөздүн далдаасында эмнелер катылып жатты экен? Бала ниетинен чечилип сүйлөп, жүрөгүндөгү чындыкты айттыбы? Сөзү менен жүрүм-туруму, адамдык турпаты дал келе алабы?

Ушакчы абийир жөнүндө, арсыз намыс жөнүндө, жатып ичээр мээнеткечтик жөнүндө, кара өзгөй ак ниеттик жөнүндө, коркок эрдик жөнүндө көөдөн кагып, кооздоп сүйлөй да, жаза да алат. Сөздү камчыдай камчыланып, каякка болсун

шилтей берүүгө, сөз менен адамды алдап, же ишендирип да, же «өлтүрүп» кайра «тирилтип» да коюуга мүмкүн эмеспи. Кагаздагы жазганга эмес, ошол сөз баланын жүрөгүнөн чыгып жатканын, же ооздун жели экенин баамдап, адабий көркөм дүйнөгө кандайча аралашып баратканын, ал ага таасир бердиби, өзүнчө көркөм азык жыйнап, өмүрүнө адам болуунун өбөлгөсүн түзүүгө камылгасы кандай? Көркөм табити канчалык деңгээлде калыптанууда? Нравалык, этикалык-эстетикалык керектөөсү, дүйнө, турмуш таануусу кандай деңгээлде дегендей, көптөгөн кырдаалдарга карап, ошолорду эсепке алуу менен өзгөчө жогорку класстын окуучуларынын адабият боюнча «билимин» бааласа болчудай.

Себеби мугалим менен окуучу кайсы бир көркөм каарман туурасында (же чыгарма болсун) сөз кылып же дил баян жазууда көркөм текстти механикалык түрдө карандай кайталоо менен чектелип, ал туурасында өз алдынча ой жүгүртө албаса, андан өзүнө жан азыгын, көрөңгөсүн жыйнабаса, турмушуна от издебесе, андан эч кандай майнап чыкпайт. Кыскасы, дил баянда баланын жүрөгүндөгү аялуу ою, арман сыры айтылбаса, ал дил баян эмес.

Жогорудагы сөздер ойдон чыгарылган жок, ал бир топ жылдык практикалык иш кезинде жолуккан, чечүүнү талап кылган жүрөк өйүткөн маселелердин айрымдары гана. Айтмакчы, адабият сабагында анын дүйнө, турмуш, адам таануучулук, тарбиялык, ыймандык маңызын ачуу үчүн болжолдуу түрдө төмөндөгүдөй мазмунда ой жүгүртүү пайдалуу беле? - дейм.

Маселен, Ч. Айтматовдун «Бетме-бет», «Ак кеме», «Кылым карытар бир күн», «Гүлсарат», «Кызыл жоолук жалжалым» повесть, романдарындагы каармандар туурасындагы аңгемелешүүлөр, алар туурасында дил баяндарды жазуу биздин күндөгү адамдар туурасында ыймандык темадагы талкуу сыяктанып, Ата Журт, Жер Эне, Адам, абийир, адамкерчилик жөнүндө, жалпы алганда, рухий маданият туурасында сөз болуп, жаш адамдыш милдет-парзы сыяктуу нерселерди турмуштук мисалдар менен айкалыштырып отуруу, ошолордун далдаасынан бүгүнкү адамдар менен алардын алака-мамилесине байкоо салууга болор эле. Ошондо ысмайылчылык, орозкулчулук, сабитжанчылык, сегизбаевчилик жана да Хадича өңдүү бирөөнүн бактысын талашуучулук сыяктуу зыяндуу типтердин кайталануусуна каршы баланын жан дүйнөсүн багыштоо, өзүнүн жан дүйнөсүнө андай терс сапаттарды жакындатпоо... Ошондо бала менен бетме-бет отуруп, жазган дил баянын окуп жатып: «Кайып-каскагынан, сенин жан дүйнөңө Сабитжан менен Ильяс бекинип жаткан жокпу?» — деп бармак тиштеп ойлонбой коё албас белеңиз. Демек, ушул сыяктуу маселелер менен адабият сабагын эриш-аркак жуурулуштуруп жүргүзүү анын мазмунун гана байытмакчы, кайрымдуулугун арттырмакчы.

Ошон үчүн адабият сабагынын милдетин эске алып, адабий көркөм образ жана көркөм сөздүн күчү менен баланы тарбиялоону дагы да жакшыртуу ишине өзгөчө маани берүү керектиги, ал үчүн адабият мугалимдери бүгүнкү күндүн талабына ылайык өзүлөрүн кесиптик жана методикалык жактан терең жаңылоосу талап кылынат.

Н. Г. Чернышевскийдин өз кезегинде: «Коомдо асыл адамдар бар экендигинен улам ал жашарып, көрктөнүп турат», - деп эң сонун айтканы бар эмеспи. Андыктан, жогорудагы атап өткөн терс каармандар сыяктуу турмуштагы айрым адамдар - буудай аңызга чыккан төө тикен сыңары аты-заты оркоюп көрүнгөндөр деле дал ушул мектеп партасынан өсүп чыгып жатпайбы? Алар мектеп партасында отурган кездеринде ошол каармандарды жектеп, «тилдеп», «нааразы» болуп дил баяндарын жазышпады беле? Мыктылап даярданып келип, «жакшы», ал тургай «эң жакшы» бааларды алышпады беле? Ошол өзүлөрү кичинекей кездеринде жектеген каармандардын өздөрү болуп чыга келишкени кандай? Андай болсо, алар мурда «калп» сүйлөп, мугалимди «алдап», «калпты» жазган экен го?! Ушундайбы?.. Же мурда биз алардын келечекте кандай адам болуп чоңоюшарын алдын ала билүүгө кызыкпайбызбы? Анын адамдык, ыймандык өсүп-өнүгүүсүнө эмес, китептегини кайталап айтып бергенине гана көңүл буруп, «эң жакшы» бааларды коюп баланы да жаңылыш баалап келдикпи? Анын акылын гана өстүрүп, жүрөк сезимин, адебин унутуп койгонбуз го... Же баланын эртеңки күнү менен мектеп сабагынын ортосундагы табияты башкабы, бирине бири бирикпеген башка турмуштук нерсеби? А балким, биздин мугалимдер, адабият сабактарыбыз да ушул ишке түздөн-түз катышпай, коомубуздун бүгүнкүсүн анализдеп үйрөнбөй, эртеңкисин көрө биле албай, алсыздык кылып жатпасын?! Күнүмдүк тирүүчүлүгүбүзгө каниет кылып, ток пейил болуп, өз жалкоолугубузду өзүбүз кечирип коюп жатабызбы?

Жазуучу Ч. Айтматов: «Адам ичкен ашына семирип, кийген кийимине мактанып, ток пейил болуп, тынчып калды дегиче, анын адамдык кейпинен кеткени дей бер», - деп айтканы, балким, биз жөнүндө болуп жүрбөсүн?!

... Аттиң, адабият сабагында көркөм чындыкка Ак куу сыңары сабалап учуп, класстын төрт тарабы Айдың-Көлдөй чалкып кубулуп: ал Ак куу көңүл кушундай шаңшып берсе, ага жетем деген ниетте бала көңүлүндө «Айдың-Көлдүн» албуут толкундарын жиреп, көк иримдин тереңин көздөй кулач уруп жөнөсө, ай ошондогу кыял, ошондогу элес, тээ алыста толкундардын күмүш чачпактарын чолпуланган көкүрөктөгү идеал-дүйнө көз ымдап өзүнө чакырып, делөөрүтүп турса, балага да, мугалимге да ырахат эмеспи.

Мугалимдин жан дүйнөсү — окуучунун жан дүйнөсүн ачып, ага

билимдин көөнөрбөс ыйык кутун - турмушту жана адамды сүйүүнүн, адам болуунун ыйык кутун кондуруп, аны бекем түнөк алдырса, ар бир сабакта сөзү менен улам бекемдеп, коргоп отурса...

Мугалимдин ар бир сабагында биз жашаган чексиз дүйнө - аалам, адам сырлары, тагдырлары, турмуштун миң түркүн жактары ар тарабынан ачыла берип, бала аны түшүнүп, түшүнүгү артып, муюп чоң дүйнө менен баланын баёо дүйнөсүнө батып берсе кана... Мындай сабактар азырынча кол жеткис идеал бойдон калууда. Анын идеал болуп бизди эңсеттирип ээрчиткени да жакшы, биз улам алдыга жаңылыкты издегенибизге жакшы.

Ошондуктан, адабият сабактарынын учурдун талабына ылайык берилишин жана анын кайрымдуулутун жогорулатуунун тагдыры мугалимге, анын адамдык, атуулдук турпатына, методикалык чеберчилигине байланыштуу.

...Ушунун баары эле барып-барып бала жөнүндө, ага таалим-тарбия берүүнү жакшыртуу, аны эртеңки күндүн татыктуу уул, кызы кылып өстүрүүгө жасала турган камкордук болуп саналат. Турмуш агымы көз ирмемге токтобойт. Талаптар болсо өсө берет. А бала он жетиге чейинки мектеп өмүрүндө психологиялык, атуулдук жана дүйнө таануучулук жактан жетилээр чагында эстетикалык, гуманитардык сабактардын ичинен адабият сабактарынан - «ыймандык жетилүү» сабактарынан жетишерлик билим албаса, баланын акыл-сезиминде жана жүрөгүндө ошол жери бош калса, ал боштук өмүр бою толбой, өмүр бою ошол бөксөлүктөн адам уулу өксүп каларын ойлонуп көрүү, ал үчүн ар качан кам көрүү биздин улуулук парзыбыз.

ДИЛ БАЯН ЖАНА ОКУУЧУНУН

АКЫЛ ЧАБЫТТАРЫ

(Тажрыйба, талдоолор жана ой жүгүртүүлөр)

Дил баян (сочинение) деген эмне же ага коюлуучу талаптар.

Эне тилин мектепте окутуунун башкы милдеттеринин бири балдардын жазуу, оозеки сабаттуулугун өстүрүү жана кеп маданиятын калыптандыруу сыяктуу маанилүү иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу болуп саналат. Бул иш тил жана адабият сабагында комплекстүү түрдө аткарылууга тийиш.

Чындыгында, тил жана адабият сабагын эки түрдөгү, бири-биринен түптамырынан айырмаланган окуу предмети катары кароого болбойт. Болгону, тил сабагында биздин кебибиздин лексикалык-грамматикалык курулушуна өзгөчө маани бере турган болсок, адабият сабагында анын адабий-эстетикалык, мазмундук-композициялык жагына басым коёбуз. А бул экөө биригип, эне тилибизди окутуу предметинин башкы максаттарынан болмокчу. Андай болгон соң, окуучунун өз эне тилиндеги жазуу-оозеки сабаттуулугун, байланыштуу кебин жана кеп маданиятын калыптандырууга, тактап айтканда, өз оюн сабаттуу, маданияттуу, байланыштуу жеткире алууга калыптандырууда кыргыз тили жана адабияты сабагынын максат-милдети бирдей эле даражада экени талашсыз.

А жазуу түрүндөгү өз алдынча ишинин негизги формасы окуучунун дилбаяны болуп саналат.

Дил баян жазууга үйрөнүү жумушу кыргыз тилинин программасында да атайын көңүлгө алынган. Ал үчүн VIII класстан баштап атайын убакыт бөлүнүп, тематикалары көрсөтүлгөн. Бул окуучуну дил баян жазууга көнүктүрүүнүн түздөн-түз өзү болбосо да, дил баян жазуунун зарылдыгына мугалимдин көңүлүн буруу экендиги маалым. Программага киргизилген «Байланыштуу кеп» бөлүмүнүн негизги максаты да окуучунун жазуу-оозеки ишине, дилбаян, баяндама сыяктуу жазуу жумуштарын жүргүзүүгө багыт берүү болмокчу. Ошентсе да, илимий-методикалык жол-жоболорун, багыттарын так көрсөтө албай жаткандыгы байкалууда.

Ал эми адабиятты окутуунун программасында мындай жазуу жумуштарын жүргүзүүгө V-X1 класстарда жалпысынан -47 саат ыйгарылган. Анын ичинен, V класска - 6, VI класска — 5, VII класска - 8, VIII класска - 7, IX класска - 7, X класска -8 жана XI класска — 6 саат бөлүштүрүлгөн. Бул, чындыгында, эң туура жана зарыл болуп эсептелинет. Ал сааттарды мугалимдер календардык пландарын түзгөндө мүмкүнчүлүккө жараша бөлүштүрүп алышары белгилүү.

Бирок ошол сааттар максаттуу пайдаланылабы? Жазуу жумуштары, асыресе, дил баян жазуу иштери туура уюштурулабы? Дил баян жаздыруудагы мугалимдердин илимий-методикалык даярдыгы кандай? Окуучулардын жазган дил баяндары ага коюлуучу илимий-методикалык талаптарга жооп береби?

Бул суроолор ар бир методистти да, практик мугалимди да аргасыз, беймаза ойго салбай койбойт.

Учурда мектеп окуучуларынын жазган дилбаяндарын окуп, талдап

көргөнүбүздө, жогорудагы проблемалуу суроолорго далилдүү жооп таба албай, бушайманга түшөбүз.

Чындыгында, абалды төмөнкүчө мүнөздөөгө болор эле: кыргыз адабиятынан окуучулардын жазган дилбаяндарынын тиби жана жанрлары эң эле жарды. Алар коёндой окшош мазмундагы (дил баяндарды) эригип отуруп жазышат. Дээрлик көпчүлүгүнүн дил баяндары китептеги тексттен айырып алгыс окшош болушу менен мүнөздөлөт. Көпчүлүгү китептен сөзмө-сөз көчүрүп да жазышат.

Балдарга, дил баян жазууда, чыгармачылык менен ойлонуп иштөөсүнө багыт берилбейт. Ошол себептерден улам стилдик жана жанрдык жактан кунарсыз мындай дилбаяндарды баалоо, баа коюу эң эле азапка алып келип такайт.

Анткени алардын баары китептеги фактыларга олдоксон таянып, же алар түздөн-түз көчүрүлүп алынган, шаблондуу ой жүгүртүп, кургак баяндалган, тили жарды, стилдик жактан бир беткей иштер болуп чыга келет.

Андай болгон соң, «дил баян — окуучунун чыгармасы» деген сөзүбүз өзүн өзү актайбы?

Мындай иштерде жалпыга мүнөздүү мүчүлүштүктөр - окуучунун жекече чыгармачылык ой жүгүртүүсүнүн, жекече талдоонун, жекече баа берүүнүн, чыгармачыл фантазиянын жанрдык жактан көп түрдүүлүгүнүн жоктугу болуп саналат.

Деги эле, мектепте дилбаяндын максат-милдеттерин биз кандай түшүнөбүз? Ушул сыяктуу проблемалуу маселелерди чечмелөөгө арналган кыргыз методист-окумуштууларынын, болгону, эки китеби жарык көргөнү таң калыштуу. Анын бири - педагогика илимднринин доктору, профессор Б. Алымовдун «Мектеп сочинениеси», (Ф., 1979) жана экинчиси Кыргыз билим берүү институтунун ага илимий кызматкери, методист А. Муратовдун «Сочинение кандайча жазылат?» (Б., 1991) аттуу эмгеги.

Бул экөө тең мындан бир канча жылдар илгери чыгарылганда, эчак эле библиографиялык сейректикке айланган. Табияты боюнча окуучунун жазуу иштерине илимий-методикалык талдоо жүргүзүп, дил баян жазууга үйрөнүүгө арналган, көзгө басарлык бул эки эмгекте мугалимдер үчүн да, окуучулар үчүн да кыйла алгылыктуу кеңештер айтылган эле. Атап айтканда: «Сочинение жазуу, - деп белгилейт А. Муратов, - бул илим да, өнөр да, ага өмүр бою үйрөнүү керек, эч ким эч убакта жазуу ишинин бул түрүн толук өздөштүрдүм деп айта албайт. Канчалык тереңдеген сайын жаңы сырлары

ачыла берет, ааламдын чексиздигиндей, сочинение жазуунун да мейкиндик-тери улам ачыла берет».

Демек, бир сырдуу, миң кырдуу болгон жазуу өнөрүнүн бир түрү - бул окуучунун дил баяны көптегөн талаптардын комплексин - окуучунун байланыштуу кеби менен кеп маданиятынын өсүү деңгээлин жана да сабаттуулук дараметин текшерүүчү бирден-бир абройлуу жумуш экени баарыбызга маалым.

Андан ары, методист А. Муратов дил баянга далилдүү мүнөздөмөлөрдү берүү менен, анын очерк, рецензия, макала, репортаж, аңгеме, кат, ыр, драма деген жанрларын жана кептин түрлөрүне жараша түрдүү табиятын талдоого алат.

Бул эмгектин өзгөчө басым коюп сөз кылар дагы бир жагы мектеп окуучусунун дил баянын баалоонун критерийлерин да илимий-методикалык жактан туура аныктап берүү менен, дил баян жазуудагы окуучулар кетирген типтүү (орфографиялык, пунктуациялык жана стилдик) каталарын далилдүү мисалдары менен так көрсөткөн. Окуучунун дилбаяндарынын мыкты үлгүлөрүн тиркеме катары киргизген.

Орус адабиятынан дил баян жазуу жумушун илимий негизде жүргүзүүгө арналган көптөгөн эмгектер чыгарылганын айтпай коё албайбыз. Ошолордун ичинен методист-окумуштуу Ю. А. Озеровдун «Раздумья перед сочинением» аттуу (М., «Высшая школа», 1990) эмгегин көңүлгө алгым келет.

Аталган китепте автор дилбаяндын жанрдык классификациясын жана анын проблемалык-тематикалык типтери боюнча кеңири сөз кылуу менен буга кошумча, адабият теориясынан окуучунун теориялык билимин бекемдөө максатында: көркөм текстин темасы, идеясы, образдар системасы, композициясы ж.б. туурасында бир топ малыматтарды берген. Аягында үлгү дил баяндардын темалары жана алардын болжолдуу пландары сунушталган. Бул китеп жогорку класстын окуучуларына, ал тургай, мектеп мугалимдерине да керектүү окуу куралы болуу менен, мектеп дил баянынын бир катар түйшүктүү маселелеринин айрым табышмактуу жагдайларын тактап алууга ой салат.

Бүгүнкү кыргыз мектебинин тажрыйбасында – дил баяндын жалпыга белгилүү эки тиби (адабий дил баян жана эркин темадагы дил баян) жана үч түрү бар: атап айтканда, жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгы туурасында; чыгарманын идеялык-теориялык мааниси жана образдар системасы жөнүндө. Болгону ушулар. Ал эми дил баянды баалоо – мазмунуна жана сабаттуулугуна карап жүргүзүлөт да, негизги көңүл анын мазмунуна бурулат. Бул дилбаяндын

адабий-эстетикалык баалуулугун жогору коюуга кылган аракеттердин башаты экендиги талашсыз. Бирок, эң негизгиси, бул сыяктуу түшүнүктөр көңүлдө калат: Биринчиден, дил баян аркылуу окуучунун адабий билиминин деңгээлине, этикалык-эстетикалык сезим-туюмдарынын калыптанышына; Экинчиден, окуучунун оозеки, жазуу кебинин сабаттуулугунун абалына; Үчүнчүдөн, өз алдынча ой жүгүртүүсүнө, фактыларды топтоо, талдоо, анализдөөсүнө, корутунду чыгара алуусуна; Төртүнчүдөн, атуулдук активдүүлүгүнө, патриоттук сезим-туюмунун өсүшүнө, коом, чөйрө ж.б. жөнүндө ой жүгүртүүсүнө, жалпы эле, баланын рухий жетилүүсүнүн деңгээлине баа берүү ишке ашырылат.

Бул милдеттер, коюлган талапка жараша алганда, дил баян жазуучунун максат-милдеттерин да чагылдырып турат. Андай болгон соң, окуучунун дил баяны деп, окуучунун адабий билиминин, эстетикалык сезим-туюмунун жана рухий жетилүүсүнүн деңгээлин чагылдырып, ошол максатта жазылуучу текстти айтабыз десек жаңылышпайбыз дегим келет. Анткени дилбаяндын материалдары, негизинен, адабий чыгарма, турмуштук фактылар, окуучунун жекече тажрыйбасы, көз карашы, ой жүгүртүүсү жана аларды жалпылоо болуп саналат. Ал эми «эркин» темадагы дил баяндын негизинде, турмуштук чындык, ага мамиле, окуучунун келечек ой чабыттары, жашоонун, турмуштун ар кандай чөйрөлөрү, анын реалдуу картинасы жатары шексиз. Андай болсо, биз ошого кантип жетишүүбүз керек? Биринчиден, окуучуларга бир типте, же бир эле түрдө, коёндой окшош формада жазылган текст дил баян болбой турганын, ал үчүн анын типтери менен жанрдык өзгөчөлүктөрүн ажыратып түшүндүрүү кажет. Экинчиден, дил баян жазууга окуучуларды даярдоо, ал үчүн даяр тексттердин үлгүлөрү менен тааныштыруу, алардын композициялык курулушун, тилдик каражаттарын, стилдик өзгөчөлүктөрүн талдап үйрөтүү зарыл. Мындай системалуу иш-аракеттерсиз окуучуларды коюлган талаптын деңгээлинде дил баян жазууга үйрөтүүгө мүмкүн эмес.

Ал эми кыргыз адабияты боюнча орто мектептин курсун - XI классты бүтүрүүчүлөрдүн билимине, билгичтигине коюлуучу негизги талаптар төмөндөгүдөй болуусу шарт:

- адабияттын коомдук ролун, эстетикалык кызматын, таанытуучулук, таалим-тарбия берүүчүлүк функциясын;
- кыргыз адабий процессинин өнүгүш этаптарын, анын башкы тенденцияларын;
- окулган чыгарманын сюжетин, композициялык бөтөнчөлүгүн, образдар системасын;
- чыгарманын негизги идеялык-нравалык проблемати-касын;

- чыгарманын башкы каармандарынын мүнөзүндөгү типтүүлүк менен жекеликти;
- сунуш кылынган адабий теориялык түшүнүктөрдүн негизги белгилерин билүү;
- көркөм чыгармадагы сүрөттөөлөрдү, окуяларды, ар түрдүү кырдаалдарды көз алдыга келтирип, оозеки айтып берүү, ошонун негизинде жазуучу сүрөттөп жаткан турмуштун бирдиктүү элесин түзүү;
- чыгарманын идеялык-көркөмдүк бүтүндүгүн, автордук позициясын эске алып талдай билүү;
- чыгарманын негизги проблематикасын аныктап көрсөтө алуу;
- сюжеттик элементтердин, композициясынын, образдар системасынын жана тил каражаттарынын өз ара биримдиктеги идеялык көркөмдүк ролун аныктай алуу;
- окулган чыгармага далилдүү баа бере алуу;
- өз пикиринин планын түзө билүү;
- үйрөнүлгөн чыгарма боюнча ар кандай мазмунда жана формада дил баян жаза билүү;
- адабий темада доклад, реферат даярдоо;
- чыгармаларга карата аннотация, рецензия жаза билүү.

Демек, мунун баары, окуучунун адабий билим деңгээлин өстүрүү, чыгарманын табиятын түшүнүү, образдарды өз алдынча талдай билүү жөндөмүн калыптандыруу, жазуу жана оозеки машыгууларын жеңилдетүү сыяктуу иш-аракеттерди өзүнө камтыйт. Алар, натыйжада, окуучулардын дил баян жазууга болгон машыгууларын өнүктүрүүсү шексиз.

Жогорудагы атап өткөн Ю. А. Озеровдун эмгегинде дил баяндын, биз буга чейин эле практикалап жүргөндөй, проблемалык-тематикалык принциптеги үч чоң түрүн атайт. Алар: дил баян-мүнөздөмө, адабий сын дил баяны жана «эркин» темадагы дил баян. Андан ары, бул үч түрдөгү жумушту өзгөчөлүктөрүнө жараша өз алдынча төмөндөгүдөй бөлүктөргө бөлөт. Атап айтканда:

I. Дил баян-мүнөздөмө:

- бир адабий каарманды мүнөздөө;
- эки адабий каарманды салыштырып мүнөздөө;
- бир канча окшош адабий каармандарды сыпаттап жазуу;
- адабий каармандарга жалпы мүнөздөмө.

II. Адабий сын дил баян:

- бир темага талдоо жасоо;

- жазуучунун чыгармачылыгынын белгилүү бир учуруна же тематикасына мүнөздөмө берип талдоо;

- адабий чыгарманын мазмунун жана формасынын айрым проблемалары боюнча изилдөө;

- сын-пикир түрүндөгү макаланы талдоо;
- адабий чыгармада чагылдырылган маанилүү бир коомдук тарыхый окуяга талдоо жүргүзүү ж.б.

III. «Эркин» темадагы дил баян:

- жекече байкоолорун чагылдыруу;
- жекече ой жүгүртүү, толгонуу ж.б.

Бул айтылгандар дил баяндын принциптүү типтери болуп саналат. Тактап айтканда, дил баян жазууда эске алынуучу негизги принциптүү жагдайлар мына ушулар. А булардын ролу: окуучу кандай темада болсун, кандай типте, кандай жанрда жазуу керектиги тууралуу багыт алганда гана жетиштүү жана ишкер аракет жасай алмакчы.

Бизге белгилүү кептин: баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү сыяктуу типтери жана адабий-көркөм, публицистикалык иш кагаз жана илимий стилдери бар. А булар текстин кандай типте түзүлөрүн гана айтып отурган жок. Методист А. М. Гришина-Земскова белгилегеней, жанрдын үч түрүн - көркөм, публицистикалык жана илимий жанрда дил баян жазууга боло турганын да көңүлгө салат («Сочинение в газетных жанрах. IV-VIII кл. М., 1997, 8-6.) Ошондой эле методист А. Баланкиндин жазганын эске алсак, дил баянды сегиз түргө бөлүштүрүүгө болот:

- адабий темада жазылган дил баян;
- эркин темада жазылган дил баян;
- дил баян-рецензия;
- портреттик очерк;
- салыштырып мүнөздөө түрүндөгү дил баян;
- аннотация түрүндөгү дил баян;
- аңгеме түрүндөгү дил баян;
- фельетон түрүндөгү дил баян... ж.б.

Бул айтылгандардын ар бири, чындыгында, окуучунун өз алдынча ой жүгүртүүсүнө багыт берүүчү мүнөзгө ээ экендиги талашсыз.

Ошондо да, окуучу көңүлгө ала турган ойду берүү ыкмалары, композициясын түзүү, сүйлөм куруу чеберчилиги, кеп маданияты ж.б. жагдайлар ийгиликтүү чечилүүсү тийиш. Эми дил баяндын жанрдык түрлөрү жөнүндө сөз кылалы.

Методист Ю.А. Озеров дил баяндын түрлөрү катары төмөндөгүлөрдү сунуш кылат:

- дил баян -мүнөздемө;
- дил баян -адабий портрет;
- дил баян -рецензия;
- дил баян -очерк (же дил баян -аңгеме);
- адабий сын макала түрүндөгү дил баян;
- дил баян -эскерүү;
- дил баян -күндөлүк;
- ыр- дил баян;

Муну менен катар, методист алардын ар биринин өзгөчөлүктөрү, мүнөздүү белгилери, композициялык кубулушу жөнүндө маалымат берет да, анын айрым үлгүлөрүн сунуш кылат. Бул, албетте, мугалимге да, окуучуга да зарыл илимий-методикалык кеңеш гана эмес, практикалык жардам да болмокчу.

Бирок бул айтылгандар канчалык деңгээлде зарыл жана туура экендигине карабастан, аларды мектеп окуучусуна милдеттүү түрдө таңуулоого болбойт, ошондой эле аларды окуучулардын курактык жана ишкердик өзгөчөлүктөрүнө жараша чыгармачылык менен пайдалануга болот. Антсе да, алар адабий-лингвистикалык багытка өзгөчө даярдык талап кылынган профилдүү (журналистикалык, филологдук багыттагы тереңдетип үйрөтүү-чү) класстарда пайдаланса болчудай. Ошондуктан, жогорудагыларды синтездеп келип, жана да кыргыз мектебинин учурдагы практикасынын негизинде төмөнкүдөй түрлөрүн сунуш кылабыз:

1) Мүнөздөмө-дил баян (каармандарга талдоо жасоо түрүндө);
2) Очерк-дил баян (жазуучунун өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу);
3) Рецензия-дил баян (чыгарманы талдоо мүнөзүндө):
4) Публицистика-дил баян (көбүнчө, эркин темада ой жүгүртүп жазуу);
5) Аңгеме-дил баян же новелла-дил баян (айрым бир каармандын образын алып, ошонун негизинде чыгармачылык менен эркин образ түзүү);

6) Поэма-дил баян (бир образдын негизинде, же эркин темада);

7) Пьеса-дил баян (полемикалуу, маек түрүндө);

8) Репортаж-дил баян (учурда болуп жаткан окуяны так, таасын сүрөттөп берүү);

9) Этюд-дил баян;

10) Фантастика-дил баян;

11) Жомок-дил баян;

12) Улама-дил баян.

Дил баяндын мындай жанрдык өзгөчөлүктөрүн айырмалап билдирүү жана аларга машыктыруу окуучулардын адабий чыгармага сынчыл ой жүгүртүүсүнө, жекече кез карашын жана өз чыгармачылыгын өстүрүүгө багыт берери шексиз. А адабий шыгы бар, таланты ойгонгон балдардын жөндөмүн андан ары улантып, адабий-чыгармачыл ишкердүүлүгүн мындан ары жетилдирери да бышык.

Эмесе, мына ошол дил баяндын түрлөрүнүн ар бирине кыскача мүнөздөмө берүү менен үлгү мисалдарын келтире кетели.

ДИЛ БАЯНДЫН ТҮРЛӨРҮ

1. Мүнөздөмө-дил баян

Дил баяндын бул түрү жогоруда биз келтирген, Ю. А. Озеров сунуш кылган дил баян -мүнөздөмө түрүндөгү аткарылган иш болуп саналат. Мында, негизинен, каармандардын мүнөздөрү, кылык-жоруктары, жекече өзгөчөлүктөрү ошондо да, башкалардан болгон айырмачылыгынын негизги белгилери сыпатталып жана жалпы окшоштук белгилери салыштырылып мүнөздөлөт. Каармандын мындай мүнөздүү белгилери сыпатталууда чыгарманын өзүнөн үзүндүлөр келтирилип, ар бир ой далилденип отурат.

Мындай шартта каармандардын баары эле бир кылка окшош эместиги (жана баары эле бири-биринен айырмалуу эмес да экендиги) өзгөчө эске алынат. Ошондуктан, а дегенде бир каарманга мүнөздөмө берилүүсү, андан соң анын окшоштук, айырмачылык жактарын анализдөө менен, экөөнү (балким, үчөөнү) салыштырып сыпаттаса да болот.

Мисалы, Т. Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романындагы Саадат менен Сапардын, же Ч. Айтматовдун «Бетме-бет» повестиндеги Мырзакул менен Ысмайылдын образдарынын мисалдары мына ушундай эки полюстагы мүнөздөргө ээ каармандарды салыштырып изилдөө - бул дил баяндын предмети боло алат. Кыргыз адабиятында ушул сыяктуу каармандар бир кыйла. А алардын образдары, жекече кылык-жоруктары менен коом алдындагы милдети же коомго жараша мамилеси аркылуу окуучулардын көз карашы калыптанат, жалпы эле өсүп-өнүгүүсүнө оң таасир бербей койбойт.

Кээде бир адабий чыгармада мүнөздөрү, кылык-жоруктары бир типте болгон бир нече каармандардын тобу да болот. Окуучулардын мүнөздөрүндөгү мындай жалпылыктарды сезе билип, таап, далилдей алышы - ал чыгарманын сюжетин да, идеялык-эстетикалык дүйнөсүн да толук түшүнө алганын далилдейт. Мисалга алалы: Ж. Турусбековдун «Ажал ордуна» драма-сындагы эркиндик үчүн күрөшүүчүлөрдүн (Бектур, Искендер, Зулайка ж.б.), же болбосо Ч. Айтматовдун «Эрте жаздагы турналар» повестиндеги фронт үчүн деп балтыр эти толо элек балдардын бирдиктүү максатка умтулуулары, уюмдашкан аракет-күрөштөрү, бирине бири түшүнүү менен жасаган мами-лелери, биринин сөзүн бири угуп, ага баш коюп, туу тутуп, бир-диктүү идея үчүн умтулуулары... ж.б.

Мүнөздөмө-дилбаяндын дагы бир мүнөздүү белгиси - берилген чыгарманын (М.: «Манас» эпосундагы) образдар системасын бүтүндөй мүнөздөп, салыштырмалуу иретинде жазуу, аларды чыгарманын урунттуу жерлеринен фактыларды мисалга тартуу менен сыпаттоо болуп саналат. Ал тургай, окуучу чыгармадагы айрым каармандарга жасалган автордун симпатиясына өзүнүн көз карашын билдирүү менен сүрөттөө иш аракети дилбаянга кошумчалануусу толук мүмкүн.

Ушул түрдөгү бир окуучунун жазганын эч ондоосуз, мисалга алып көрөлү. Дил баян акын С. Эралиевдин «Ак Мөөр» поэмасынын негизинде жазылган.

«БИЙЛИК:

СУЛУУЛУК ЖАНА МАХАБАТ»

Поэмада теңсиз замандын капканына түшкөн, тилектин ишке ашпай калган трагедиясы башкы каармандар Болот жана Мөөр аркылуу берилген. Сүйүү - өмүрдүн негизги бөлүгү, бирок анын эркиндиги болбосо, ал сүйүүдөн эмне пайда? Мөөрдүн Жантай менен баш кошушу ага ардак жана даңк алып келбеди. Ошондо дагы, Болотко болгон сүйүүсү өчпөйт. Демек, бийлик махабат менен сулуулуктан алсыз.

Эх сүйүү, сүйүү! Кандай гана кол жеткис бийиксиң, кандай гана татаалсың, кандай гана таттуусуң. Адамга акыл-эс, бакыт кошо турган да сенсиң, акылынан ажыратып, бактысыз, армандуу кыла турган да сенсиң, сүйүү!

Мына ошол сүйүүнүн убалына калган - хан Жантай. Ал өз бийлиги менен гана чектелип, башка бирөөлөрдүн сүйүүсүнө, бактысына чок салып, Мөөрдү алган. Аны Мөөрдүн сулуулугу гана кызыктырган, демек, чоң эгоист. Жантай ак сүйүүнүн баркын түшүнгөн эмес. Анын жапайы мүнөзү поэмадагы көптөгөн деталдардан байкалат. Эгер ал чыныгы татыктуу болуп, чыныгы адамдык парасаты болсо, андай ишке барат беле? Айтор, ал кыларын кылды, жаштардын өмүрүнө балта чапты.

Ал эми Мөөргө кайрылсак, анын Жаңыл Мырзаныкындай баатырдыгы, же оозунан сөздөрү куюлушкан төкмөчүлүгү, же Каныкейдей колунан көөрү төгүлгөн узчулугу болбосо да, анын келишкен, ак куу кейпин кийген Айчүрөк сымал сулуулугу бар. Мөөрдүн бактысыздыгына себепкер жана анын арманы болгон дал ошол сулуулук.

Мөөр сыны: аппак ыраң, кара көз,

Кырдач мурун, субагай бой чырайлуу.

Ичке кашы жүрөккө урчу жебедей

Саал ийилип, саамай жакка тартылуу.

Мында Мөөрдүн бирде тунгуч сүйүүсүнүн бийиктиги элестелсе, бирде токтоолугу, назиктиги элестейт. Поэманы баракта жатып, анын акылдуу-

лугуна, адамкерчилигине, ички сабырдуулугуна баш ием. Эгер Мөөрдү Соң-Көлдүн мүнөзүнө салыштырсак, кандай шайкеш келер эле. Деги эле чыгарма толугу менен Соң-Көлдүн коштоосу аркылуу жүргөнү бекеринен эмес го.

Ал эми Болотчу? Болоттун кандай сапаттарына Мөөр ашык болду экен? Ооба, Болоттун да өзүнө тиешелүү сыймыктантчу касиеттери бар. Анын ак ниеттиги, турмушка тике карагандыгы, сулуулукту жана ак сүйүүнү баалай билгендиги, адилеттүүлүгү кандай гана жакшы сапаттар. Бекеринен эле Мөөр Болотту сүйүп калган жок да. Мөөр түбөлүккө Болоттун жүрөгүнөн түнөк тапты. Болот чын жүрөгү менен сүйө билгендиги жана ажалга тике карагандыгы менен күчтүү каарман.

Ошентип, сүйүүнүн чырагы өчкөн соң, андан ары жүрүүгө жол караңгы...

«Жол катуулап, боз булуттар удургуп,

Жакын жерде добул барын сездирет...»

Ал эми азыркы турмуштачы, азыр эмне күчтүү? Билбейм. Айтор, азыр көрүп жатабыз, чыныгы махабат, чыныгы сулуулук, чыныгы бакыт жокко эсе! Мени көпкө ойлонткон нерсе, чын эле теңсиз заманга сапар тартканы, чын эле бара-бара убакыт өткөн сайын колунда бийлиги барлар гана чыныгы турмушта жашап, ал эми карапайым эл күнүмдүк гана жашоосу жөнүндө ойлоп калабы?.. Жок, мен буга ишенгим келбейт! Бирок, бул – чындык. Чындыгында эле, азыр ар бир кыймыл үчүн маяна төлөшүң керек, билим алуу да абдан кымбатка турат. Колунда жокторчу, алар эмне кылышы керек! Ошондой эле чыныгы сулуулук жөнүндө да акырындап унутуп, ал жөнүндө таптакыр башка түшүнүк алып баратабыз. Алсак, бизде Мөөр сымал ашкан сулуу кыздар азбы? Жок, аларды биз сулуу дейбиз, бирок алардын чандасынын гана ички дүйнөсү сулуу, ал эми экөө шайкеш келбесе, аларды сулуу дешке мүмкүнбү?.. Ошондой эле Жантай ханга окшогон зөөкүрлөр, адилетсиз, бийлигине, байлыгына ишенген адамдар азыр да көп эле кездешет. Көп эле жаш кыздар көр оокаттын айынан чоң атасы менен курдаш кишилерге турмушка чыгып жатышпайбы. Бирок, биз бүтүрүүчүлөр, XXI кылымдын кадрлары, убактылуу бийликтин күчүн жоготуп, сулуулукту, адамкерчиликти жана ишенимди алдыга сүйрөйбүз, мен ага ишенем.

Ошентип, буга чейин адабият майданында салгылашып, канчалаган тагдырлар менен таанышып, анализ жасоону үйрөндүк. Алардын баардыгы бизге сабак болуп берди. Адабият аркылуу жаман менен жакшыны

айырмалай билдик, чыныгы турмуш жөнүндө бир аз түшүнүк алдык. Атаганат, баардыгы эле жомоктогудай, китептегидей болсо кана?! Бирок андай болбойт, анткени турмуштун өйдө-ылдыйы болбосо, кызыксыз болмок...

Мына «Ак Мөөр» поэмасын окуп чыгып, бийликтин убактылуулугун түшүндүк. Жантай бийлик менен сулуулукту, ак сүйүүнү жеңип алам деген ою ишке ашпай калды. Бул туура, анткени сулуулук жана махабат эч убакта бүтпөйт, ал кылымдан-кылымга даңазаланчу нерсе. Баардык акын-жазуучулар бул темага кайрылышат. Мисалы, «Жамийланы» алалы: Жамийла Мөөрдөй болуп байланып калган жок, ал сүйгөнү Данияр менен бардыгынан кечип, бакыт издеп кетти. Аттиң, эгерде бардык эле адамдар бактысы үчүн ушинтип күрөшсө болбойт беле?..

«Ак Мөөр» поэмасы - түбөлүккө жашай турган чыгарма, анткени ал - чексиз махабатты даңазалайт. Поэманын таалим-тарбиялык мааниси мен үчүн абдан зор болду.

«Ак Мөөр» поэмасын талдап чыгып, алла-таала адамга берген сулуулуктун, сезим кылдарын черткилеген сүйүүнүн, бардык нерсени бийликтин күчү менен колуна алам деген хан Жантайдын зөөкүрлүгүнө күбө болдум.

Көрсө, сулуулук менен махабат байлыкка алмашылбаган, бийликке баш ийбеген, табиятынан жалтанбаган улуу күч тура!

Жашоодо сулуулук болсун, сүйүү болсун!

Сүйүү таза,

Сүйүү бийик асмандай.

Сүйүү ысык,

Айтып бүткүс дастандай!

Ч. БОСУМБАЕВА. Бишкек шаары, 1998-жыл,

№5-гимназиянын 11-классынын окуучусу.

2. Очерк-дил баян

Дил баяндын бул түрү башкалардан адабий-публицистикалык мүнөзгө ээ болуусу менен айырмаланат. Анткени мындай дил баяндын объектисине жазуучунун өмүр жолу, же көркөм чыгарманын айрым бир типтүү каарманынын тагдыры алынуу менен, алар биз жашаган турмуш чындыгынын фонунда публицистикалык көркөм ой жүгүртүү аркылуу ишке ашырылмакчы.

Өзгөчө көңүл буруучу деталдар: очерк-дил баянда реалдуу адамдардын тагдыры ачылуу менен болгон окуялар чагылдырылат. Анын бир өзгөчөлүгү: фактыга таянуу, т.а., документалдуулук, бирок алар көркөм сөздүн күчү менен сыпатталат. Каармандардын мүнөзү, психологиясы, ички дүйнөсү ачылат.

Мисалы, белгилүү публицист С.Байгазиевдин «Жазуучунун индивидуалдык өз алдынчалыгы: Жусуп жана Мукай», же адабиятчы А. Акматалиевдин «Ч. Айтматовдун өмүр жолу менен чыгармачылыгы» аттуу очерки эң сонун далил боло алат. Бул очерктерде кыргыз адабиятынын алп өкүлдөрүнүн өмүр жолу менен чыгармачылыгын турмуштук күрөштөрдөн ажыратып карабастан, ал тургай алардын ажырагыс биримдигин (адам менен коомдун) фактылар менен илимий-популярдуу, адабий-публицистикалык маанайда баяндалат.

Аталган жазуучулардын адамдык да, жазуучулук да тагдырлары жандуу фактылар жана жумшак тил менен жазылып, алардын өз алдынчалуу ажары даана ачылат. Бул айтылган ойлор улуу орус сынчысы В. Г. Белинскийдин: «Эгер очерк жандуу жана кызыктуу болсо, демек, ал кургак көчүрмө да, кургак тизме да, эч ажары ачылбаган бозомук нерсе да эмес, ал адамдарды же окуяларды «көркөм кайра жаратуу болуп саналат» - дегенин далилдеп отурат.

Очерк-дилбаяндын экинчи түрү – анын борбордук каарманы адабий чыгарманын көркөм каарманы болуп алынган дил баян болорун айттык эле.

Жогорудагы В. Г. Белинскийдин сөзү да муну эске салбай койбойт.

Демек, ал - окуучу өзү сүйгөн адабий каарманынын тагдырын көркөм жана турмуштук чындыктын негизинде талдап, анализдөө менен адабий жана турмуштук байкоолоруна таянып, кайрадан өз алдынча типтүү бир каарманды жаратуучу болуп калмакчы.

Мындай дилбаянда көркөм каарман биз жашаган турмуштагы эле биз менен жанаша жашаган адам катары чыга келет. Анда сюжет кургак көчүрүлбөйт, фактылар жөн гана тизмектелинбейт, анын конкреттүү кайталангыс мүнөздөрү сыпатталат да, коомдук маанилүү окуялардын күүсүндө, замандын мүнөзүнүн фонунда өз алдынча типтүү каарман түзүлөт. Мунун баары, окуучунун өз алдынча ой жүгүртүүсүнүн негизинде, көркөм публицистиканын тили менен берилет.

Эмесе, очерк-дилбаянга мисал катары бул үзүндүнү келтирели:

АЛЫКУЛ МЕНЕН ЗЕЙНЕП

«Адегенде Зейнеп эже менен телефон аркылуу сүйлөшүп, кайсы күнү барарыбызды билдирдик. Эженин үнүнөн кубанычын жашыра албагандыгы байкалып, оозуна «келгиле, келгиле» дегенден башка сөз кирбеди. Үйүнүн дайын болсо, мурда эженин үйүндө бир сапар болгон журналист Мундузбек Тентимишовдон алдык. Ташкентке баруубуздун негизги максаты бир кезде агабыз Алыкул менен эки жылча болсо да бирге жашаган Зейнеп эжеге жолугуп, белгилүү акындын 75 жылдыгына арналган, туулган айылы Каптал-Арыкта курулуп жаткан музейине коюу үчүн магнитофондун тасмасына эскерүүсүн жаздырып келүү эле. Ошентип, тийиштүү даярдыктарды көргөндөн кийин, Ташкентти көздөй сапар алдык.

Убадалашкандай эле, Зейнеп эже ошол күнү үйүнө балдарын чакырып, бизди күтүп жаткан экен. Биз, партиянын Панфилов райондук комитетинин мүчөсү Вера Үсөнова, райондук «Эмгекке даңк» газетасынын сүрөт кабарчысы Оңолбек Абрамзаев жана республиканын тарых музейинин улуу илимий кызматкери Айнаш Төлөмүшова болуп, жекшемби күнү саат 10до эженин үйүнө кирип бардык. Меймандарды кастарлап тосуу өзбек элинин баштан берки адаты. Колдорун бооруна алышып, сомодой жигиттер каршы алышты. Атайын ат арытып баргандан кийин убакытты бекерге кетирбестен, дароо эле Алыкул тууралуу сөз баштадык. Зейнеп эже деле буга каршы

болгон жок. Бир азга улутунуп алды да: «Эмнеден баштарымды дагы билбей турам», - деп ооз учунан күбүрөп, өзбекче бир да сөз кошпой нукура кыргызча баянын баштады:

- Мен анда Москвада театралдык испитутта окуп жүргөн кезим. Жайында каникулга келип, кандайдыр бир отуруштардын биринде Алыкул менен таанышып калдым. Мурда ал тууралуу агаман бир-эки ирет уккам. Себеби ал экөө Токмоктогу жетим балдар үйүндө бирге болушуптур. Отуруш аяктаганча Алыкул менин жаныма кыналыша отуруп, кызыктуу сөздөрдөн күлдүрө сүйлөп, өзүнө менин көңүлүмдү бөлдүрүүнүн аракетинде болду. Мага да анын орундуу сүйлөгөнү, калбаат кыймылы жагып калды. Алыкул тууралуу дагы билгеним - анын сүйлөшүп жүргөн кызы Айдай экөөбүз жакшы болчубуз. Ошол кезде Алыкул аны унута албай жүргөн кези окшойт, кээде мени менен сүйлөшүп жатып, менин сөздөрүмдү укпай бир чекитти карап, бир топко чейин телмирип калар эле. Анан гана уйкудан чочуп ойгонгондой селт этип, дароо сөздү башкага буруп кетчү.

Дегинкиси Алыкул боорукер эле. Ушунча болгону Алыкулдай боорукер жанды кезиктире элекмин. Өзү жетим өсүп, турмуштун азап-тозогун көп тарткандан болсо керек деп ойлочумун. Көпчүлүк убакта оюмда эмне болуп турганын билип койчу.

Отуруш аяктагандан кийин мени үйгө жеткирип барды. Көңүлү шайдоот. Үйгө кирип баратканда артыма бир кылчайып карасам, ал мени узата телмире тиктеп турган экен. Ошо боюнча бир топко чейин жок болуп кетти. Алыкул бир топко жок болуп кетип, анан капыстан эле пайда боло калчу. Мен эми Алыкул келбейт, жөн гана узаткандыр деп ойлоп, оюма эч нерсе албай жүрө бердим. Бир күнү дарбазанын эшиги акырын саал-паал ачылып, Алыкул же эшикти жаппай, же ичкери кирбей телмире карап туруптур.

–Эмне турасың босогодо, ичкери кирбейсиңби,–деди агам Сапаргалый Алыкулга.

–Зейнешти карап турам. Зейнешке эле үйлөнүп алсамбы деп турам ,–деди жүзүнөн эч кандай күлкүнүн изи билинбей.

–Мейлиң, мейлиң, – деп койду агам да оюна албай. Каникул аяктап, кайрадан Москвага окууга жөнөдүм. Бул 1939-жылдын күзү эле. Көп узабай эле артыман Алыкул жетип барды. Үйлөнүү тууралуу оюн билдирди. Мен: «Окууну бүтөйүн. Ага чейин турмушка чыкпайм», - деп көшөрүп туруп алдым. Ошондон баштап, Алыкул Кара-Балтадан Бишкекке каттагандай эле, Москвага байма-бай каттай баштады. Сабактан кийин экөөбүз Москванын кооз жайларын

көрөбүз, кинотеатрларга барабыз. Алыкул күлкүлүү сөз айтып, зериктирбейт. Ошол кезде ал «Жолборс терисин кийген баатырды» которуп жүргөн кези экен, көрсө. Өзгөчө Шота Руставели, Шекспир жөнүндө берилүү менен сүйлөйт. Ошол кезде Шекспирди да которуу оюнда бар турбайбы.

–Ээ, Зейнеш, - дечү ал кыялданып, - биз жөн эле пенде экенбиз да. Мына, жазса Шота абадай жазсын. Тим эле жүрөктүн түпкүрүнөн сууруп алат го, чиркин! «Баатыр» не деген чыгарма. Анык классика деген ушул!

–Аманчылык болсо муну которуп тартууласам, арманым болбос эле бул эки дүйнөдө!.. –деп калар эле...»

Ж. ТУРУСБЕКОВ. «Алыкулга таазим»,

Бишкек, 1995-ж. 39-41-6.

3. Рецензия-дил баян

Рецензия-дил баян мектептерде бүгүнкү күндө кеңири практикаланып жүргөн, чыгарманын идеялык-тематикалык мааниси жөнүндөгү дилбаянга окшош, бирок рецензия деп аталып, анын жанрдык өзгөчөлүгү даана көрсөтүлүп отургандыктан, кайсы бир көркөм чыгарма жөнүндөгү курулай декларативдик сыпаттоо эмес, чыгарма же анын каарманы туурасында окуучунун жекече талдоосу, жекече көз карашынын берилгендигинде экендиги талашсыз.

Рецензия - латын сөзү, *караштыруу* дегенди билдирет. Ал - чыгармага болгон адабий сындык талдоонун оперативдүү бир формасы: А рецензия-дил баян адабий рецензиянын ушул белгисин өзүнө камтыйт.

Мындай дил баяндын мүнөздүү белгиси, биринчиден, чыгармага же каарманга аналитикалуу, ар тараптан мүнөздөмө берилет, экинчиден, окуучу тарабынан ага акыйкат баасы берилүүсү мүмкүн.

Окуучу адегенде мына буларды эске алууга тийиш: рецензияда чыгарманын аталышы, чыккан жери, жылы аталып, чыгарманын кыскача сюжети, каармандардын кыскача мүнөздөмөсү берилет да, андан ары автордун сюжет куруу, образ түзүү ж.б. чеберчилиги сыпатталат.

Эгерде рецензия-дил баян ушундайча чеберчилик менен жазылып, автордун стилдик өзгөчөлүгү, чыгарманын тили, каармандын өз алдынчалыгы ж.б. маалыматтар, цитаталар менен ынанымдуу жазылып, автордун ийгилиги менен кемчиликтери даана көрсөтүлүүгө жетишилсе, анда ал дил баян жанрдык өзгөчөлүгүн так аныктай алган болор эле. Ошон үчүн, методист Ю. А. Озеров: «Мүнөздөлүнбөй берилген баа - куру сөздүүлүк, далилсиздик, логикасыздык» гана болорун туура эскертип отурбайбы.

Мындай дил баяндын түрүнө мисал катары окуучулардын колунан жаралган ойдогудай ишти табуу кыйын. Ошентсе да, айта кетким келет, айрым учурда республикалык олимпиадалык мелдештерде айрым чыгармачыл, ишкер окуучулардын Ч. Айтматовдун «Жамийла» повестиндеги Жамийла менен Даниярдын образдары тууралуу жекече ой жүгүртүүлөрүн учуратууга болот. Алардын айрымдары Жамийла менен Даниярдын турмуш куруп кетүүсүн Данияр Садыктын үй-бүлөсүн бузуп, Жамийланы аялдыкка алып кетти, же болбосо, «батышта кандуу согуш жүрүп жатса, ал эми Жамийла күйөөсүн күтпөй, Даниярды ээрчип кетүүсүн каталык деп эсептейм, а анчалык эле Даниярды сүйгөн болсо, согуштун бүтүшүн, Садыктын келишин күтүп, анан деле ажырашып кетпейби...» - дешип сындашат. Же болбосо, «Делбирим» повестинде Байтемирдин Аселди үйүнөн кетирбей коюшуна же кичинекей Сапарды Аселдин атасына жибербей коюшуна ичтери күйүп, атадан баланы кантип айрып бөлүүгө болот, алар канчалык ошентишсе да, «Самат акыры өз атасын табат да» дешип, мында да чыгармага, андагы каармандардын кылык-жоруктарына өз алдыларынча жекече талдоосун, ой-пикирлерин билдиришүүдө.

Мындай ой-пикирлерди четке кагууга эч жарабайт, андан көрөкчө окуучулардын кайчы ой-жүгүртүүлөрүн колдоо гана керек, аны андан ары өстүрүүгө багыт берүү кажет.

Ал эми чыныгы рецензия тууралуу айтылуучу сөз - башка. Мисалга, жаңы жаралган көркөм чыгармага жазылган адабий сын, талдоо же чакан рецензияларды көп эле тартууга болот. Ошентсе да, мугалим алардын ичинен тили жатык, объективдүү жазылган эки-үч рецензияны мисалга алып, андан соң жаңы чыккан чыгармага же жаңы таанышып отурган кайсы бир повестке, аңгемеге, ырга өзүлөрүнүн чакан пикирлерин жаздырууга көнүктүрсө ашыктык кылбайт. Мындай ырааттуу иш-аракет өз учурунда жемишин берери шексиз. Окуу китептеги жазылган талдоолорду жана баяндоолорду сөзмө-сөз пайдаланып, же андагы берилген баа-мүнөздөмөлөрдү сокур ээрчип, кайталап жазгандан көрөкчө, мындай дил баяндарда окуучулардын өз

чыгармачылыгы жылт этип көрүнө калып отурбайбы.

4. Публицистика-дил баян

Дил баяндын бул түрү көбүнчө эркин темада, ой толгоо түрүндө жазылат да, публицистиканын стили сакталат.

Мында да, негизинен, тандалып алынган тигил же бул тема боюнча окуучунун жекече ою, көз карашы, фактыларды чогулта билип, аны талдай билүүсү, аягында өз баасын айтып, жыйынтык чыгара билүү, «турмушка карата аналитикалык мамиле» (А. Муратов) жасай алуусу өзгөчө эске алынат.

Мындай болгон соң, публицистика-дил баян кептин ой жүгүртүү түрүндө мисал болору анык. А ой жүгүртүүнүн структурасы, адегенде проблемалуу тезис коюлуп, анан аны далилдүү фактылар менен чечмелөө, анын негизинде жекече ой жүгүртүү менен жыйынтыкка келүү болуп саналат.

Бирок жекече жыйынтык жөнүндө айтканда, окуучу ой келди тенденциялуу, ишке ашпаган кыялдарды саймедиреп берүүсү жарабайт. Окуучунун ой жүгүртүүсү учурдагы коомдук турмуш, анын чыныгы картиналары, далилдүү, урунттуу окуялар, тарыхый фактылар менен далилденип отурат да, алардын негизинде реалдуу өнүгүү боло турган же сөзсүз аткарылууга тийиш болуучу проблемаларды алдыга сунуш кылуунун негизинде жыйынтыкталмакчы.

Мындай багытка ылайык келүүчү айрым материалдардын тематикасы тууралуу буларды атасак болот. Мисалы, «Мен келечекте ким болгум келет?», «Бүгүнкү базар экономикасы жана жаштар», «Динге менин мамилем», «Жаратылышты коргоо - Ата Журтту коргоо», «Мен илим кылымынын адамымын», «Мен ыймандуулукту кандай түшүнөм?», «Канча тил билсем - ошончо кишимин», «Эне тил тагдыры - эл тагдыры» ж.б.

Бул аталган тематикалар мектеп практикасында бир катар жылдардан бери эле практикаланып келе жатат. Анткени алар ар бир муундун өкүлүн, өзгөчө жаңы өсүп келе жаткан бүгүнкү жаштардын жигердүү муунун өзгөчө ойго салары бышык.

Мындай тематикалардагы публицистикалык макалалар мезгилдүү басма сөздөрдө (газета, журналдар) жана радио-теледе дамаамат ой жүгүртүү

багытындагы публицистикалык дил баяндарды жазууга даярдоодо ошол материалдарды окууну жана угууну сунуш кылуусу, аларды үлгү катары мисалга тартып, талдап үйрөтүп, анан гана ошондой дил баяндарды жазууга үйрөнүүсү, ага багыт берүүсү зарыл.

Мындай даярдык иштерин жүргүзүүдө мугалим берилген тема боюнча ага план түзүп берип, алга жетелеп, анан андан ары эмнеден баштап, ишти кайсы багытта улантуусу, ал үчүн кандай материалдарды, фактыларды кантип тандоосу, алардын негизинде изилдеп-талдоо иштерин жүргүзүүсү, аягында фактыларды салыштырып жыйынтыктоосу зарыл экенине көнүктүрүлмөкчү. Жыйынтыктап айтканда, публицистика-дил баян күндөлүк коомдук-саясий, актуалдуу маселелерге карата, курч, көркөм сөздүн күчү менен жазылган, турмуштук фактыларга негизделген өзгөчө ой жүгүртүүнүн коомдук активдүүлүгүн, турмушка ой жүгүртүү аракетинин алгачкы кадамдарын билгизет.

Бул сыяктуу дил баяндар, эгер өз аты менен атай тургандай деңгээлде болсо, анда ал окуучунун эркин темада жазылуучу мыкты жумушу болуп саналары белгилүү. А окуучулар мындай эркин темалардагы дил баяндарды жазуута өзгөчө кызыгышат. Ал негизги темаларды анча жеткиликтүү билбегендигинен эмес, бир теманын чынжырында тушалбай эркин темада чабыттап эркин жазууну, ой жүгүртүүсүн, билимин сынап көрүүнү самагандыгы экенин, мугалим окуучусунун андай максат оюн ишке ашырууга сөзсүз көмөктөшүүсү, багыт берүүсү зарыл. Эмесе, публицистика-дил баянга мүнөздүү үзүндүнү окуп көрөлү.

ҮЧҮНЧҮ КАТ

Дос күтүү жөнүндө. Жаман дос - көлөкө сыяктуу, күн тийип турганда качып кутула албайсың, күн бүркөөдө издеп таба албайсың. Ушунун сыңары колуңдан иш, оозуңдан сөз келип, ооматың артып турганда, достошууга ашкере жан тарткан адамдардын чыныгы досу да (кээде сен ага, ал сага түшүнбөй) акыбет кылбай кетет. Ошон үчүн эртеби-кечпи көңүл суутуп, сени сындырып таштап кетпеген, бу дүйнөдөгү чыныгы, ишенимдүү дос - экөө гана: бу – эмгек жана китеп. Жашыңдан китепкөй, эмгекке дербиш болуп, эмгегин, акылың менен чөйрөңө, элиңе жаксаң, бейтааныш кишилер түгүл, араздарың да сага - дос, жолдош.

Ал эми сен күткөн турмуштагы дос-жоро, ар кыл курагында ар башкача болот, тагыраак айтканда, өзүңө жараша болот. Адам ылгабай жаш кезинде огеле дос-жоро күтөт. Бирок мезгил өткөн сайын алар азайып, картайган кезиңде эң ишенимдүү, эң жөнөкөй досторуң гана калат. Анткени курак өткөн сайын адам турмуштан сыналып, иргелип отурат да, анын аңдоо сезими жашоодогу огеле көп төтө сырды таанып билүүдөн улам, айрыкча, мезгил өтүп, турмуш аларды коомдо өз-өз ордуна коё баштаганынан улам, бири өйдө, экинчиси төмөн карап, башканы кой салам айтуудан калып, сууп кетишет.

Дагы бир себеп, кээ киши чыныгы сүйүүсүн сактай биле албагандай эле, чыныгы достукту да сактай албайт. Мындайлар кичине эле зоболосу көтөрүлсө, дароо үнү, сүйлөгөн сөзү, кыймылы өзгөрүп, өзүнөн төмөнүрөөк кызматтагы досторуна мамилеси өзгөрүлүп, өзүн көсөм сезип, корсоюп калат. Не кыласың, анын болгон жаман акылы ошо, көр пенделиги, бечаралыгы ошо!

Жан уулум, ошон үчүн өзүн көсөм, өңгөнү төмөн санаган адам менен зили достошпо. Сырыңды душманым билбесин десең мындайларга ооз ачпа. Айрыкча, дагы айтарым: ичи тар, көралбас менен кабинетте, жыйында бирге отурба, түркөй, өжөр менен талашпа; эки жүздүү, жалганчы, сараң менен мамиле түзүп, наадан менен ичимдик ичпе.

Бакайдай, чыныгы доско өзүң тете болуу үчүн: «Досум мага эмне берип, эмне жакшылык кылды?» — деп ойлобой, — «Мен досума эмне берип, эмне жакшылык кылдым?» — деп ойло. Эгер жакшылык кылсаң ал жакшылыгыңды милдет кылып, ага айтпа. Милдет кылуу, эсептешүү, майда кишинин, дүнүйөкор кишинин иши.

Жан уулум, акырында айтарым, өзүнө дүйнө-дос издебей, идеялаш дос изде!.. Албетте, төрт тарабы шай киши болбойт дүйнөдө. Ошон үчүн, бой жетип турган чагында өзүн периште сезип, жигиттен жигит тандап жүрүп, акыр аягы күйөөсүз калган бейоопа кара далы кыздай болуп, кемчилиги жок, төрт тарабы шай дос издейм деп жүрүп, акыр аягы дос-жоросуз жалгыз-жарым калба ...

К. САКТАНОВ. «Кырчын» журн. 1996-жыл, №2.

ЭНЕ ТИЛГЕ КАЙТЫП КЕЛҮҮ

«Өзгө тилди канча жакшы көрсөм да, өз тилимди сүйгөнүмдөн жаңылбайм», – деп акын абдан таамай айткан. Бөлөк тил кантсе да, биздин колубуздагы инструмент, пайдалана турган курал. Ал эми эне тилибиз болсо, кан-жаныбыз менен кошо бүткөн, боор эт менен тең, эч нерсе менен алмаштыргыс ыйык дөөлөтүбүз, сыймыгыбыз. Бекеринен: «Эне тилим - эне сүтүм», - деген акылман учкул сөз арабызда жашабайт. Кыргыз тили — өз алдынча улут экенибиздин эң орчундуу белгиси. Демек, эне тилди сүйүү, урматтоо, ыйык тутуу - эгемендүү республикабыздын ар бир атуулунун нравалык жүрүм-турумунун башкы критерийлеринин бири болууга тийиш.

Тилекке каршы, тоталитардык системанын, сверхинтернационализмдин шарттарында маңкуртчулук оорусуна чалдыккан, улуттук тамырлардан оолактап калган көптөгөн жарандарыбыз 1989-жылы кабыл алынган өз эне тилибиз жөнүндөгү мамлекеттик мыйзамды жүзөгө ашыруу ишинде ыкшоолукту көрсөтүп жатышат. Биз көп учурда тил мыйзамынын ойдогудай аткарылбай жаткандыгын, өкмөткө, президентке шылтайбыз. Ырас, жогору жактан да кемчиликтер кетип жатат. Бирок эң негизги чоң өксүк - биздин көбүбүздөгү эне тилибизге карата патриоттук рухтун өнүкпөгөндүгү, улуттук аң-сезимдин, тилдик өзүн өзү аңдап түшүнүүбүздүн (языково самосознание) төмөнкү деңгээли, маңкуртчулук өнөкөтүбүз болуп отурат. Кыргыз тили кыргыз пенделеринин кайдыгерлигинен азап чегип, өз ата мекенинде арыш керип, өркүндөп өсө албай отурат. Мен Кыргызстанымдан кыргыз тилине кайдыгер кыргыз академигин көрдүм. Кыргыз тилине кыйшык көз менен караган кыргыз министрди, депутатты көрдүм. Эне тилин унуткан бишкектик Такинди көрдүм, ошондой эле немени соттон көрдүм. Эне тилин сүйбөгөндү

Чүйдөн көрдүм, ошондой эле маңкуртту үйдөн көрдүм, урмат-сыйлуу төрдөн көрдүм. Эне тилде эки ооз сөз жазалбаган айымды көрдүм, ошондой эле бизнесмен байыңды көрдүм. Мына ошентип, жергебизде, бөтөнчө, улутубуздун жүрөгү - Бишкекте эне тилибизди уул-кыздарыбыздын кайдыгерлигинин калың туманы басып жатат. Иш кагаздары дээрлик орус тилинде.

Бурадар, тетиги өзбектерди, чечендерди, еврейлерди карачы. Израилде еврейлер иврит тилин баладай багып турат, эне тилдин отун алоолонтуп жагып турат. Эне тилге еврейдин сүйүүсү, дайра болуп ташкындап агып турат, мунусу бүт дүйнөгө жагып турат. Ал эми Бишкектеги кыргызбайды карачы өз тилине аркасын салып турат, эне тили арт жакта калып турат. Эне тилин таманга тепсеп турат, уй сыяктуу маңыроо кепшеп турат.

С. БАЙГАЗИЕВ. «Инсандын ич жактан

жаңылануусунун зарылдыгы»,

Бишкек, 1998- ж. 25-6.

5. Аңгеме-дил баян же новелла-дил баян

Дегинкиси, аңгеме жанры турмуштун бир үзүм окуясын чагылдырып, аз сандагы каармандардын тагдырын камтыган, көлөмү чакан окуя тез өнүгүп, бат жыйынтыкталган, бирдиктүү бир турмуштук ойду камтыган, кара сөз түрүндөгү (прозалык жанрдагы) чыгарма экени белгилүү. Анын кандай чыгарма экенин окуган адам дароо эле сезери да анык. Анткени андагы бирин-экин каармандардын тегерегиндеги өткөн окуяны, же кайсы бир окуянын үзүмүн окуп эле туят.

Аңгеме жаза билген, же жазууга аракет кылган балдар да мектепте жок эмес. Себеби аңгеме өзүнүн табиятына жараша баланын көңүлүн ойготуп, өз турмушундагы кыялдуу, өз алдынчалуу, шок, күлкүлүү окуяларына жакын, окшош болуусу менен, балдарды өзүнө тартып турары шексиз.

Новелла дагы ошондой. Ал дагы көлөмү, камтыган окуясы менен аңгемеге окшош болгону менен, бирок окуянын жыйынтык бөлүгүндөгү адамды терең ойго салган, түйшөлтүп, ичти тыз эттирген тагдырлар аңгемеден айырмаланып турат. Ошентсе да, ал экөө бири-бири менен психологиялык жагдайларга жараша шарттуу түрдө гана айырмаланбаса, *новелла* деген сөз француз тилинен которгондо *аңгеме* дегенди эле түшүндүргөнүн эске алсак жетиштүү.

Окуучулардын мына ушул айтылган багыттарда өз алдыларынча иш жүргүзүп, чыгармачылыкка багыт алган учурлары жок эмес. Образдуу айтсак, адабият же тил сабагында дил баян жазууда негизги теманын тегерегиндеги адабий ой жүгүртүүнүн чегинен чыгып, эркин ой жүгүртүүгө өтүп кеткенин байкабай, өз алдынча жаңы чыгарма жазып жатканын туйбай калган чыгармачыл окуучулар жок эмес.

Мисал келтирели: Окуучу 9-класста К. Баялиновдун «Ажар» повести боюнча, же 11-класста Ч. Айтматовдун «Делбирим» повестинин негизинде «Жалгыз тал ширеңке да өчөт, анан мен да өчөм» жана «Армандуу махабат жөнүндөгү эң сонун дастан» деген темаларда дил баян жазууга кириштi дейли. Өз ишине чыгармачыл мамиле кылган, теманы эң сонун билген, сезимтал окуучу китептен окуганын жөн салды гана кургак баяндап коюп гана чектелип калбайт. Ал автордук баянды жүрөгүндөгү электен өткөрүп, каармандар менен кошо жашап, тагдырлаш пенде катары көз ирмем болсо да бирге боло калып, акырында балалык баёо, сезимтал жүрөгү менен «ооруп» өз алдынча жаңы аңгемени - аңгеме-дил баянды, өзүнүн алгачкы чыгармасын жазып койгонун билбей калары бышык.

Мындай учурлар практикада жок эмес, мектептик же олимпиадалык сыноолордо окуучулардын жазган чыгармаларын, дилбаяндарын көп эле учураткан учурлар болгонун айткым келет.

Алсак, аңгеме-дил баяндарда Ч. Айтматовдун «Эрте жаздагы турналар», «Ак кеме», А. Токомбаевдин «Мезгил учат», Ж. Турусбековдун «Жеңишбек» ж.б. чыгармалардагы образдарды талдоодо дал ошондой учурлар кайталанары шексиз.

Мындай учурларды кубаттоо керек, окуучулардын чыгармачыл эмгектерин татыктуу баалап, аны өркүндөтүү багыттарын көрсөтүп, андан ары аңгеме-новелла жанрындагы өз чыгармаларын жаратууларынын жолун таап берүүсү кажет. Анткени адабият сабагынын эң негизги милдеттеринин бири ушул эмеспи.

Антпесе, методист А. Муратов айткандай: «Китептен көчүрүү - дил баян жазуу эмес, анда окуучунун өздүк чыгармачылыгы жок жана болбойт».

Жогоруда айтылган оюбуз куру болбосун деп, алтын медаль үчүн сыноого жазылган эркин темадагы дил баянды мисалга тарталы.

ЭЛЕТ ТУРМУШУ:

БҮГҮН ЖАНА ЭРТЕҢ

(Аңгеме-дил баян)

Эртең менен таң кылайып, күн жарык шооласын жерге төккөндө автобуска олтурдум да, алыскы бир айылга сапар тарттым. Качан болсо да жер кыдырып, элдердин турмушун көрүп, кайра ошол көргөндөрүмдү газета, журналдар аркылуу элге жеткирүү журналисттин милдети эмеспи. Бүгүн да элет турмушу жөнүндө ойго батып, өз көзүм менен көрүп, кулагым менен укканымды кагаз бетине түшүрүп, эл менен бөлүшөйүн дедим.

Мага керектүү аялдамадан түшүп калып, эмнеден баштарымды ойлонуп тургуча, шаарга бара турган автобус келип калды. Ошол жарым сааттын ичинде мурдагы жана кийинки келген жүргүнчүлөр жайнап кетти.

Ансыз да толуп турган автобуска жөөлөшүп, түртүшүп жатып баары кирди да, чүкөдөй кичинекей кемпир калып калды. Шаарга барбай калып калганына өкүнүп, автобустун боорун чаап жиберди да, тердей түшкөн жүзүн жоолугунун учу менен аарчый кетти. Мен ага жакын басып келдим да:

– Энеке, шашпай кийинкисине эле түшүп кетпейсизби?

– Кийинкиси дейт тура, кийинкиси түштө келет.

– Шаарга эмнеге бармак элеңиз?

– Чай-пайды айылдан эле алып алайын десем, дүкөндүн эшигин күнү-түнү кара кулпу кайтарып турса, шаарга барбаганда кайда бармак элем. Минтип автобустан да калып калдым. Жүр балам, эми үйгө барып, бир чыны чай ичели, - деди.

– Рахмат, эне, жумушум бар эле, - дедим.

– Кемпир колундагы түйүнчөгүн колтугуна кысты да, шашпай басып, үйүнө жол тартты.

Айылдык Кеңештин төрагасына жолугайын деп, айылдын борборун карай бастым. Жолдон жашы он бештерге чамалап калган балага жолугуп, аны токтоттум.

– Эй, бала! Атың ким? Саат он болуп калды, мектепке барбайсыңбы?

– Саламатсызбы, эже. Атым - Айдар, мен мектепте окубайм.

– Кандайча окубайсың, же бүгүн калып калдыңбы?

– Жок, такыр эле окубайм. Тогузунчу классты бүткөн соң, атам менен апам жибербей коюшту.

– Эмнеге?

– Агай күн сайын кайдагы бир эски-уску китептерге, тигиге, буга деп акча сурай берет. Атамдын болсо жумушу жок, үйдө отурат.

– Азыр эмне иш кыласың?

– Апам нан жасап берет, ошону күн сайын сатып келем, анан атама жардам болсун деп, инилеримди ээрчитип, үйдөгү чарбаны карайбыз.

– Азамат жигит турбайсыңбы, Айдар. Чоңойгондо ким болосуң?

– Мен чоңойгондо Бекиштей бригадир болом. Бирок Бекиштей кара ниет, өзүмчүл болбой, эл үчүн ак иштеген адам болом. Себеби ал бизге тамеки, кызылча эккенге жер бербей койду. Эми кантебиз деп атам менен апамдын башы маң, жаз келип калбадыбы...

Айдар чоң кишидей үшкүрүнүп койду. Кичинекей баланын бешиктен бели чыкпай жатып, турмуш жөнүндө ойлонгонун көрүп, бир чети ыраазы болуп, бир чети зээним кейий түштү.

-Айдар, сен сөзсүз окушуң керек. «Окуу, окуу жана окуу» -деп ким айткан, билесиңби?

–Билем, аны айткан адам - Ленин. Ал киши азыр жок да? Мен баланы саясатка да кызыгат тура, окуп билим алса, бирдеме чыкмак экен деп койдум. Белек кылып калемимди бердим да, сапарымды уладым. Баратып, бир эле жолуккан кишиге арыз му-ңун айткан балага эч кандай жардам бере албаган абалымды ойлоп, өзүмдү өзүм күнөөлөдүм. Бул оюмду алдыман чыккан ак

сакалдуу, көздөрү чүңүрөйгөн, жаагы шимирилген, башында ак калпагы бар, кара тонду желбегей жамынган карыя бузду.

– Саламатсызбы, атаке.

– Саламатчылык. Кел бери, отур мындай, - деп жаңы чыккан көк чөптү көргөздү да, өзү отура кетти.

– Ии, кайдан, кызым?

– Шаардан. Келечекте журналист болуу максатында, өзүмдүн калемимди элет турмушун жазуудан баштоого өзүмө өзүм максат коюп, сиздердин айылга кайрылып калдым.

– Түшүнүктүү, максатың жакшы экен, кызым. Ким менен маектешейин дедиң эле?

– Айылдык Кеңештин төрагасы менен...

– Ага барбай эле кой, жокту бар кылып, төөнү бээ кылып айтып салат. Андан көрө, менден сура. Мен деле элдин турмушун жакшы билем. Айлана-чөйрөнү байкаган калыс адаммын, - деди.

– Макул, ата. Баштай берелиби? - деп жооп бердим да, калемимди, блокнотумду алып даярдандым.

– Алгач аты-жөнүңүздү, кесибиңизди айтсаңыз.

– Бекбоев Акман. Мугалим болуп отуз беш жыл эмгектендим. Азыр пенсиядамын.

– Демек, пенсионер экенсиз да, алган пенсияңыз сиздин жашоо-тиричилигиңизди канааттандырабы?

– Кайдан, балам, алганым - үч жүз сом. Тамак-ашка жетсе, кийим-кечеге жетпей калат. Андан калса, мурда чыккандар өтө аз алабыз. Мына ошолорду жаз. Депутаттар калыс чечсин.

– Сөзсүз ушул маселе жөнүндө жазам, ата. Мурда социалисттик түзүлүш менен айырмасы кандай, эгемендүү болуп эмнеге жетиштик? Ушул тууралуу оюнузду айтсаңыз.

- Мурдагы замандын деле жакшы жагы да, жаман жагы да бар эле. Ал мезгил, ошол учур кайра келбейт. Мен - оптимист адаммын. Али жакшы турмушка жетишебиз деген илгери үмүт мобу көкүрөктө, балам.

Эгемендүү болуп эмнеге жетиштик? Көп нерсеге, алгач башаламан болсо да, азыр системага түштү десек болот. Койду, уйду таратып фермерлер уюшулуп, кайра элди бага башташты. Дыйкан чарбалар түзүлүп, техниканы бөлүштүрдүк да, жер иштетилип, түшүмүн берип жатат. Айыл чарбаны өнүктүрүүнүн «америкалык» жолуна өтүптүрбүз. Бирок чет элден сурап алган кредиттердин көптүгү жана алардын кумга сиңген суудай жок болуп жатышы жаман. Ушул карыздардан качан кутулабыз, келечектеги урпактар кандай күн көрөт? Биле албайм...

-Жакшы, ата. Эккен түшүмүн жыйначу учур да келет, мунуңуз туура. Эми жаштар маселесине кичине кайрылсак кантет?

-Өзүмдүн эки уулум бар. Бири - Россияда, бири - Турцияда чапкылап жүрүшөт. Мурда клуб жок, кино жок деп шаарга урушчу эле, азыр акчанын, көр окаттын айынан качып жатышат. Ошол эле акча менен жашоонун көйгөйүнөн улам уурулук кылып, киши өлтүрүшүүдө. Ушунун баары жумуштун жогунан деп ойлоймун. Жумушчу орундары түзүлсө, алар түрмө эмес, иш менен алаксышмак. Арак ичип, тамеки тарткан жапжаш балдарды көрүп, жүрөгүң оорубай койбойт экен...

- Кокус ооруп калсаңыз, медициналык тейлөө кандай деңгээлде дейсиз?

-Кудай анын бетин ары кылсын. Кышында сыркоолоп калсам: «Эртең кел, бүгүн кел» - деп кыйнады. Текшерип, толгон-токой дары жазып берди. Алардын бирин тапсам, бири жок, бирин алсам, экинчисине акчам жетпей, айлам куруду. Оорум да күчөп калды.

–Ылайым оорубаңыз, ата. Курган маегиңиз үчүн чоң рахмат.

-Кызым, жети атаңды билесиңби?

–Жок, ата.

–Кыргыз кыргыз болгону жети атасын унуткан эмес, үйрөнүп ал да, эсиңе туткун.

–Макул, ата, кош болуңуз...

Ак жол, кызым.

Акыркы автобуска эптеп отурдум да айнегине жөлөнүп, ойго баттым. Бүгүн барып макаланы жазам. Эртең аны окушканда, ар ким өзүнчө жыйынтык чыгарышат. Күткөнүм, кары-картаңдардын тилегин таш каптырбай, кичинекей балдардын жүрөгүнө так калтырбай, элеттин эле эмес,

жалпы журттун жашоо деңгээлин көтөрүүгө багытталган программалар чаң басып кала бербей, ишке ашса экен...

*А.*МАВЛЯНОВА. *Бишкек шаары,*

№39-мектептин 11-классынын окуучусу.

6. Поэма-дил баян (же ыр-дил баян)

Ыр формасындагы дил баян, негизинен, эки түрдө жазылат, тактап айтканда, тандалып алынган темага ылайык окуучунун өз пикирин, ички толгонууларын, ой-туюмдарын билгизген, кептин сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү түрүндөгү ыр формасындагы дил баян жана. даяр сюжеттин негизинде жазылган окуялуу, чакан поэма түрүндөгү дил баян болуп эсептелет. Ошондуктан жазылган дил баяндардын жанрына жараша, поэма-дил баян жана ыр-дил баян деп шарттуу түрдө бөлүп көрсөтсөк болот.

Ыр-дил баян поэзия жанрындагы чыгармалардын түрлөрүнө жараша өз ара пейзаждык, сүйүү, граждандык, же дидактикалык (философиялык) делинип бөлүнсө болот. Алардын ар бири өзүнүн мүнөзүнө жараша же пейзаждык сүрөттөө, турмуштук баяндоо, ички сезим-туюмун билдирүү, философиялык толгонуу же болбосо дидактикалык акыл-насаат айтуу түрүндө жазылмакчы. Чыгармачыл окуучулар бул сыяктуу дил баяндарды жазууга ынтызар келишери белгилүү. Анын үстүнө, көпчүлүк учурда салттуу эмес формада жазылган дил баяндарды баалоодо кетөрмөлөп баа коюу практикасы балдардын мындай башталма иш-аракеттеринин өсүшүнө оң таасир бере алат.

Демек, ыр түрүндөгү дил баяндарга коюлуучу талаптар, негизинен, поэзиялык жанрдагы чыгармаларга кандай талаптар коюлса, ошого окшош, бирдей коюлат. Тактап айтканда, дил баянга турмуш чындыгы лирикалык каармандан (автордун) ички сезимдери (кубанычы, кайгы-арзуусу, толкунануусу, түйшөлүүсү) аркылуу берилет да, андан окуучунун дүйнөгө болгон жеке көз карашы туюлат. Анда кептин эмоционалдуулугу, салыштырмалуу, эпитет, метафора ж.б. көркөм сөз каражаттары жыш колдонулуусу мүмкүн. Ошентсе да, болгону, бул дил баян - окуучунун чыгармасына дароо эле жогорку талап коюп баалоо да калыстыкты жаратпай койбойт. Мындайда ыр-дил баяндын мазмуну темага жооп береби, окуучу бул ыр-дил баянда

теманын мазмунун кандай деңгээлде ача алды, стилдик, көркөмдүк каражаттарды колдонуу, ыр куруу чеберчилиги кандай?.. ж.б. жагдайлар өзгөчө эске алынмакчы.

Мисал катары: «Эне, сага бардык сыймык жарашат, Эне, сенден сыйлыкты ким талашат» аттуу темага ылайык жазылган ыр-дил баяндан үзүндү келтирелик:

ЭНЕ ЫЙЫК

Эне ыйык жашообуздун жарчысы,
Эне - дайра, биз булактын тамчысы.
Бешиктеги балтыр бешик баланын,
Эне өзү жүрөгүнүн жартысы.

Эне кымбат чындыгында баарыдан,
Бир мүнөткө бөлөк болсо сагынган.
Эне сүтүн эмип жатып наристе,
Ыракаттанат көзүн ачпай уйкудан.
Эне күйөт, эне сүйөт баласын,
Энең кыдыр, таалай жолун табасың.
Аска-зоодой чалкып жатса эмгеги,
Кыялданып, толкунданып каласың.

Н. ШАМЫРКАНОВА. «Кырчын» журналы,

1996-ж. №2.

Кээде көлөмдүү ыр түрүндөгү сюжетсиз чыгармаларды да поэма деп атап

коюучу учурлар адабиятта салтка айланган. Бул анын баяндоо максатына, камтыган материалдын кеңдигине жараша аталары белгилүү. Мындай ойду методист-окумуштуу Ю. А. Озеров да жогоруда айтып өткөн китебинде кеп кылып өтөт.

Дил баян, негизинен ыр түрүндөгү, көлөмү анча чоң эмес, турмуштук, бир сюжеттин негизинде, 2–3 каармандын тегерегинде болуп өткөн окуяларды, алардын тагдырын баяндаган чыгарма экендиги белгилүү. Демек, ушул мүнөздүү өзгөчөлүгүнө жараша поэма-дил баянга коюлуучу талаптарды түзүүдө мурдатан белгилүү болгон талаптарга таянабыз.

Чыгарманын негизинде жазылган дил баян коюлган темага ылайык, анын сюжеттик өзөгүн кайталаган, андагы айтылган ойго, каармандарынын кылык-жоруктарына мүмкүн жекече, автордук көз карашын билдирген мүнөздө жазылуусу ыктымал. Ошондой сапаты менен ал оңой түрдө жазыла койчу иштерден эмес экендигин да тастыктап турат. Мындай дил баяндар жөн жерден эле жазыла бербейт, чыгармачылык шыгы чындап ойгонгон, «чымындуу» окуучулардын гана колунан келип, калеминен жаралмакчы.

Төмөндө Ч. Айтматовдун «Делбирим» повестинин негизинде жазылган поэма-дил баянга көңүл буралы:

ДЕЛБИРИМ

Мен бүгүн өткөн күндү эске салдым,

Ал күндү эстей албай ойго баттым.

Ошондогу кейиштүү окуяны,

Жазайын деп колума калем алдым.

Анда мен шофёр элем «Зил» айдаган,

Ал ишке кирүүмө жардамдашкан,

Армияда мени менен бирге болгон

Алыбек Жантуровго рахмат айтам.

Жүктөрдү ташычубуз зымыратып,
Бул жолу да бетон-шагыл жүктөп алып,
Күтүлбөстөн машинам тык токтоду
Жолдогу бир ылайга батып калып.

Ошол замат машинамдын газын бастым,
Чыккандай түрү жок бул машинамдын.
Ошентип тердеп-тепчип жаткан кезде
Ак жүздүү сулуу кызды көрүп калдым.

Машинам да кызыктыбы сулуу кызга
Ылайдан чыгып кетти бир заматта.
Чыгып алып: «Кир» - дегендей белги берип,
Эшикти ачып койдум ошол кызга.

Кыйылып аста-секин чыга калды,
Улам-улам мен жакты карап жатты.
Кайдагы жаш селки деп ойго баттым,
Мен ага: «Атың ким?» - деп суроо салдым.

«Асел» - деп мени карап бир күлдү да,
Ушул жерде түшөйүн деп суранды.
Токтой калып мен эшикти ачканымда
Секирип машинадан түшө калды.

Элесиң кетпей койду эч эсимден,
«Асел» — угулгансыйт сени эстесем.
Ар дайым сени менен бирге болуп,
Өзүңдүн жүрөгүңдү мен ээлесем.

Экөөбүз жүрө бердик жолугушуп,
Эки күн көрүшөбүз бир күн туруп.
Ошондой жакшы күндөр өткөн кезде
Баш коштук, бакыт тилеп турмуш куруп.

Досторум куттук айтып баары келди,
Тапшырды колубузга белектерди.
Жан досум Алыбек бакыт каалап,
Өзүнүн жашап жүргөн үйүн берди.

Ошентип, экөөбүз жашап жүрдүк
Күндөр өтүп, бактылуу өмүр сүрдүк.
Бактыбызга дагы да бак кошулуп,
Кудай берип бир наристе уул көрдүк.

Уулумдун атын өзүм Самат койдум,
Карачы атасына окшоштугун.
Эки сөздүн бирөөсү Самат болуп,
Тоолорго да сүйүнчүлөгөндей болдум.

Ах, чиркин бул окуя болбогондо,
Асел менен түбөлүккө болбойт белем.
Тагдырдын жазмышы ушул болсо,
Айла канча баш ийип жүрө берем.

Прицептин экөөн тең сүйрөп алгам,
Долондун ашуусунан өтүп жаткам.
Ошол кезде машинам тарта албай,
Жылбай калды бир орунда туруп далай.

Ошондо прицебим чыгып кетти,
Кулады, жар түбүнө барып жетти.
Досторумдун алдында мактанганым
Эми кантип айтамын болгон ишти.

Уят болдум. Досторго баралбадым,
Асел менен Саматка карабадым.
Ал күнү арак ичип мас болдум да,
Диспетчер Кадича менен түнөп калдым.

Ант урган Жантай акмак айткан тура,
«Ыраспы» - деп Кадичадан бир ооз сурай.
Чындыкты билген соң, Асел Саматты алып,
Мен жокто үйдөн чыгып кетип калды.

Мен болсо намысыма чыдабадым.

Алыбектен да, Аселден да мен айрылдым.

Болду эми өткөн күндү унутайын,

Дедим да Кадича менен жашап калдым.

Экөөбүз үч жыл жүрдүк Анархайда Жалгызсырайм.

Бир нерсе жетпейт мага,

Акыры Кадича менен коштоштум да,

Аселиме жөнөдүм мен айылга.

Мына эми айылыма келип жеттим,

Аселдин үйүн көздөй баса бердим.

Эгерде Асел мага макул болсо,

«Жоголгон бактымды табам» - дедим.

Аселдин үйүнө жеткен кезде,

Бир кыздан Аселди сурай бердим.

«Күйөөгө чыгып кеткен» - дегенде ал,

Теңселип бир ордумда тура бердим...

Т. КАНБАЕВ. Ош шаары,

«Сема» лицейинин 11-классынын окуучусу.

7. Пьеса-дил баян

Пьеса-дил баян окуучунун чыгармачылык фантазиясынын кеңдигин, сөзгө чебердигин, образдуу ой жүгүртүүсүнүн ар тараптуулугу менен тереңдигин далилдөөчү өзгөчө касиетке ээ. Анткени мындай типтеги дил баян турмуштук көрүнүштөрдү типтүү образдар жана мүнөздөр менен полемикалуу ой жүгүртүү аркылуу жаралат эмеспи. Мындай ой жүгүртүүдө автор (окуучу), каарман жана турмуштук тагдырлар бетме-бет келип, проблемалар үчүн чакан драма жаралат.

Пьеса-дил баян конкреттүү бир чыгарманын сюжети боюнча (буга чейин өтүлгөн, тааныш чыгарма) же эркин темада өз алдынча ой жүгүртүү менен жазылуусу мүмкүн.

Даяр сюжет боюнча (окуган чыгарма ылайык) пьеса-дил баян жазууда, кайсы бир урунттуу эпизод тандалып алынышы мүмкүн, же болбосо, чыгарманын сюжетин үстүртөн кайталоо менен, анын идеялык мазмунун автордук баянды кошуу аркылуу башка, өз алдынча, жаңы «чыгарма» жаралуусу ыктымал.

Мисалы, «Ажар» повестиндеги Ажардын Чырдын үйүнөн качып чыгуусу, энесинин мүрзөсүнө барышы, карышкырга жем болушу сыяктуу эпизоддорду же «Ак кеме» повестиндеги «Бугу Эне» жомогун, же Т. Касымбековдун «Сынган кылычындагы» Абил менен Бекназардын антипод образдарын салыштыруу аркылуу Бекназардын өлүмү сыяктуу урунттуу эпизодду заман менен үндөштүрүп, турмуштук проблемаларды образдуу ой жүгүртүү, жогоруда айтылгандай, сабак-сахна үчүн чакан пьеса жазууга неге болбосун!?

А эми эркин темадагы пьеса-дил баянда автордун үнү (автордук баяндоо) биринчи планга чыгат.

Өз алдынча түзгөн сюжет бирдиктүү бир идеяны туюнтуу менен, ал идеяны берүү үчүн автордук публицистикалык ой жүгүртүү ал сюжетти курчутту. Сюжетти курчутууда публицистиканын курч тили жана көркөм образ чоң роль ойнойт. Андай болгон соң, дил баяндын өзөгүндө конфликт жатат.

Кандай болгондо да, окуучуга бир рецептти таңуулоого болбойт, ар бир окуучунун чыгармачылык дараметине койгон жөндүү.

Ошентсе да, пьеса-дил баяндын төмөндөгүдөй жыйынтыктуу мүнөздүү белгилерин сунуш кылууга болот:

1. Пьеса-дил баян окуучунун өз алдынча түзгөн сюжети же кайсы бир чыгарманын (лирикалык, прозалык) даяр сюжетинин негизинде, диалог түрүндө жазылат;
2. Каармандары типтүү, алардын кептери курч, полемикалуу, эмоционалдуу, так, орундуу келип, окуя ырааттуу, логикалуу, «каармандардын кебинде өнүгүүсү», анын негизинде конфликт түзүүсү зарыл. (Кыргыз адабияты, терминдер сөздүгү 30-б.);
3. Көлөмү боюнча чоң болбой чакан жазылып, чыгарманын урунттуу эпизоддорун гана камтышы, же болбосо, автор өз алдынча оригиналдуу сюжет курса, же философиялуу, публицистикалуу мүнөздө ой жүгүртө турган болсо, урунттуу ой корутундулардын болушу кажет;
4. Пьеса-дил баян окуучулар сахнасында, же сабак-сахнада аткарууга ылайыктуулугунда, анткени драма сахнага коюу үчүн жазылат эмеспи.

Эми эркин темада жазылган төмөндөгү дилбаянды сунуш кылалы:

«ЖОК, ЫР - АТКАН ОК»

Мугалим: Балдар, 3-4 сабактан бери биз жакында 125 жылдыгы калайык-калк тарабынан белгиленүүчү улуу акын Токтогулдун өмүр баянын жана чыгармачылык жолун окуп-үйрөнүп жатабыз. Силерге ой жүгүртүүнүн материалдары: ырлар жаздырылган, акындын өмүрү программаланып ай-тылган. «Сынган комуз» деген темада чыгармачыл дил баян (ой толгоо, аңгеме, диалог, пьеса, публицистика түрүндөгү) жазуу сунуш кылынган. Ошондой эле, баарыбыз тең акындын өмүр нускаларын издеп жатабыз: «Чын эле азыр, эртең жана келечекте сен үчүн Токтогулдун эмнеси кымбат? Эмнеси керектүү? Терең түшүнүү, ынануу менен катар, Токтогулдун турмушунда курал катары уруна калуучу нерселер барбы? Демек, ар ким өзү үчүн улуу акындын керектүүсүн табылга катары ачып алууга тийиш. Бүгүнкү сабакта Токтогулду адам катарында үйрөнүүнү күчөтөбүз. Максат төмөн-дөгүдөй:

1) Силерге күн мурдатан даярдалган сабактын бет ачары тартууланат, ал

ар бириңди ой жүгүртүүгө, талкууга, талаш-тартышка чакырат.

2) Өзүнчө жаңы ой айткандар, жыйынтык чыгаргандар, талашты уюштургандар жана кыйын суроо бере билгендердин эмгеги өзгөчө урматталат, аларга убакыт жетишсе, так ушул сабакта, же каалоосуна жараша башка учурда Токтогулдун күүлөрү сыйлык катары уктурулат. Эмесе, бет ачар ...

(«Тогуз кайрык» куусу башталат. Ал улам бийиктөөдө. Доскада окуучулар: Токтогул - Нуржамал, Заман - Гүлсайра, Керимбай -Гүлжамал, Эшен - Чынар, күү пастап барып угулбай калат. Акындын үнү жаңырат.)

1. **Токтогул** *(монолог)...* Мына, бул кумду шилей, илкип басып келем. Бир калыптагы кишендин шылдырт-шылдырт деген үнү. Илкип-калкып туткундар чубап келебиз. Ошондон мени ой термейт. Оо, куу дүйнө, сен жалгансың! Кантип көңүлдөн чыгат, көп журтум буркурап боздоп ыйлап калды. Ушунуң калыстыкпы?

Ооба, куу дүйнө, сен жалгансың? Туткун болуп ат жетпеген жолдо баратам. Бутумда кишен, колумда чынжыр. Баскан сайын шылдырттайт. Артымда тил билбеген солдаттар. Ачкадан жаагым карышат. Оо, куу дүйнө, сен жалгансың. Күнадыр теңчилик кылган жок, арманым толкуган суу болду. Жонумда камчынын тагы. Далым курушат. Кардым ач. Кызыл өңүмдү кир басты. Көзүмдүн жашы мончоктойт. Жаралуу билегим сыздайт, жалындуу жүрөгүм муздайт. Ооба, куу дүйнө, сен жалгансың. Сибирдин алыс жолунда сары оору болдум. Өңүм кер сары. Белим ийилип бөкчөйдү. Бирок жүрөгүм күйүп, өрт... болот. Ушунчалык кыйнагандай менин заманга жазыгым эмне? Айткылачы, кандай жазыгым бар?

2. **Замандын үнү**. О, томаяк акын Токтогул! Үнүмдөн таанып жаткандырсың. Мен куу дүйнөмүн, мен заманмын. Мен кимдин байлыгы, кимдин акчасы көп болсо, кимдин союлу күчтүү, азуусу бычак, курсагы кучак болсо ошонун ырын ырдап, оюн ойлоп, сөзүн сүйлөп, күүсүн чертпкенмин. Күн тийген жердин чоросумун. Ошон үчүн жазыктуусуң. Ошон үчүн ээн жер, эрме чөлдө бир ууртам сууга зар болуп, жонуңдан туздуу тер шорголоп, айдалып баратасың. Ха-ха! Өлсөң сөөгүңдү ким көмөт? Эч ким! Карга, кузгун, ит-куш жейт. Эй, томаяк, «Беш каманды» ырдап эмне кыласың? «Беш каманды» «беш жолборс» десең болмок! Эми таңдайың так катып, көзүңдүн нуру өчкөндө, ушул эрме чөлдө эсиңе келип жаткандырсың.

Токтогул: Жок, мен сени көрө билдим, куу дүйнө. Менин жүрөгүмдө сен мындайча ырдаласың. Кыйшыкты кыйшык деп айтуу күнөө эмес. Сенин калыстыгың жок, шумсуң. Муну айтуу жазык да эмес.

Байларга кең, кедейге

Тар болосуң замана.

Кедейге кымбат, байга арзан

Мал болосуң замана.

Кедейди түлкү, байларды

Бүркүт кылган замана.

Байды бөрү кедейди,

Кой кылгансың замана.

Жок кылмакка кедейди,

Ой кылгансың замана.

Кедейди жапыс, байларды

Бийик кылган замана.

Байды мерген, кедейди

Кийик кылган замана.

Керимбайдын үнү. Ой. Токтогул, мени да үнүмдөн таанып тургандырсың, мен сени Сибирге айдатып, азапка салган Керимбаймын. Ук, сенин күнөөң тоодой. Менин алдымда жазыктуусуң. Бактылуу менен баалашпа, таалайлуу менен талашпа, тектүү менен тирешпе дегенди уккансыңбы? Байлыкты мага сен берген эмессиң? Кудай берген. Заман меники. Иттиктин баары өзүңдөн кетти. Болбосо, сени колго алалы дегенбиз. Үстүңдө үй, астыңда алчактата минген күлүк ат, башыңда суусар бөрк болмок. Мартаба, даңк да сенде болмок. Сен ошол ырыс, бакытты тептиң. Чор тамандарга жан тартып, ошолордун тилегин ырдадың. Чала болот сага! Чала!

Токтогул. Жок, ыр - аткан ок, Керимбай. Аткан - мен, ок жеген - сен. «Беш каман» деген ырыма өкүнбөймүн. Ал ыр элдин жүрөгүндө калды. Карыбас сапар чегет. Ал ыр силерди жана силерге окшогондорду дайыма куйкалап турат.

Б. ИСАКОВ. «Дүйнөнү ачуу», Ф., 1989-ж. 19-21-6.

8. Репортаж-дил баян

Дил баяндын бул түрү башкалардан түп-тамырынан тарта айырмаланып турат. А бул эмне менен байланыштуу? Ойлонуп көрөлүчү, рецензия-дил баянда же поэма-дил баянда көркөм баяндоо ишке ашырылып, көркөм образ түзүлөт, публицистика-дил баянда болсо, коомдук проблеманы көтөрүп чыгып, ал тууралуу публицистикалык курч ой жүгүртүү берилсе, а репортаж түрүндөгү дилбаянда жогорудагылардан жанры боюнча бөтөнчөлүккө ээ болуу менен, бирок алардын айрым белгилерин өзүнө камтып турганы байкалат. Тагыраак айтканда, репортаждарда айрым учурда, илимий стилге мүнөздүү кептин түрлөрү пайдаланылса (М.: илимий конференция боюнча репортаж алынса), кээде публицистикалык, а кээде көркөм стилдин белгилери пайдаланылат. Демек, бул — репортаж алынып жаткан чөйрөнүн өзгөчөлүгүнө жараша мүнөздөлмөкчү. Ошентсе да репортаждын негизги өзгөчөлүгү анын оператив-дүүлүгү, учурдагы болуп жаткан кыймыл-аракети, коомдук маанилүү бир окуяны (өкмөттүк официалдуу жыйындардын, спорттук мелдештердин, же бир маданий маанилүү жаңылыктардын жүрүшүн) чагылдырып, сүйлөп жаткан радиотележурналисттин кеби, же газетага жазган журналисттин макаласы дал ушул репортаждын негизги үлгүсү болуп саналат.

Репортажда кептин баяндоо түрү негизги керектөөчү компонент болуп саналат да, илимий, же публицистикалык баяндоо ишке ашырылат. А кептин сүрөттөө түрү ага жардамчы компоненти болуп кирет, айрым учурда окуя жүрүп жаткан жердин, чөйрөнүн, орундуу же катышып жаткан адамдардын абалын кийим-кечесин сүрөттөө элементтери кошулуусу да толук мүмкүн. Ошону менен бирге учурда окуянын жүрүшүнө ылайык ой жүгүртүүнүн элементтери да пайдаланылышы ыктымал.

Демек, **репортаж-дил баянга мүнөздүү белгилерди жыйынтыктап айта кетели:**

–репортаж алынып жаткан жер, чөйрө;

– толук датасы, күнү, айы, жылы;

–репортаж алынып жаткан окуянын аталышы;

–автордун аты, жөнү ... ж.б.

Эмесе, ушуларга ылайык бир репортаж-дил баянды мисалга келтирели:

СПОРТТУК МЕЛДЕШ

Урматтуу көрөрмандар!

Биз азыр Бишкек шаарындагы Улуттук компьютердик гимназиянын спорттук аянтында турабыз. Бүгүн 20-апрель, 1998-жыл, саат 15°°.

Азыр, аз убакыттан соң, аталган гимназиянын 11° жана $11^{б}$ класстарынын ортосунда футбол боюнча жолдоштук мелдеш башталат. Өзүңүздөр билесиздер, кечээ ушундай эле жолдоштук мелдеш 10° жана $10^{б}$ класстардын ортосунда болуп, 10" класс атаандашын 3:2 эсебинде утуп алган эле. Ал гана эмес, өткөн күз айында шаардык мелдеште экинчи орунду жеңип алган.

Мына, баарыбыз чыдамсыздык менен күткөн мүнөт келди, мелдеш башталды. Командалардын капитандары бири-бири менен кол алышып учурашышты да, оюнду башташты.

Ана, топту 10" класстын «Шумкар» командасынын чабуулчусу Асанов топту алга көздөй катуу тепти. Аны $11^{б}$ класстын «Кайрат» командасынын коргоочусу Бектуров төшү менен тосту да, топту оң жактагы чабуулчу Касымовго берди. Касымов топту эч кимге бербестен, «Шумкардын» дарбазасын көздөй алып жөнөдү. Ага борбордук чабуулчу Усманов жардамга келди. Ошентип, Усманов топту дарбазаны көздөй катуу тээп жиберди. 0, гол! «Шумкар» командасы оюндун 5-минутасында эсепти ачты. Азамат, «Шумкардын» балдары... Ушул басыгыңардан жазбагыла!

«Кайраттын» балдары жооп иретинде оюнду катуу башташты. Ана Бектуров топту дарбазаны көздөй катуу тепти...

Гоо-оол!

Эсеп теңелди: 1:1 болду.

...Ушинтип, оюндун 1-бөлүгү аяктады.

Уландысы 10 минутадан кийин башталат. Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат!

Комментатор - Т. РЫСБАЕВ.

УКГнын 7-классынын окуучусу.

9. Этюд-дил баян же сүрөттөмө-дил баян

Этюд же сүрөттөмө негизинен көрүнүштү сүрөттөөгө жакындыгы менен өзгөчөлөнөт, ошентсе да учурдагы көрүнүштү сүрөттөө менен ал репортажга окшоп кетет. Бирок адабий этюд же сүрөттөмө булардын бирине да кирбейт. Этюд менен сүрөттөмө нагызында, табияттын көрүнүшүнүн, анын учурдагы абалынын көркөм элесин, картинасын сөздүн күчү менен кайра жаратат. Мындагы табияттын элеси адамдын ички сезими менен үндөшүп, адам кейисе «кейип», сүйүнсө «жадырап» тургансып, адам менен жаратылыштын жандуу биримдиги ачык туюлат.

Этюд же сүрөттөмө-дил баянды жазууда окуучу табияттын өзү күбө болгон ажайып бир сүрөтүн, элесин көз алдына келтирет. Анын көркөм элесин, ага болгон өзүнүн ички сезимин, кубанычын, кайгысын, толкунданууусун билгизет. Бул жагынан алганда, этюд-дил баян кара сөз түрүндө жазылган ыр (прозадагы ыр) сыяктанат. Анткени эгер чыгармачыл окуучу ошол өзү жазган этюдун ыр түрүндө кайра жазса, ал табият лирикасына эң сонун мисал болуп чыга келер эле. Бирок этюдду ыр түрүндө да жазууга болору практикада белгилүү.

Ал эми сүрөттөмөнүн бир айырмасы — анда натуралдуулуктун белгилери сакталат, көрүнүштү дал өзүндөй сүрөттөгөн учурлар да кездешет. Кээде аңгеменин элементин камтыган айрым сюжеттик белгилер да болушу мүмкүн.

Ошентип, этюд-дил баян да, сүрөттөмө да, башкача эч кандай жанрдагы дилбаяндарга окшобогон, өз алдынча форма экенин эске алуубуз кажет. Себеби алардын төмөндөгүдөй мүнөздүү белгилери бар:

– табияттын бир учурдагы гана көркөм сүрөтүн көркөм сөз менен тартып бергендиги;

– анын автордун ички сезим-туйгусу менен ажырагыс биримдикте сүрөттөлгөндүгү;

– окуясыздыгы, андагы ой, идея лирикалык каармандардын көз карашы, ички сезими, көңүл баасы менен бааланып берилгендиги;

– көркөм сөздүн күчү менен көркөм образ түзүлүп, көтөрүңкү же чөгүңкү маанай туюлган эмоционалдуулугу ... ж.б.

Бул ойлорду далилдөө максатында төмөндөгү этюдду жана сүрөттөмөнү окуп көрөлү:

КЕРЕМЕТ МЕЗГИЛ

(Этюд)

Сыдырым жел согуп, шактары ийиле самсаалаган, жалбыраксыз мажүрүм талды ыргап жатты. Көңүлгө жагымдуу жаз жыты келип, кайгыга батып тумандаган жүрөгүмдү тынчтандырып койду. Чымчыктар улам жаңы, улам башка кайталангыс ырларын ырдашып, жер да оор уйкудан ойгонгондой. Баары жаңы, баары татына.

Кыш бою ак кар, көк муз жамынган тоолордогу мөңгүлөрдүн бир тобу жаздын сулуу келбетине, жылуу илебине туруштук бере албай биртикеден эрип, шылдырап ага берди. Анын ар бир шылдыр үнүн тоонун да, жер эненин да бугуп жаткан муңун, кайгысын кошо агызып, бардыгын тазалагандай.

Адамзаттын жүрөгү да ошол тоо суусу жууган жылга-жыбыттардай таза, адырлардын гүлдөрүндөй назик, аруу болсо кана...

Жаздын жаңырган келбетине, жагымдуу илебине кошулуп, баары жаңырып, баары тазарып, баары арууланып, жер үстүндө адамдын жашоосу көктөм күнүндөй бейпил болсо экен.

Сыдырым желге эркелегендей, шуулдаган мажүрүм тал менин жүрөгүмдө кубанычтын, жакшынакай жышаандын элестерин ойготту. Жаз жыты, жаз керемети жан дүйнөмдү сергектентти. Керемет мезгил. Сен сулуусуң, сен аярсың, наристедей тазасың...

А. КАЙЫПОВА, студент.

Бишкек шаары «Кырчын» журналы, 1996-ж., №2.

АСКА УРАП

(Сүрөттөмө)

Мен өткөн жайда Боор-Теке жайлоосунда болдум. Боор-Текеде гүлдөр, чоң таштар, болгондо да үйдөй болгон таштар көп боло турган. Мен жайнаган гүлдөргө суктана карап, ошол таштардын бирине олтура кеттим. Сыдырым жел бетимден сылап эркелеткенсиди. Гүлдөрдүн башы ыргалып, акырын гана шуудурайт. Асманды карасам, мектептен тараган окуучулар сыяктанып, булуттар да кайдадыр бир жактарга тарап жатыптыр.

Бир маалда ойлодум: эгерде менин курбуларым ушул жерде болсо, кандай кубанышар эле. Бир күнү апам, атам жана мен болуп, кудум ушул жерде турсак... Каап, алардын жок болуп калганын. Ичимден улутунуп койдум.

Анан күндөрдүн биринде атам, апам жана мен болуп, кичине шаркыратмага бардык. Ал мөңгүнүн шаркыратмасы экен. Айланасында кызыл-тазыл гүлдөр. Жыпар жыты аңкыган гүлдөр. Суунун тунуктугу ай! Күнгө чагылып, тим эле көздү уялтат. Тамчылары берметтей болуп, эки жакка тып-тып этип таамп жатат.

Кооздук деп ушуну айт. Ушундай кооз чөлкөмдө үкөм экөөбүз гүл тере баштадык. Эмнегедир гүлдөрдүн баарын тергим келди, бирок биртикеден кийин айнып калдым. Анткени мен гүлдөрдү аядым.

Күндөр куштай учуп өтө берди. Ошентип, биз өз айылыбызга кайттык. Келгенден кийин көп өтпөй эле жер силкинип, катуу зил-зала болду. Андыктан Боор-Текедеги аска урап, таштар кулап, жер көчүп, жайнаган гүлдөрдү басып калды дегенди уктум. Негедир ичим тызылдап, өзүмчө ыйлагым келди. Мына эми жаз да кирип келди. Эми ошондогудай гүлдөр чыгар бекен?

Э. *САГЫНБЕКОВА, окуучу. Бишкек шаары,*

«Кырчын» журналы, 1996-ж., №2

10. Фантастика-дил баян

Фантастика - кыялдан ойлоп чыгарылган, турмушта боло элек, же болууга мүмкүн эмес сыяктанган көрүнүштөрдү илимий же көркөм баяндоонун, чагылдыруунун тиби, б.а., турмушту образдуу чагылдырунун бир жолу болуп саналат. Фантастика адабиятта өзгөчө орунда турат. Ал дүйнөлүк адабиятта, анын ичинде кыргыз адабиятында бир кыйла түптөлүп өнүккөн. «Манас» эпосунда да анын белгилери бар, т.а., Манастын төрөлүшү, аны коштоп жүргөн касиеттүү көрүнүштөр, Семетейдин кайып болушу, Алмамбеттин жайчылык өнөрлөрү, же Төштүк баатырдын окуялары, ошондой эле бүтүндөй кереметтүү-укмуштуу жөө жомоктордун фантастикалуу эпизоддору... ж.б.

Демек, фантастика элдин кыялы ой жүгүртүүлөрү аркылуу жаралган көркөм чыгарма болуп саналат. Анын элементтери бүгүнкү күндө да жазуучу Ч. Айтматовдун белгилүү чыгармаларында бараандуу орунду ээлөө менен, учурдун маанилүү коомдук-социалдык проблемаларына тиешелүү экендигине адамды ишендирүүдө. Алсак, «Кылым карытар бир күн» романындагы «Токой таш» планетасы жөнүндөгү эпизоддор жана акыркы «Шайтандын эн-тамгасы» аттуу романынын сюжеттик өзөгү.

Фантастиканын элементтери романтикалык ой жүгүртүүнүн эң сонун үлгүлөрү катары А. Осмоновдун белгилүү «Майдын түнү» жана «Эшимкандын тереги» поэмалары да эң сонун пайдаланылган. Ал эми белгилүү кыргыз фантасттары К. Эсенкожоев менен Б. Сартовдун аңгеме-повесттери адабиятыбыздын өнүгүүсүндө өз орду бар чыгармалардан.

Кантсе да, фантастика - илимий жана романтикалык ой жүгүртүүнүн продуктусу. Ал жок жерден келип чыкпайт, аны турмуштун өзү жаратат жана айрым фантастикалуу ой жүгүртүүлөрдүн аныктыгына турмуштун өзү алып келет. Дүйнөдө чындыкка чыккан фантасикалуу сюжеттер, фактылар көп. Мисалы, А. Беляевдин «Профессор Доуэлдин башы» же анын «Звездалеттору» ж.б. Бүгүнкү күндө мындай идеяларды илим эчак эле турмуш жүзүндө далилдеп койду.

А фантастиканын элементтерин камтыган дил баяндар деле мындай ойдон алыс кетпейт. Анда окуучунун кыялы же романтикалуу ой жүгүртүүсүнүн

күчтүүлүгү, байлыгы, кыялкечтиги чоң роль ойнойт да, айрым тарыхый фактылардын тегерегинде мезгилге, заманга байланыштырган көркөм ой жүгүртүү ишке ашуусу толук мүмкүн.

Кантсе да фантастика-дил баяндар берилген темада, кайсы бир көркөм чыгарманын, же турмуштук көрүнүштүн негизинде жаралып, окуучунун чыгармачылык дараметинин чегинде бааланмакчы. Ал эркин жазылып, мугалимдин эрки менен эмес, окуучунун эрки менен ишке ашырылышы толук ыктымал.

Анткени мындай дил баян ар дайым эле жазыла бербейт. Ал, биринчиден, анын татаалдыгын, экинчиден, андай формада дайым эле жаза берүүнүн анча зарыл эместиги менен да түшүндүрүлөт. Тактап айтканда, ал окуучунун жеке чыгармачылыгына гана тиешелүү чечилүүчү нерсе.

Үлгү иретинде окуучунун дилбаянынан үзүндү келтирели:

«ӨТКӨН КЫЛЫМГА САЯКАТТАП БАРГЫҢ КЕЛЕБИ?»

Оо, кыял, кыял, учкулсуң да, күлүксүң, кызыктуусуң, сырдуусуң. Аралайсың ааламдын мейкиндигин. Өткөндөгү, алдыдагы кылымдарга барасың. Баса, экөөбүз сүйлөшүп отура берип, Чубак баатырдын байыркы Бухара шаарынан көргөн окуясынан кечигип калбайбызбы. Кана эмесе, жүр кеттик. Жок, сөз башынан болсун. Менин досум Канат техникага аябай кызыгат. Көп күндөрдөн бери сырдуу техникалык иштин үстүндө иштеп жүрөт. Мен сурасам, айтпай койду: «Убагында билесиң», - деп. Бир күнү үйүнө чакырды. Бардым. Ал өзүнүн ар кандай приборлордон киши жол таап баса алгыс бөлмөсүндө экен. Бет маңдайында экраны боз чаңгыл болуп чыбырчыктаган, телевизорго окшогон бир нерсе турат. Канат мага мындай деген кызыктуу суроону берди:

– Өткөн кылымга саякаттап баргың келеби?

– Албетте, баргым келет.

– Сөзсүзбү? Айныбайсыңбы?

– Сөзсүз. Айныбайм. Бирок кандайча бармак элем. Мындай нерсе миң жылда да ишке ашпайт. Сүйлөйсүң тим эле.

– Ишке ашты. Ашкан үчүн ушинтип айтып отурам да. Сен айныбасаң эле болду. Анда эмесе, даярдан.

– Кандайча?

– Дал ушундайча.

Канат жанагы телевизорго окшогон прибордун жайнаган кнопкаларынын бирөөсүн басты. Ошол замат мен өзүм кандайча кийингенимди билбейм, карасам үстүмдө узун, шөлбүрөгөн көйнөк. Дагы бир кнопканы басты. Мен өзүмдү өзүм билбейм, каалгып учкан бойдон түз эле боз чаңгыл болуп турган экранды көздөй жөнөдүм. Мага экран катуудай, азыр аны менен сүзүшүп, башым быт-чыт болчудай болуп сезилип кетти. Бирок сүзүшпөстөн эле экрандан өттүм. Кебез менен кыскандай жумшактыкты сездим. Анан жымжырт, караңгы туңгуюкка куладым. Андан башка эч нерсени билбейм. Этегим желбиреп, калкылдап барам жылдыздар дүйнөсүндө. Кулагымдан шамал ышкырат, жан-жагымда жылдыз жыбырайт. Тээ төмөндө өтүп жатат Ильич шамдары жылт-жулт этип зымырап. Кээ-кезде алдымдан от куйруктуу ракета, космостук кораблдер кезигет. Улам-улам жакындап келе жаткан учу-кыйыры жок караңгы тилкеден белгисиз сырдуулук сезилет. Зуу! Жапжарык тилкеден караңгы тилкеге өттүм. XX кылымдын чегинен ашып, XIX, XVIII, XVII, XVI, XV, XIV ... кылымга кирип кеттим. (Мында бир да Ильич шамы жок. Ракета, кораблдер да кездешпейт.) Деңиздерден, тоолордон өттүм. Мына өрөөндөр башталды. Зуу! Ой кайда келип калдым? Тээ төмөндө кайсы жерде бийик-бийик мунаралар, үстүндө жарым «айы» бар. Ал эми асмандагы каалгыган ай шооласын шаардагы жыбыраган жарым айларга төгөт. Анан алар шоолага чагылышып, жаркылдаган сансыз көп айларга окшоп кетет. Күмүш седепке окшоп жылтылдаган жылдыздары жыбыраган чексиз, түпсүз кара-көк асманда илинип турган чоң жарым ай шаар үстүндө койкоюшкан сансыз көп айлардын ханзаадасы сыяктанат...

Ч. КАИМОВА. Талас району,

Арал орто мектеби.

(Андан ары Чолпондун дил баянында Бухара шаарынын дарбазалары,

найзага окшогон түркүктөр, шырт эткен дабышты тыңшаган сакчылар, оозун кере ачып эстеген кароол башы, таңдын үрүл-бүрүл атышы, ээгинде эрбейген төрт кылы бар, кылжыйган ичке мойну сынып кетчүдөй илмейген молдонун кулак жара заңкылдап азан чакыра башташы, андан кийин Чубактын эч кимди кийирбей, эч кимди чыгарбай шаарды камашы, бой-мүчөсү келишкен оймок ооз, бото көз, кара сурдун сулуусу, аялзаттын нардуусу — Саани кыздын душман менен беттешүү үчүн атасынан уруксат сурашы, Темиркандын макул болушу, андан ары найза сайышуу, Чубактын качышы сүрөттөлөт...)

С. О. БАЙГАЗИЕВ, С. К. РЫСБАЕВ.

Педагогикалык тажрыйба: изденүүлөр жана табылгалар. Ф., «Мектеп», 1992-жыл,

18-21-беттер.

11. Жомок-дил баян

Окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн текшерүүнүн жана дагы бир түрү - бул жомок тибиндеги дил баяндарды жазуу. Бирок мындай дил баяндардын адабий дил баяндардан айырмасы чоң. Адабий дил баяндар көбүн эсе адабият сабактарында гана жазылса, жомок-дил баяндар кыргыз тили сабактарында жана окуучулардын өз алдынча чыгармачылык ишин улантууда да жазыла берет.

Мындай дил баяндарды жазуу жок жерден, ойдон чыгарылган жок. Буга чейин эле айрым методисттер аркылуу баланын өз алдынча кыялдануларын, ой чабыттарын өстүрүү, калыптандыруу максатында жомок жаздыруу же оозеки баяндоо мүнөзүндөгү тапшырмалардын системасын сунуш кылып келген фактылар бар. Же болбосо, ата-энелердин өзүлөрү да балдарынын кебин өстүрүү максатында кызыктуу жомокторду окуп берүү менен алардын кайра айтып берүүсүн, же өз алдыларынча жомок ойлоп табууларын талап кылуу багытында иштер жүргүзүлөт.

Ошондой эле айрым чыгармачыл мугалимдер кыргыз тили сабактарында тигил, же бул грамматикалык категорияларды окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрүүдө элдик материалдардын негизинде, кээде өзүлөрү ойлоп

табышып, дидактикалык жомоктордун сериясын түзгөн учурлар да кездешпей койбойт.

Ч. Айтматовдун «Ак кеме» повестинде баланын эч бир жанга белгисиз жомогун, болгондо дагы төл жомогун алалычы. Бул анын таятсы Момун чалдын Бугу Эне жөнүндөгү жомогунун таасиринде келип чыккан, өз тагдырын, умтулуусун, кыялдануусун чагылдырган төл жомогу эмеспи. Же болбосо, француз жазуучусу Сент-Экзюперинин «Кичинекей Ханзаада» аттуу повестиндеги баланын кыялдануларын алалы. Анда 6 жашар бала кыялынын күчү жана ар тараптуулугу менен турмуштагы ар кыл кырдаалдарды өзү тарткан сүрөттөр, аларга болгон өзүнүн мамилеси аркылуу чагылдырып отурат.

Биз сөз кылып жаткан жомок-дил баянды жазууга үйрөтүүнүн негизги максаты – жогоруда айтылган жагдайлар сыяктуу эле баланын аракети, фантазиясы, ой чабыттары аркылуу дидактикалык жомокторду түзүү болуп саналат.

Ал кандай жомоктор? Ал биз ар күнү окуп-билип жүргөн эле ар түркүн көрүнүштөрдүн сырын чечмелеп, же аны башка бир көрүнүштөр аркылуу салыштыруу түрүндө түшүндүрмө берүү адатка айланган.

Мисалы, балык неге сүйлөбөйт, шамал кайдан пайда болот, жылдыздар эмне деген ажайып нерселер, ай кантип жаралган, айдын бетиндеги сүрөт эмнени түшүндүрөт, жамгыр кантип жаайт? -деген сыяктуу түркүн-түстүү суроолорду кыял менен чындыктай сүрөттөп жазуу аркылуу же оозеки түрдө дил баян жаратуу тестиер окуучулардын курагында кыйла туура келет.

Анткени тестиер балдар түркүн турмуштук же сыйкырдуу-кереметтүү жомокторду окуу менен, өзүлөрү да ошол жомоктордогу адилет, баатыр каармандардай болууну көздөп кыялданышары жана ошондой кыял дүйнөсүндө жашары практикада белгилүү. Демек, мындай көрүнүштөрдөн улам мектептеги кыргыз тил жана адабияты сабактарында же башка предметтерди (математика, биология, химия, география) окуп-үйрөнүүдө илимдин же табияттын түрдүү сырларын чечмелеген дидактикалык жомок-торду, т.а., жомок-дил баяндарды жазуу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Эмесе, сөзүбүз кургак болбосун үчүн, дил баяндын бул түрүнө ылайык үлгүлөрдү сунуш кылалы.

ДИДАКТИКАЛЫК ЖОМОКТОР

(Жомок-дил баян)

Чындыгында кийинки мезгилдерде мектептерде билим берүүнүн кошумча каражаттары катары колдонулуп жүргөн жомоктор көп кездешет. Аларды дидактикалык, б.а., окууга үйрөтүүгө арналган жомоктор деп атоого болот.

Жомоктор кыска, мазмундуу, так болушу керек. Мугалим окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүүгө, ой жүгүртүүгө өз «жомогун» түзүүгө үйрөтүү менен, үнөмдүү убакытта эле окутулуучу билимдин негизин түшүндүрүп коёт. Баланын билимин бышыктоо менен өз алдынча чыгармачылыгын өстүрүүгө негиз түзүлөт. Дидактикалык жомокторду сабактарда кеңири колдонуунун зарылчылыгы ушунда.

Дидактикалык жомоктор балдардын таанып-билүүсүн, ой жүгүртүүсүн, фантазиясын өстүрөт. Демек, мындай методикалык, дидактикалык баалуу каражатты ар бир мугалим пайдалана жүрүшү максатка ылайык.

Сүйлөмдөр өлкөсү. Илгери-илгери гүлдөгөн өлкөдө сөздөр жашаган дешет. Алардын чоңу да, кичинеси да бар экен. Бирок өтө ынтымактуу жашашчу. Сүйлөмдө ар биринин өз орду болгон. Бири-бирин урматтап, бири-бирине жардамдашчу экен. Бир күнү алардын ынтымагына суктанган ач көз, каардуу сыйкырчы сөздөрдүн ордун алмаштырып салат. Өлкөдө башаламандык, кагылышуу жүрүп, орун үчүн күрөш башталат. Сөздөр арасында ынтымак кетет, чатактар арбыйт. Ушул убакта өтүп бараткан акылдуу саякатчы буларга жардам бермекчи болот. Ал биринчи орунга «Ким? Эмне?» деген суроого жооп берген сөздөрдү коёт да, аларга «ээ» деген ат берет.

Экинчи орунга «Эмне кылды? Эмне кылып жатат? Эмне кылат?» деген суроолорго жооп берген сөздөрдү коёт да, аларга «баяндооч» деген ат берет. Ошондон кийин буларды сүйлөмдүн «Баш мүчөлөрү» деп атап кетишет. Кийин өлкөдө чыр-чатак токтоп, ынтымак, адептүүлүк, бейкутчулук менен токчулук орногон экен.

Грамматика өлкөсү. Бул өлкөдө эң көп шаарлар жайгашкан. Алардын борбору «Сөз түркүмдөрү» деп аталат. Эгерде бул шаардан түз өтүп, оңго кайрылсаң, жолуккан элдери: «Ким? Эмне?» - деп, буюмдарды көрсөтө беришет. Анан шаар башчысы - Зат атоочко жолугасың. Андан кийин солго кайрыласың, Сын атооч башкарган элге жолугасың. Алар да өздөрү сүйгөн «Кандай?» деген суроосу менен жооп күтүшөт. Туура жооп берсең, булардан

да өтөсүң.

Кийинки шаарда эмгекти сүйгөн ынтымактуу эл жашайт. Алар сага: «Эмне кылат? Эмне кылды? Эмне кылып жатат?» - деген суроо менен кайрылышат. Буларды карыган Этиш башкарат. Туура жооп берсең, андан да өтөсүң. Эч нерсе колуңдан келбесе, бир өнөргө үйрөнмөйүнчө бул шаарда калып каласың. Эгерде өнөрлүү болсоң, сый-урматка бөлөнүп, Грамматика өлкөсүнүн бардык шаарларын кыдырып, саякаттап кайтасың.

Этиштин чактары. Сөз түркүмдөрү өлкөсүндө Этиш жашаган экен. Ал саякатка чыгууну жакшы көрчү. Анын гаражында убакыт машинасы бар эле. Каалагандай минип, каалагандай саякаттап жүрчү. Убакыт жолун болсо, көңүлүнө жаккандай тандачу. Бала чагын эстегиси келсе, дароо убакыт машинасы менен Өткөн чакка жөнөчү. Бала кезинде ойногонун, апасы сүт бергенин, чоң атасы оюнчук жасап бергенин көрүп, күнгө кактанып, кумда ойноп кайра кайтчу.

Келечекке баргысы келсе, убакыт машинасына минип, өзү кура турган шаарларына, станцияларына, заводдоруна карай учуп жөнөчү. Убакыттын кандай өткөнүн билбей кыялданып, ой жүгүртчү. Келер чактан кечинде үйгө кайтчу.

Эң кызыктуу иштер Учур чактагы жолдон жолукчу. Ал ырдачу, бийлечү, досторуна жолукчу. Алар менен бирге саякаттап, эң көп кызыктуу жакшы иштерге аралашчу. Саякаты улана берчү.

Көп бурчтуктар өлкөсү. Илгери-илгери Геометриялык фигуралар деп аталган хандыкта Көп бурчтук падыша болгон экен. Анын көп балдары болуптур. Балдары ынтымактуу, адептүү, эмгекчил болуп өсүптүр. Бирөөнү чакырса эле баары чуркап келишчү, бир иш тапшырса баары колдон талаша иштешчү. Падыша балдарына ат тандап, көп убара тартыптыр. Акыры өзүмө уйкаш ат койгонум дурус деген ойго келет. Бирөөнү, Үч бурчтук, экинчисин Төрт бурчтук, үчүнчүсүн Беш бурчтук, дагы бирөөнү Чарчы деп атаптыр.

Уңгулаш сөздөр. Илгери бир акылдуу сыйкырчы жашаптыр. Өзүнүн билими, акылдуулугу, айлакерлиги, сулуулугу менен атагы чыгыптыр. Керек болгон учурда бардык өнөрүн көрсөтө алчу. Өзгөчө бир сөздөн бир нече окшош, келишимдүү, уккулуктуу сөздөрдү тез эле жарата койчу экен. Бир күнү өнөрүн көрмөккө коңшу өлкөдөн өкүлдөр келишет. Ошондо ал сыйкырдуу таягы менен жерди бир урганда Бала, балапан, балача чуркап Баластан, баладай күлүңдөгөн Балакайлар оң жагына, ал эми сол жагына Чынчыл, Чыныбек, чынысын колуна кармаган Чыныбай, Чыныгүлдөр тизиле

калышат. Ошентип, келген элди өнөрү менен кубанткан акылдуу сыйкырчынын аты ким деп ойлойсуңар?

З. МАРАЗЫКОВА. Кыргыз билим берүү институтунун окутуучусу.

12. Улама-дил баян

Кадимки дил баяндардан түп-тамырынан бери айырмаланган дагы бир түрү - бул **улама дилбаян**. Т.а. кадимки дил баяндар даяр чыгарманын сюжетинин, каармандардын тагдырларынын, мүнөздөрүнүн негизинде жазылса, бул дил баян окуучуга тааныш чыгарманын негизинде, бирок андагы окуянын логикалык уландысын, каармандардын кийинки тагдырларын окуучу өз алдынча ой жүгүртүп, аны жекече чыгармачылык фантазиясы менен көрө билип, андан ары «улап» жазууну туюнтат.

Экинчи бир өзгөчөлүгү — бир чыгармада автор тарабынан «чыгарманын жаны» болуп «киргизилип» окуучуга рухий күч тартуулап турган идеяны табуу, анан да автор баарын «айтып берип» койбой, калганын өзү түшүнүп алсын деп окурманга «аманат калтырган» ой туюмдарды туюу; окуучу аларды өз алдынча ойлонуп, өз көзү менен көрүп, өз сөзү менен айткысын келтирген керемет сезимдин жаралышы... Мына ушунун баары **улама дил баянды** жазууга негиз болуп берери мыйзам ченемдүү. Ошондуктан окурманды түйшөлтүп, ички дүйнөсүнө бүлүк сала турган чыгарманын финалындагы окуянын күтүлбөгөндөй жыйынтыгы, же трагизм, «көшөгөнүн артындагы» идеялар (чыгармадагы замысль) автордун айтайын деген оюнун сырдуу табышмагы (автордук вымысль) да улама дилбаяндарды жазууга түрткү берери бышык.

«Кутбилим сабак» газетасынын 2000-жылдын декабрындагы санында мына ушундай **улама-дил баян** туурасында мугалим Б. Абдразаковдун (Кара-Кулжа району, М. Абакиров атындагы орто мектеп) иш-тажрыйбасы басылып чыккан. Ушул эле типтеги дил баянды Бишкек шаарындагы Улуттук компьютердик гимназиянын (№ 5) кыргыз тили, адабияты мугалими А.Батыркулованын, Нарын шаарындагы Кыргыз-Түрк лицейинин мугалими Б. Асыранкулованын эң сонун практикасынан окуучуларга **улама-дил баянды** жазууга түрткү берген чыгармачыл аракеттеринен көрүнүп турат.

Мындай жазуу жумушун кантип жүргүзүү керектиги тууралуу жогоруда аталган мугалим Б. Абдразаковдун практикасы - колдоого арзый турган көрүнүш. Анткени ал окуучу окуган чыгарманын сюжетинин жана каармандарынын андан аркы тагдырларынын негизинде өз алдынча ой жүгүртүп, өз алдынча жаңы чыгарма жазууга жол көрсөтөрү шексиз.

Мисалы Б. Абдразаков өз макаласында: «Окуучу берилген темада белгилүү окуяны андан ары улантат» жана мындай дил баянда «өзүнүн индивидуалдык ой жүгүртүүсү менен теманы андан ары улап, өзүнчө чыгарма жаратат». («Кутбилим сабак», декабрь, 2000.)

Мугалим буга мисал катары К. Баялиновдун «Ажар» повестинин негизинде «Ажар эми байкуш эмес» деген темада Ажардын карышкырга кез болгон жеринен баштап, окуяны өз каалоолору боюнча чыгармачылык менен улантуу же болбосо, Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестиндеги Султанмурат менен карышкырдын тиктешип турган жеринен андан ары улантып жазууга окуучуга багыт берет. Улама-дил баян муну менен эле чектелип калбайт. Анын жолдору, ыкмалары, тематикалары түрдүүчө болуусу ыктымал. Мисалы,

1) А. Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасынын негизинде Жеңишбек менен Миңбай абышканын кийинки тагдырлары, акын толук айтпай, окуучунун жан дүйнөсүнө оптимисттик идея жаратып, калганын өзүнүн түшүнүүсүнө таштаганын туюу;

2) Ч. Айтматовдун «Саманчынын жолундагы» Толгонайдын жан боорлору Субанкулдун, Касымдын, Жайнактын, Майсалбектин согуш алааматынан аман калып, «жалган келген» кара кагаздардын арты сүйүнчү менен алмашылышы, же гүл сүйгөн келин Алимандын жана анын жетим калган баласы Саманчынын эл-жерин, баары биригип Толгонай энени бактылуу кылышы;

3) же болбосо, «Делбирим» повестиндеги Асел менен Ильястын кайрадан жолугуп, бирин бири кечирип, баласы Самат менен бирге бактылуу үй-бүлө куруусу, жол мастери Байтемир өз «күнөөсүн» сезип, аларды кайрадан жолугуусуна көмөк кылуусу ж. б.

Ушул сыяктуу идеялар мурдатан эле практикабызда жок эмес болчу, т.а., «Манас» үчилтигин окуп-үйрөнүп жатканда (8-класс, Кыргыз адабияты), «Сейтек» бөлүгүнүн аягында акылман Бакай, Кан Кошой, Чыйырды эне, Каныкей апалардын жана Семетейдин элге, жерге тынчтык заманды орнотуп, анан баары чогулуп кайып болуп кетиши. Мунун өзү - эл өзү сүйгөн каар-

мандарынын өлүмүн, кайгылуу тагдырын каалабастыгы, алардын түбөлүк тирүү бойдон биздин арабызда жүрүшү катары түшүндүрүлөрү белгилүү. Ошондой эле, «Ак Мөөр» аттуу телефильмдин соңунда жылкычы жигит Болот менен сүйгөнү Мөөр сулуунун «тиги дүйнөдөгү» кайрадан жолугушуусу...

Кыргыз адабиятында улама-дил баян жазуу, же ага багыт берүүчү, чынында эле материалдар арбын. Көркөм фантазиясы, кыял чабыты күчтүү окурман (мектеп окуучусу) окуган чыгармадагы өзүнүн жан дүйнөсүнө уялап түнөк тапкан каарманынын кийинки, китепке сыйбай калган тагдыры тууралуу түйшөлүп, аны ой туюмунун призмасы аркылуу «көрө билүүсү» же чыгарманын финалындагы жыйынтык жана анын автору менен келишкиси келбей, өзү күткөндей башкача жыйынтык чыгарып, таптакыр башка чыгарманы жазып коюусу талашсыз эмеспи.

Дагы бир эскере кетчү нерсе мугалим Б. Абдразаков өз макаласында: «Улама-дил баян – дил баяндын жаңы түрү, буга чейин практикалык жактан да, теориялык жактан да, болгон эмес» («Кутбилим сабак» газетасы), - деп жазып жатпайбы. Жаңылышат. Окуган тексттин финалында окурманды ойго салып, «Эми эмне болот? Тиги каармандын кийинки тагдыры кандай болот? Окуя эмне менен жыйынтыкталат?» деген проблемалуу жагдай тууралуу түйшөлүп, жогорку класстын окуучулары гана эмес, бөжүрөгөн 3-класстын балдары да чакан дил баян жазган практика жок эмес.

Бишкек шаарынын Т. Сатылганов атындагы №69 орто мектептин башталгыч классынын мугалими Ч. Жакыпованын окуучуларынын (3 «Б» класс, 1996-жыл) дил баяндарын мисалга алалы.

Мугалим Ч. Жакыпова өз окуучуларына «Бир түйүнчөк акча» аттуу аңгемени окуп берет (авт.С. Рысбаев). Аңгеменин кыскача сюжети төмөнкүчө: таң эртең мектепке келатып, Талант деген кичинекей бала автобустун аялдамасынан бир түйүнчөк акча таап алат. Таап алат да, эмне кыларын билбей, үйгө атасына алып барып берет. Мынча көп акчаны кармап көрбөгөн атасы «акчаны кайдан таап алганын, кимдир бирөө көрбөгөнүн сурап» билет да, «эч кимге айтпагын» деп баласына кышкы кийим, чана, велосипед... ж.б. сатып берерин айтып, мектебине кайра узатат. Баласы да акча тууралуу эч кимге бир ооз сөз айтпоого катуу убада кылат. Бирок экинчи сабакта эле мектеп жанындагы дүкөндүн сатуучусу Райкан эже ыйлап класска кирип келет. Акча жоготконун, балдардын баары эле аялдаманын жанында турганын айтып, көргөн билгениңерди айта койгулачы деп жалдырайт.

Өзү жакшы көргөн, күндө момпосуй алып жечү Райкан эженин мындай абалын билип туруп, таап алган акча тууралуу айтпай коюуга кудурети жетпеген Талант дайыма бозо жыттанып жүргөн атасына убада бергенине карабай: «Райкан эже, акчаңызды мен таап алдым, акчаңыз үйдө, атамда...» - деп айтып, аңгеменин финалы бүтөт.

–А андан ары эмне болду?

–Үйгө барганда акча кайда болду экен?

–Бозокор атасы акчаны эмне кылды экен?

–Райкан менен баласын атасы кантип кабыл алар экен? ж.б. сыяктуу суроолор баёо дүйнөлүү баланы сөзсүз бушайманга салары шексиз. Анан, арга жок, кыялында түрдүү кырдаалдарды элестетип, эмне болсо да, «окуя оң чечилсе экен, иш оңунан чыкса экен» деп кыялданмагы бышык.

Ошондой кырдаалдан улам жазылган улама-дилбаяндын эки үлгүсүн мисалга келтирели. Анда жогоруда айткандай, аңгеменин финалын 3-класстын окуучулары кантип улантып, чыгармачылык кыялы менен кандайча «жаңы чыгарманы» улама-дил баянды жазышканын окуп көрөлү (дилбаяндар эч өзгөрүүсүз берилди).

1-мисал. «Бир түйүнчөк акча»

Райкан эже экөө үйгө келишти. Атасы үйдө экен.

– Ата, - деди Талант.

– Ии, балам эмне болду.

– Ата мен таап алган акча Райкан эженики экен.

– Ээ, чын элеби?

– Ооба, ооба, чын эле.

– Чын эле болсо акчаны Райкан эжеге берип кел.

– Жоок ата, Райкан эже эшиктин алдында күтүп турат.

– Анда үйгө чакыр, -деди атасы.

Талант Райкан эжени үйгө чакырды. Райкан эже үйгө келди. Атасы аларга чай берип, Райкан эжеге акчаны берди. Райкан эже атасына да, Талантка да ыраазычылыгын айтты. *(Кожобаева Мунара)*

2-мисал. «Бир түйүнчөк акча»

Таланттын атасы бир ай келген жок. Талант менен Райкан эже үйдө күтө беришти. Бир күнү Райкан эже менен Талант отурса, эшик ачылды да, ошол маалда атасы келиптир. Талант эшик ачылар менен кыйкырды: - Ата, - деди Талант. Райкан эже Таланттын атасын көрүп сүйүндү. Таланттын атасынын аты Жоомарт болчу. Райкан эже Жоомарт байкеге суроо берди. Райкан эже: «Акча кана?» - деди. Жоомарт байке жообун айта албай койду. Талант буркурап ыйлап сурады.

– Ата, кана акча? Мага сиз кышкы пальто, жылуу өтүк, чана, коньки, велосипед сатып берем дегенсиз.

Атасы жооп берди. Жоомарт байке акчаны бир жерге катып койдум, - деди. Аны угуп Райкан эже сүйүндү. Райкан эже Жоомарт байкени бетинен бир өптү. Жоомарт байке акчаны кайда бекиткенин айтты Талантка. Талант акчаны чуркап барып алып келди. Райкан эже «рахмат» деди. Жоомарт байкени Райкан эже бетинен дагы бир өптү. Рахмат деп дагы айтып кетти. Таланттын атасы ошондон кийин чынчыл болуп калды.

(Курманалиева Перизат)

БАКТЫСЫН

ЖОГОТКОН АДАМДЫН ЖОМОГУ»

(Ч. Айтматовдун «Делбирим» повестиндеги сүйүү жана үй-бүлө ынтымагы маселесинин көркөм иликтениши)

Жалгыз аяк жол менен жоон дүпүйгөн бактарды аралап бара жаткан адам аркы алыс эмес жердеги мажүрүм талдын жанындагы отургучта отурган эки жашты теңселе карады. Бул адамды көп эле киши таанып калды. Бирок тышынан тааныганы менен эч ким менен салам алышып, беришпейт. Тегерек четибиз аны «Бактысын жоготкон адам» деп коюшат.

Эки жаш бири-бирине тамашалуу сөз айтышып, шыңгыр күлүшүп, кобурашып отурушкан. Кыз бир аз тартынгансып жигитти жалжылдай карады. Буга эртеден бери көз жүгүртүп жаткан адамдын оюна бир нерсе

келгенсип, селт эте түштү да, денеси дүркүрөп, деми кысылып бараткансыды. Бул адам – бактысын жоготкон Ильяс эле.

Бир кездерде каруу күчү толуп турган, анча-мынча кишилерди көзгө илбеген жакшынакай жигит болчу. Өзүнүн мүнөзүнө окшоштуруп, удургутуп айдаган көк кашкасы бар эле.

«Эх, атаганат, ошол күндөрдү кайра бир кайрып алгыдай болсом!» – деп, оор үшкүрүнүп алды да, терең ойго чумкуп кетти.

Башка бирөөлөр келечегин ойлоп жашаса, Ильяс болсо өзүнүн эскерүүлөру менен гана жашоочу. Кээде өзүн өзү жек көрүп ичип алып, бул дүйнө менен кош айтышууга да даяр болчу.

Кылчайып кызды карагыча көз алдына Аселдин элеси тартылды. Ошол замат күчтүү, ачуу үн менен жер жүзүн жаңырта кыйкыргысы келди. Өзүн өзү кармап. Тынч алып калды. Бул Ильястын биринчи жолкусу эмес. Күнүгө эски күйүтүнүн айынан ушул жерге келип бирде мас, бирде соо бойдон ар кайсыны сүйлөнүп отуруп уктап калат...

Бир маалда ойгонуп кетти. Күн кечтеп, жаан жаап кириптир. Эки жагын эленде карады да, баягы отурган эки жашты көрө албады.

Туурулуп, сакал баскан бетиндеги сууну колу менен силкип таштап, туруп алып үйдү көздөй темтеңдеп бара жатты. Жаан катуулап жаап, үстүндөгү өңү өчүп калган плащты жууп жиберди. Карап туруп бооруң ачыйт, бир туруп жиниң кашаят.

Ар бир адам ката кетирет. Ошол кылган каталарыбызды оңдоо менен кайрадан оңолобуз, ошондуктан баарыбыз адамбыз да.

Бул үй-бүлөнүн соолуган гүлдөй болушуна, эң биринчиден, адам баласын ал муздактан бери азгырып келген аракты күнөөлөйм. Сүйүү жана үй-бүлө куруу оңой эмес, оюнчук да эмес. Үй-бүлөнүн бактылуу болушу үчүн эки жаш бири-бирин сүйүү менен бирге түшүнө да билүүсү керек. Азыр болсо бүгүн үйлөнүп, эртеси ажырашкан, турмушка жеңил караган кыз-жигиттердин бактысына балта чабылууда.

Асел менен Ильястын жашоосунда көп эле өйдө-ылдый нерселер болду. Бири-бирин сүйгөндөн кийин кайра жарашып алса деле болмок. Бирок бул Асел үчүн да, Ильяс үчүн да оңой нерсе болгон жок. Же Ильяс кеч ойлондубу? Ильястын кур намыскөйлүгү бирден бир себеп болдубу дейм.

Ырас, Байтемир Асел кыйналып турганда жардам берди. Бирок баланын

атасы -Ильяс, Аселдин сүйгөнү да - Ильяс болгон соң, эмнеге Асел кайрылып келген жок? Менимче, дегеле Байтемирдин ордунда мен болсом, үй-бүлөнү жараштырып, алардын бактылуу болушуна батамды бермекмин. Албетте, Байтемирге жалгыз жашоо кыйын, аны түшүнөм, бирок мындан башкача болушу мүмкүн эмес эле. Эгерде Байтемир чын эле Аселге күйүмдүү, боорукер болуп аны аяса, сүйсө анын бактылуу жашап кетишин эмне себептен каалаган жок?

Бул чыгарманын ушундай трагедиялуу бүтүшү деги эле жаш улан-кыздарга сабак болуу менен бирге турмуштун ачуу-таттуусун баамдап түшүнө билүүгө жардам берет деп толук ишенем.

М. МАМБЕТОВ. Нарын кыргыз-түрк лицейинин

11-классынын окуучусу.

«БАКТЫСЫН КАЙРАДАН ТАПКАН АДАМДЫН ЖОМОГУ»

(Ч.Айтматовдун «Делбирим»

повести боюнча улама-дил баян)

Отуз жыл мурда Асел менен Саматыман айрылып, жашоодон үмүтүмдү үзүп койгон кезимде, Памирде таанышкан жакын досум Алибек абалымды түшүнүп, керегиме жараган. Ал өзү иштеген фирманын жетекчиси менен кеңешип, мени жумушка алдырды. Ишимде көп-көп ийгиликтерге жетишкендигим үчүн, мени Голландияга иштөөгө жибериштi. Ошондон бери Мекениме эч кайтпадым. Бүгүн гана Ата Журтума жөнөөнү чечтим.

Кеч курун, саат алты болуп калды. Негедир бүгүн таза абанын жытын туйдум. Күн батып жаткан учурда көгөргөнү менен кызарганы кошулуп жагымдуу жылуу жел бетимди аймалап, башымдан өткөн башы таттуу, соңу ачуу окуя оюмда жандана түштү. Катуу ойлонуп кетиптирмин. Бир оокумда аңчыны байкаган эликтей селт эте түштүм. Көрсө, жанымда отурган жигит мени карап олтуруп, акыры чыдай албай кайрылган экен. Кызарып кеттим, жанымдагы жигит сурай калды:

– Жүзүңүз мага тааныш көрүнөт, аба, сизди бир жерден көргөн эмес белем?

– Сен, сен ... кыргызсыңбы? Бул жерге кандайча келип калдың?

– Мен сиздин жердешим экениңизди көрөр замат байкадым. А мен кызматым боюнча келген журналист болом.

– Журналист болом дечи. Атың ким болот уулум?

– Атым Самат.

– Самат дейсиңби?!

Жүрөгүм ордунан козголо түшкөнсүдү. Жок, бул бала менин уулум болушу мүмкүн эмес. Мен андан эчак эле үмүтүмдү үзгөм. Ал тээ эки жашында эле менден качпады беле! Ошентсе да мен ансыз отуз жыл жашадым. Кап, бул отурган жигит менин уулум болуп чыга келсе кана?!. Анда калган өмүрүмдү ошого гана арнап, анын көргөн көздөрү, баскан буттары болбойт белем. Бирок ал азыр мени көрсө эч көңүл бурбастыр. Күнөөнүн баары өзүмдө. Кайран гана өмүр ...

–Аба, сиз өтө көп ойлонот экенсиз да. Эмнени ойлонуп жатканыңызды билсек болор бекен? – деп, Самат оюмду бөлдү.

–Тим эле Амстердамда мындай көрүнүштү биринчи жолу көрүп турам. Өз жергеме кетээрде ушундай сонун аба менен дем алып кеткеним жакшы болгону турат.

–Ырас, мындай пейзаж Амстердамдын көркүн ачып коёт экен. Бирок кичине чыдасаңыз теңдешсиз өз жериңиздин сулуулугун көрөсүз.

– Аның да чын. Ысык-Көл менен Нарынымды абдан сагындым.

Ошентип, айтылуу Шифол аэропортунда болуп жаткан жагымдуу маегибиздин соңуна чыкпай эле биз күткөн самолет учууга даяр болду. Орундарыбызга жайланыша баштадык. Кудай жалгап Самат экөөбүз жанаша жайгашкан орундарга туш келиптирбиз. Көп өтпөй Амстердам менен ал жерде өткөн күндөрүм менен кош айтышар мезгил да жетип келди. Көрсө, отуз жыл көз ирмемде эле өтүп кетет тура.

Убакыт өткөн сайын Амстердамдан алыстап, жүргүнчүлөрдүн кеп-сөздөрү түгөнө баштады. Самолёттун ичин уйку каптады. Менин болсо уулум эч оюман чыкпай койду. Акыры сабырсыздана түшүп, көзү илинип

бара жаткан Саматтан сурадым:

- Кай жерлик болосуң уулум? Ойгоно түшүп:

- Өзүм Нарында төрөлүптүрмүн, кийинчерээк Долонго жакын жерде жолдун боюнда жашап калдык.

Саматтын ар бир айткан сөзү жүрөгүмө ийне сыяктуу кадалып, үзүлгөн үмүттү кайрадан жашарта баштады. Кайраттанып, кайра кайрылдым.

– Деги кимдин уулу болосуң?

– Байтемирдин уулумун. Көп жыл жол оңдоочу болуп иштеп, тапкан ташыганын мени окутууга жумшады. Оорукчан эле, өзү бул дүйнө менен кош айтышып, мен окууга кетип, энем жалгыз калды.

– Баса, – деп сөзүн улады, – аэропортто отуруп «Асел!» деп чочуган болчусуз. Ал ким? Менин апамдын аты да Асел, - деп эч нерседен бейкапар айтып берип жатты.

–Сизге эмне болду, аба?! Бир жериңиз ооруп турабы? Азыр, мен жардамга киши чакырайын...

Ошол учурда мени көргөн киши өлүк деп ойломок. Ийне сайышкандан кийин өзүмө келип, ичимдеги чексиз сүйүнүчтү ый менен чыгардым. Акыры бар күчүмдү жыйнап, сөзгө келдим.

-Уулум, Саматым! Айланайын уулум, келчи бешенеңен жыттап алайын. Кантип билбедим? Кечир уулум, кечир мени.

-Уулум дедиңизби? Түшүнө албадым...

Бүгүнкү күндүн мен үчүн өзгөчө күн экенин башынан жүрөгүм сезген. Ооба, Самат айткандарыма ишенмек түгүл, түшүнө алмак эмес. Ошентсе да, башыман өткөн кайгылуу окуяны, кетирген катамды ага түшүндүрүп берүүнү чечтим.

Арадан үч сааттан ашык убакыт өттү. Самат көпкө ойлонуп отурду. Мен ичимде эмне болсо бардыгын ага төгүп берип, Аселден сурай албай калган кечиримди уулуман сурадым. Бир оокумда Самат бир чечимге келгенсип, ый күлкү аралаш жүзү менен мени карады да:

-Андай болсо кеттик, Көлгө! - деди.

Ишене албай кеттим. Ушунча жылдан кийин жолугушсак да, уулумдун

мени ылдам түшүнө билгендигине, кечиримдүүлүгүнө ыраазы болдум. Өз оюмда Памирге бармакмын. Бирок жаңыдан тапкан бактымды экинчи ирет жоготкум келген жок. Самат канча кечирсе да, өзүмдү күнөкөр сезип турдум. Анын бир сөзүн эки кылбай. Көлгө барууну чечтим. Ошентип, өзгөчө сапарыбыз соңуна чыгып бара жатты.

Самолеттон эң бактылуу киши менмин дегенсип түштүм да, туулган жеримдин алтын топурагын жыттап-жыттап алдым. Көп күтпөй эле Ысык-Көлдү көздөй сапар тарттык. Байтемир каза болгондон кийин Асел Саматты алып Көлгө көчүп кеткен экен.

Кайрадан жашара түштүм. Жолдо кетип бара жатып, жаш кезде машинамды зымыратып айылдан айылга айдап жүргөнүм эсиме келди. Кайра азыркы кейпимди ойлоп, көңүлүм чөгө түштү. Токтогул эсиме келди. Анын сүргүндөн келгендеги сүйгөнү Алымкан менен жолугушуусун эстедим. Анда ал алынан тайса дагы, жүрөгүндөгү тунук махабатты жылдардын агымы менен бирге сактап, туулган жерине келген. Өзүмдү андан эч айырмалай албадым.

Ошентип, айылга жетип келип токтодук. Машинанын ичинде отурдум, дароо чыга алдабым. Эшиктин алдында оокат кылып жүргөн байбичени бир карап тааныдым. Бизди көздөй келе жатты. Өзүмдү жоготуп койсом дагы, байкап калгандарым булар болду: бутунда маасы-колош, кийгени узун көйнөк, башында «кызыл жоолук». Мен аны алгач көргөнүмдө да ушундай эле. Азыр болсо жалгыз гана өзгөргөнү саамай чачы агаргансып калыптыр.

Уулум, Саматым, данакерим Асел экөөбүздү кайрадан тааныштырып, кайрадан жараштырды. Асел менин кетирген каталарымды кечирди көрүнөт...

Ы. КЕРЕЗБЕКОВ. Нарын кыргыз-түрк лицейинин

11-классынын окуучусу

13.Эссе-дилбаян

«Эссе» сөзү француз тилинен алынган жана ал essae- «аракет, киришүү, тажрыйба» деген түшүнүктү билдирет. Андай болсо, бул жанрда жазуу иши- алгач ирет жазган ар бир адамдын өзү киришип жаткан же баштап жаткан иши, алдыдагы турмуштук же кесиптик пландары, максаттары тууралуу билдирүү, алгачкы аракеттери, жеке тажрыйбасы тууралуу баяндоо, аны жазуу жүзүндө бере алуу, практикалык сунуштарын айтуу иретинде башталган сыяктуу.

Алган илимий булактардагы маалыматтарга таянсак, аталган жанрдын тарыхы, чындыгында эле ушундай экен. Эссени адегенде ишке орношуу кезинде жазылуучу маалымат алуучу иш кагазы катары карашса көрүнөт, же азыркыча алганда чакан же кеңири формада жазылган резюме сыяктуу да кабылданса керек. Ошондо ишке жаңыдан орношуп жаткан адам өзүнүн адистик билими, кесиптик жөндөмү, алдыдагы планы, ишти жүргүзүүдөгү ыкмалары, жетишер ийгиликтери тууралуу платформасы катары жазышкан десе да болчудай экен.

Бул туурасында төмөндөгүдөй да маалыматтар бар: кадимки француз реформатору Б.Наполеон кандай гана кызматка адамды алууда аны менен аңгемелешип отурбай эле, анын тандаган кесиби тууралуу түшүнүгүн, тажрыйбасын, ишке жөндөмдүүлүгүн, иши тууралуу теориялык жана практикалык билгилиги тууралуу маалымат алуу максатында эссе жаздыруу ыкмасын колгондон. Ал тургай, ал ишке кирип жаткан адамдын мүнөзүн да, кыял-жоругун да, адамдык сапаттарын да кол жазмасы аркылуу билип алган-деген кеп-сөздөр да бар.

Кандай болгондо да, бул эссе жазуу иши башталган кезинен тартып, бара-бара ишке адамды кабыл алууда гана колдонулбастан, ар бир адамдын, анын ичинде, окуучу менен студенттин чыгармачыл ой жүгүртүүсүн текшерүүчү жана анны баалоочу жазуу ишинин бир формасы катарында жалпынын практикасына айланып кеткени ырас. Ал практика аркылуу эссе жазуу ишинин бир формасы катары гана эмес, чыгармачыл өз алдынчалуу жанр катары калыптануу жолуна түшкөн.

Аталган жанрдын тарыхына келсек, ушул жөнөкөй эле француз иш кагазын чыгармачыл бир форма катары колдонуп, 1580-жылы Англия жазуучусу Мишель Монтен алгач ирет «Тажрыйба» (Опыт – Les Essais)

аттуу эмгегин жазган экен. Андан соң бул стилде англия акыны Бел Джонсон биринчилерден болуп поэзиялык чыгармаларын жараткан. Кийинчерээк бул стиль өз алдынча адабий жанрга айланып, англис жана француз акындарынын чыгармачылыгындагы модалуу жанр болуп кеткен. Атап айтканда, Дж. Аддисон, Г.Стил (англия), Дидро, Вальтер, Роллан, Б.Шоу (франция), Лессинг Гердер, Гейне (германия) ж.б. эссе жанрында көптөгөн чыгармаларын жаратышкан экен. Бул жанр 1800-жылдарда Россияга өтүп, Радищев, А.Герцен, Ф.Достоевский, К.Паустовский, И.Бродскийлер ж.б. анда калемдерин бир топ сынашыптыр.

Чындыгында, эссе жанры – чыгармачылыктын бардык эле жанры сыяктуу адамдын ички толгонуусун чагылдырган, эркин жазылуучу чыгарманын бир түрү. Анткени ар бир адамдын айта турган ою бар, айта албай жүргөн толгонуулары бар, бирөө менен тажрыйбасын, ички сезимдерин бөлүшкүсү келет. Ал ой кээде кыска, кээде чоң көлөмгө «батуусу» ыктымал. Аны ар бир адам баяндап береби, сүрөттөп жазабы, ой толгоо түрүндө жазабы, сюжет түзөбү, же түзбөйбү-демек баары адамдын чыгармачыл эркин тандоосу аркылуу ишке ашмакчы. Ушуга жараша алганда, эссе адамдын айтайын деген оюн, ички толгонуусун, турмушка болгон көз карашын эркин чагылдыруунун бир формасы катары көрүнөт. Ошон үчүн эссе деген эмне дегенде, ага түрдүүчө баа беришет, түрүүчө мүнөздөшөт жана ага түрдүүчө баа берилип келет.

Мисалы: биринчиден, айрым учурда эссени «жүрөктүн музыкасы»-деп да коюшат, ошого жараша аны «ойдун музыкасы» деп да мүнөздөп жүргөндөр бар. Экинчиден, эссеге публицистикалык ой жүгүртүү сыяктуу учурдун маанилүү коомдук проблемаларын чагылдыруу да мүнөздүү. Анда коомдун курч проблемаларын ортого коюу менен, аны чечүүнүн жолдорун сунушташат, өзү жашаган учур менен бетме-бет келишип, ой талашат. Ошондуктан, кээде эссени «дүйнө менен талашып-тартышуунун куралы» деп да коюшат. Андай учурда эссенин мазмунунда учурдун абалы, анын картинасы сөз менен тартылып, жазуучунун ага болгон жеке мамилеси айтылат да, ал мамилеси улуу адамдардын накыл кептери менен бекемделип, алар жашаган мезгилдер менен өзү жашаган мезгилди тематикалык жана проблемалык жалпылыктар менен байланыштырышат. Ойлорунун аныктыгын далилдешет.

Ошону менен бирге, эссе жазууга машыгуу аркылуу мектеп окуучусу же студент полемикалык ой-пикирин, турмуштук жеке көз караштарын берүү менен, келечекте чыгармачылыктын жаңы жолуна багыт алуусу да

ыктымал. Сөз менен иштөөгө, оюн ирээттүү берип, баяндоо, сүрөттөө жана кептин ой жүгүртүү түрүндө иштей билүүгө машыгышы да ыктымал. Ошондуктан, эссе чыгармачылыкка машыктыруучу да, көнүктүрүүчү да каражат катары бааланат. Бул-үчүнчүдөн.

Ошондуктан, учурда дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө мектептерде болсун, жогорку окуу жайларында болсун, алардын алдыдагы максаттары жана тандап алган болочоктогу кесиби тууралуу оюн жазуу жүзүндө чагылдыруунун, андан өзүнүн чыгармачыл аракеттерин да көргөзүүгө жасаган алгачкы аракеттин байкоонун, анны баалоонун бир формасы жана каражаты катары кеңири пайдаланылып келаткандыгы ошондон.

Төртүнчүдөн, эссе - чыгармачыл толук кандуу жанр, ал аркылуу саясаттын, илимдин, анын ичинде, врачтардын, педагогдордун, ошондой эле экономистердин ж.б. өкүлдөрү турмуштук көз караштарын эркин формада берип келишер практикада белгилүү. Мында, албетте, ар бир тармактын адамдары өз тармагынын маанилүүлүгү, проблемалары, келечектүү маселелери, аларды чечүүнүн урунттуу жолдору туурасында ой бөлүшүшөт, ошону менен бирге, сунуштарын айтышат.

Бешинчиден, эссе чыгармачыл жанр болгондуктан, анын көлөмү чектелбейт, бул-анын айрыкча мүнөздүү өзгөчөлүү касиети катары да мүнөздөлсө болот.

Кээде, чыгармачыл адамбы, же тажрыйбалуу ар бир адам болобу, өзүнүн турмуштук байкоолорун, бир тамчы философиялуу ойлорун, же кайсы бир учурда күндөлүк формасында көз караштары менен байкоолорун да канаттуу сөздөр менен же толгонуу мүнөзүндө, бир сүйлөм болобу, бир абзац болобу, бир барак болобу, ыр түрүндөбү, кара сөз түрүндөбү, отура калып жазып коюусу да, дал ушул эссе жанрына толук мисал болуусу турган иш.

Ошон үчүн мектепте болобу, же жогорку окуу жайында болобу, эссе жазуу-ал чыгармачыл же ойлонгон окуучу менен студенттин берилген темага ылайык чыгармачыл ой жүгүртүүсүн бир бараккабы, эки баракабы, эркин формада бере билүүсүнө машыктыруучу жазуу иши катары бекемделип келатат.

Ошондуктан, эссе жанрында кенен формада публицистикалуу мүнөздөгү повесть-роман да жазылган тажрыйбалар дүйнөдө жок эмес. Соңку жылдарда, чыгармачыл бул жанр биздин улуттук адабиятыбызга

адабий өзгөчө жанр катары келип отурат. Атап айтксак, кыргыз адабиятында бул жанрда өз тажрыйбасын сынап көргөн КРнын Эл жазуучусу К.Жусупов экендиги талашсыз Анын жазган «Ата журт» романы буга мисал. Ошондой эле жазуучу, публицист, профессор А.Муратовдун «Көпөлөктөр өрөөнүн көксөгөн Мырза Гапаров» аттуу публицистикалык эссе түрүндөгү эскерүүсү (жазуучу Мырза Гапаров тууралуу) ж.б. мүнөздүү. Анткени аталган эки жазуучунун биз айткан чыгармалары эркин чыгармачыл баяндоо менен, тандап алган темага жараша жеке чыгармачыл көз карашын, кенен жана терең публицистикалык-философиялык ой жүгүртүүсүн билдирүүсү менен башка чыгармалардан мүнөзү, баяндоо, сөрөттөө жана ой жүгүртүү стили менен айырмаланат. Аларда, албетте, баяндоо да бар, сүрөттөө да бар, ой жүгүртүү да бар, сюжет да бар, образ да бар, эскерүү да бар, албетте, акырында, баарына карата берилген автордук жеке баасы жана жыйынтыктоо бар.

Эссе жазууда эске алууга болор үч эреже туурасында жазуучу В.Кротов буларды белгилейт:

Биричиси-кызыктуу теманы тандоо-деп айтылат анда. Экинчиси-айта турган ойду аныктоо, эмнени айткысы келет, ошону табуу; демек проблеманы кое билүү туурасында сөз баратат. Үчүнчүсү-бирөөнүн жетегине түшпөй, ар ким, окуучу болобу, студент болобу, теманы өз алдынча ача алуу, өз көз карашын билдирүү, өз сөзүн айтуу.

Ошону менен бирге, жазуучу В.Кротов эссе жанрынын эркин жана ар тараптуу болорун билдирүү менен, эссе-ой жүгүртүү, эссе-изилдөө, эссе-аңгеме, эссе-мүнөздөмө, эссе-этюд, эссе-очерк, эссе-эскерүү, эссе-гипотеза сыяктуу формаларын жазууга болорун да кыйытып айткан.

Эссе жазуу да алдын ала пландоо менен же эркин ой жүгүртүү аркылуу жазылышын айтуунун анча зарылдыгы жоктур. Ошентсе да, эгер окуучу же студент план түзүп жаза турган болсо, кадимки эле реферат, же дилбаян же баяндама жазган сыңары пландап алуусу мүмкүн экенин белгилегилей кеткибиз келет.

Мындай шартта, албетте, планда киришүү, иштин негизги бөлүгү жана корутундусу болууга тийиш. Киришүүсүндө теманы ачуу, алдыдагы максатты белгилөө, ой жүгүртүү үчүн проблеманы коюу мүнөздүү болсо, негизги бөлүгүндө, айтайын деген оюн ортого салуу, оюнун орчундуу экенин далилдөө, ал үчүн аргументтерди келтирүү, турмуштук мисалдарды тартуу, жеке көз карашын туюнтуу ишке ашмакчы. Ал эми корутундусунда болсо, адаттагыдай эле, жалпы ойду жыйынтыктап, эмне маселелер козголгондугу дагы бир ирет айтылып, иш жалпыланат.

Ушул жерден мындай бир суроо коелу: эссе менен дилбаяндын өз ара катышы кандай, же экөө окшошпу, же өз алдынчалуу жазуу иши катары айырмалуубу?

Биздин оюбузча, бул суроого жооп мындайча: эссе менен дилбаян чыгармачыл жанр катары экөө окшош типтеги жанрдык мүнөзгө ээ, бирок албетте, экөө эки башка чыгармачыл жанр. Ошентсе да, экөө таптакыр эле айырмаланган, бири – биринен алыс турган жанр да эмес. Анын себеби мында: биринчиден, экөөнүн айырмачылыгы эмнеде дегенде, адабий дилбаян, албетте, белгилүү бир чыгарманын сюжетине таянуу менен жазылат, ал чыгарманын сюжеттинин чегинен чыкпайт. Ал эми, окшоштугу-эгер, биз эркин темада, публицистикалык мүнөздө да дилбаян жазарыбызды эске алсак, публицистикалуу, эркин темадагы дилбаяндагыдай эле, эсседе да эркин ой айтылуу менен, окуучу же студенттин жекече чыгармачыл ой жүгүртүүсү-дилбаяндын да, эссенин да жаралыш негизин түзөт.

Ошентсе да, илимий калыс баа берсек, дилбаян дагы, эссе дагы адамдын ички дилин, оюн, көз карашын чыгармачыл мүнөздө баяндап эркин чыгармачыл формада да жазыларын эске алсак, эссе менен дил баян чыгармачыл эгиз жанр катары көрүнөт жана бири-экинчисин толуктап тургандай туюлат. Андай болсо, эссени дилбаяндын бир формасы катары кабылдасак болчудай. Анткени дилбаянды эссе формасында да, адабий-публицистикалык ж.б. формада да жазса болорун жогорудагы практика далилдеп келатпайбы.

Ошентсе да, эссе чыгармачыл өз алдынчалуу бир форманы сактоо менен, дилбаяндын өзгөчө бир жанрдык тиби, айрыкча бир формасы катары кабыл алуу менен, эссе-дилбаян деп, жанрдык бир тип катары бөлүп көрсөтсөк неге болбосун.

Мында эссе-дилбаян өзүнүн эркин формасы, эркин көлөмү, эркин мазмуну, учкул ойлуулугу, андагы философиялуу ой жүгүртүүсүнүн күчтүүлүгү менен жана да жазуучу адамдын жекече стили менен айрымаланган жазуу ишинин бир формасы катары чыга келет.

Андай болсо, эссе-дибаянда жазууда эмнелер көңүлгө алынууга тийиш?

Биринчиден, теманы аныктоого айрыкча маани берүү зарылдыгы эске алынууга тийиш.

Экинчиден, эссенин темасына жараша атын коюуга өтө маани берилүүсү керек. Анда учурга жараша жарк эте көрүнө калар, адамдын сезимине жете турган, учкул ойду камтып тургандай ат коюу талап кылынат.

Үчүнчүдөн, мазмундуу материалдарды топтоштуруу, фактыларды тандоо, айрыкча маанилүүлөрүн топтоо, аларды талдоо мүнөздүү.

Төртүнчүдөн, жалпы окурмандардын бүйүрүн кызыткан талылуу проблеманы кое билүү, ага жараша жеке көз карашы алып чыгуу.

Бешинчиден, проблеманын үстүндө ой жүгүртө алуу, цитаталарды пайдалануу, курч сөздөрдү, афоризмдерди, учкул сөздөрдү колдонуу, адамдын окугусун келтирген ойлорду алдыга коюу.

Алтынчыдан, маанилүү тезистерди белгилеп айта билүү, салыштырууларды, күчтүү сүрөттөөлөрдү, терең ой жүгүртүүлөрдү бөлүп көрсөтүү.

Жетинчиден, философиялуу ой корутундусуна келүү жана маанилүү сунуштарды айтуу, анны турмушка ашыруу жолдорун так көрсөтүү.

Мына ушулардан улам, деги эле эссе жанры эмне мүнөзгө ээ, ал кантип жазылат? –деген суроолорго жооп ала алабыз жана дилбаян менен окшоштук-айырмачылык белгилери тууралуу да так маалыматтарга ээ болобуз.

Ошону менен бирге, чыгармачыл бул жанрдагы жазуу иштерин практикада кантип колдонобуз?-деген да суроо келип чыгары белгилүү. Бул маселени, балким мындайча чечүү тура болор. Ири алдыда, салттуу жазуу ишин алуу, окуучунун билимин, жазуу көндүмдөрүн салттуу баалоо учурунда салттуу түрдө, же мектепте болсун, же жогорку окуу жайларында болсун, адабий же публицистикалык ж.б. жанрдагы дилбаяндарды жазуу, ошо менен алардын билим жетишкендиктерин баалоо талапка ылайык келмекчи-дегибиз келет. Ал эми окуучу менен студенттин билимин, жазуу көндүмдөрүн, ой жүгүртүүсүн, чыгармачыл жөндөмүн салттуу эмес шарттаа текшерүү жана баалоо шарттарында, албетте, эссе-дилбаяндарды жазуу талапка ылайык келмекчи.

Жыйынтыктап айтканда, албетте, жазуу ишинин бул эссе-дилбаян тиби окуучунун да, студенттин да, жазуу ишинде сөздү колдоно билүүсүн, жазып жаткан темага ылайык турмуштук проблеманы көрө билүүсүн, ага ылайык өз оюн эркин стилде баяндап, сүрөттөп, ой жүгүртүп айта алуусун, аларга карата инсанжык жеке көз карашын билдире алуусун, турмуштук

көрүнүштөрдү анализдеп, талдай билүүсүн, ал үчүн күндөлүк турмуштан далилдерди топтоп, талдай билүүсүн, айта турган ойлорунун ичинен негизгилерин бөлүп көрсөтө билүүсүн, алардан бүтүн бир логикалуу жыйынтык чыгара алуусун, аны далилдер менен автор катары коргой билүүсүн, чыгармачыл түрдө аналитикалуу түрдө ой жүгүртө алуусун текшерүү, баалоо жана өнүктүрүү максатындагы иш-аракеттердин системасын жүзөгө ашыруучу жанр катары орундуу пайдаланылса, ар качан өз жемишин берери шексиз.

Эмесе, кыргыз жазуучуларынын калеминен жаралган айрым мыкты эсселеринен эк-үч үзүндүнү мисал катары кыстара кетели.

Ата Журт дастаны

Ата Журт, акыбетиңди кантип кайтара алам?

А сен, мээрман Ата Журт, тиричиликте мага окшогондорду астейдил багып, энедей алдейлеп, чаңкаганда сууңду сундуң, чарчаганда жашыл чөбүңө оонаттың. Тирүүлүккө жыпар жытыңды чачтың, жанга кубат, сүйүү бердиң. Жашырып - катканың болбоду, эч нерсеңди аябадың: ыйласам бешигимдин башында кушуңду сайратып сооротту. Там-туң басканда жыгылсам, ат жалындай мамык болуп төшөлдүң…

Дагы эле энеме карыз болгондой, сага милдеттүү болуп келатам.

Кана, Ата Журт, тоолоруңдагы шагыл ташыңды бирден терип, санап чыксам ыраазы болор белең? А мүмкүн сенин сансыз чөбүңдүн ар биринин жытын өлчөп берейинби? Же сен басып өткөн кылымдардан кайдадыр жоголгон обонуңду таап, комуз күүсүн чогултуп келейинби? А мүмкүн аным

аз болсо, жазында уясына бир тал чөп тиштеп келген куштарчилеп кирпигимден уя курайынбы? Күкүгүң болуп чакырып, тилим тешилгенче булбулуң болуп үнүм баспай турайынбы?..

Өткөндөгү төгүлгөн көз жашың болоюн, душманга атылган огуң болоюн. Тоондон качкан кайбериңи, таш бооруңан жылжыган мөл булагың болоюн.

Айтчы, ошондо. аз болсо да, эмгегиңди кайтар белең, Ата Журт?!

Ата Журт, кагылайын, колумду көкүрөгүмө коюп, мобу тыянакка келем: өзүң жөнүндө кичинекей дастанды окуучуга айтып берейин. Макулсуңбу? Ата Журт, күнөөсү көп, айыбы арбын балаңа, ошондо жайылып-жазылып, ак сүйүүмдөн кечтим дээр белең?...

Кеңеш Жусупов,

Кыргыз эл жазуучусу.

«Ата Журт» аттуу китебинен үзүндү.

«Эл жазуучусу» атыгып калганына уялганы ай!...

«Кыргыз руху» гезитине Мурза акенин (автор жазуучу Мурза Гапаров тууралуу айтып жатат-Р.С.) Аскар Осмонкулов агайы жөнүндө чакан ээссеси чыгыптыр. Майин, элестүү, азил кыпчып, образдуу кылып, өзүн да аралаштырып, кызык жазыптыр. Бир кезде Ноокатта окуткан агайы, маарекеси өтүп жаткан тилчи-профессор жөнүндө…

Куттуктап, телефон чалдым.

-Макала го чыгыптыр, үка, бирок жүдаа уялып жатам, жүдаа эле осол иш болуптур, эми кантип эл бетин карайм,-дейт.

Чоочуп кеттим. Телефондун зымынын аркы учунда - жалгызын атып алган Карагул мергендей не кылар айласын таппаган Мурза ака, берки четинде сый ордуна ар нерсени сыйпалап отурган- мен.

-Не чекилик болду? Нени туура эмес жазыпсыз?

Мен да нес боло суроо узаттым, ыраса коркуп кеттим.

-Этегин карабайсыңбы, фамилиядан кийинкисин?

Карадым. Карасам, «Мурза Гапаров, Кыргыз Эл жазуучусу» деген подпись турат.

Ошого уялыптыр. Расмий түрдө ал кезде «Эл жазуучусу» боло элек да. А материалды даярдаган редактор аны ошол наамды алган экен деп ойлогон окшойт.

Абдыкерим Муратов,

педагогика илимдеринин доктору, профессор, жазуучу,

«Көпөлөктөр өрөөнүн көксөгөн Мурза Гапаров»

аттуу эсселер китебинен үзүндү

«Жаш баладай барбаландап…

Жазуучу болуш үчүн жазчу нерсенин баарын кармалап, даамдап көрүш керек дечү (автор дагы деле жазуучу Мурза Гапаровду айтып жатат-Р.С.). Бир жакшы сюжет тапса, же бир жактан олжолуу келсе, терисине сыйбай барбаландап калчу. Анын бир жолку ушундай келиши тууралуу жазуучу Абдиламит Матисаков мындайча эскерет:

«Эсимде, Баткенден жаңы эле самолетто учуп келип, Айгүл тоо гүлүнүн бир дестесин наристедей көкүрөгүнө коомай кысып, «Кыргыз туусуна» келгени. «Кызыл китепке» кирген, болгону бир ай гана өмүр жаш буюрган ажайып гүлдү жабыла, Кубат аке айтмакчы, жата калып, тура калып карап атсак: «Көрүп болдуңарбы, Бишкегиңерде мындай гүл өспөйт» деп тамашага чалып, көкүрөгүнө башын жөлөгөн бейиштин гүлдөрүн кереликечке эрикпей, жазуучулар союзуна, маданият министрлигине, андан ары драма театрынын артистерине чейин көрсөтүп, ыраңы Айгүл тоо гүлүнүн ыраңындай нурданып чыкканда гана бечара Мурза аке үйүнө кайтыптыр.

Карабайсыңарбы, мен көргөндү баары көрсүн, мен суктанганга баары суктансын-деп атпайбы!

Абдыкерим Муратов,

педагогика илимдеринин

доктору, профессор, жазуучу.

«Көпөлөктөр өрөөнүн көксөгөн Мурза Гапаров»

аттуу эсселер китебинен үзүндү

Кыргыз тили жана адабияты боюнча

орто мектептин курсуна ылайык окуучулардын дил баяндарын

баалоонун нормалары

«5» деген баа – дил баяндын мазмуну темага толук жооп берсе, фактылар, цитата, цифралар ыктуу колдонулса, мазмуну системалуу ачылса, окуучунун кеби бай болуп, стилдик биримдик толук сакталса, жазып жаткан материалга карата жекече көз карашы бар болуп, өз алдынча жыйынтыктарга жана жалпылоолорго келе алса дилбаяндын композициялык түзүлүшү тыкан, окуучунун ой чабыты ар тараптуу көрүнсө, т.а., таптакыр катасы жок, же 1 орфографиялык, же 2 пунктуациялык катадан ашпаганга коюлат.

«4» деген баа — дил баяндын мазмуну темага негизинен жооп берсе, факт, цифра, цитаталар колдонулуп, бирок айрым учурда так эместик, жетишсиздик, стилдик жактан одоно эмес, айрым бир мүчүлүш учурлар болуп калса, б.а., 2-3 жерден орфографиялык, пунктуациялык жана стилдик жактан мүчүлүштүктөр байкалса коюлат. Негизинен 2 орфографиялык, 2 пунктуациялык, же 1 орфографиялык, 3 пунктуациялык, же 3 орфографиялык, 4 пунктуациялык катадан ашпаган дил баяндар «4кө» бааланат.

«3» деген баа – дил баяндын мазмуну темадан бир кыйла алыстап кетсе, факт, цифра, цитаталарды колдонууда жетишпестик болсо, синтаксистик жактан сүйлөм куруулары, лексикасы жарды экенин көрсөтсө, тема боюнча өзүнчө ой жүгүртүүсү ачык берилбесе, жалпысынан, 4-5 жетишпессиздик байкалса коюлат. Негизинен, 4 орфографиялык, 4 пунктуациялык же 3 орфографиялык, 5 пунктуациялык же 7 пунктуациялык катага чейинкилер «3кө» бааланат.

«2» деген баа – дил баяндын мазмуну темага жооп бере албаса, факт, цифра, цитаталар ыктуу колдонулбаса, окуучулардын стили жарды, ою чачкын болуп, өз алдынчалуулугу дээрлик көрүнбөсө, жалпысынан, дилбаянда 6-7 кемчилик кетирилсе коюлат, б.а., 7 орфографиялык, 7 пунктуациялык же 6 орфографиялык, 8 пунктуациялык же 8 орфографиялык, 6 пунктуациялык же 6 орфографиялык, 9 пунктуациялык катадан ашпагандар «2ге» бааланат.

«1» деген баа - тема таптакыр тескери ачылса, мазмуну китептен

сөзмө сөз көчүрүлсө, жалпысынан, «2дегиден» ашып кеткен каталар кетирилсе коюлат.

Дил баянга эки баа: биринчиси мазмунуна, экинчиси сабаттуулугуна коюлат.

Оозеки жоопторду баалоонун нормалары **«5» деген бааны** коюуда чыгарманын идея, темасын, андагы коюлуп жаткан маселелерди, негизги мазмунду түшүнүүсү, образдарды, көркөм сөз каражаттарын туура талдоосу, чыгармага адабий-теориялык анализ жасоосу, адабият теориясы боюнча билимин, чыгарманы адабий процесс жана доор менен байланышта көрсөтүүсү, кебинин сабаттуулугу жана ырааттуулугу логикалык ой жүгүртүүсүнүн жогорулугу, фонетикалык, синтаксистик, сөз жасалышына карай жана сөз түркүмдөрүнө карата талдоону мыкты билүүсү, кыргыз тилинин теориялык маселелеринин, айрыкча байланыштуу кептеги стилдин түрлөрү (көркөм, илимий, публицистикалык, оозеки сүйлөшүү, иш кагаздарынын стили) жана кептин түрлөрү (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) боюнча маалыматтарынын кеңири болушу, өз алдынча өмүр баян, кулактандыруу, арыз, токтом, репортаж, түшүнүк кат ж.б. иш кагаздарынын үлгүлөрүн сабаттуу жаза билүүсү, кругозорунун, көз карашынын, даярдыгынын деңгээлинин жогорулугу эске алынат. Ошондой эле көркөм чыгарма боюнча түшүнүгү эң жакшы болсо, башкы теманы, идеяны жогорку деңгээлде ача билсе, образдык, композициялык талдоолорду жүргүзө алса, талдоо мезгилинде өтүлгөн теориялык билимдерин колдоно алса, жооп беш деген баага бааланат.

«4» деген баага - окуучунун чыгарма жөнүндөгү түшүнүгү жалпысынан жакшы болуп, бир-эки жеткиликтүү талдоо болбой калса, чыгарманы тарыхый учур менен байланыштыра албаса, кептин стилдери, түрлөрү, иш кагаздарынын үлгүлөрү боюнча жана грамматикалык талдоо мезгилинде айрым кемчиликтерге жол берилсе, адабий тилди колдонуп, оозеки, жазуу түрүндө жооп даярдоодо мүчүлүштүктөр кетирилсе бааланат.

«3» деген баа менен окуучу чыгарма жөнүндө түшүнүгүн толук эмес, чаташтыруу менен айтса, жообунда үч-төрт маанилүү учурду калтырып кетсе, адабий-теориялык талдоону, грамматикалык талдоону толук ишке ашыра албаса, стилдин түрлөрүн, кептин түрлөрүн чаташтырса, иш кагаздарынын үлгүлөрүн талаптагыдай түзө албаса, кошумча суроого жообу жеткиликсиз болсо бааланат.

«2» деген баа менен чыгарманы толук түшүнө албаса, «жөлөп-таяганда»

да уланта албай, чыгармага байланыштуу өтүлгөн теориялык жөнөкөй маалыматтарды билбей, чыгарманын темасын, идеясын эч кандай ачып бере албаса, грамматикалык талдоону, стилдин түрлөрүн, кептин түрлөрүн, иш кагаздарынын үлгүлөрүн ажыратып биле албаса жана жазып бере албаса, тилдин теориялык маселелери боюнча маалыматы жок болсо бааланат.

«1» деген баа тема боюнча эч кандай түшүнүгү жок окуучунун жообуна коюлат.

Эскертүү: Оозеки жооптордун бааларынын жыйынтыгы ар бир суроого берилген жооптордун баарын кошуу менен чыгарылат.

Текстти көркөм окуй билүүсүн

баалоонун талаптары

Көркөм окууда **«эң жогорку баа»** тексттин темасы менен идеясын окуучунун түшүнүп, үн кубултуп, артисттик кырааты менен окуусу, окуганын өз сөзү менен баяндап бере алуусу, тексттин интонациясын окутуунун темпин, үзүндүдөгү айтылган ойдун маанисин сактай билүүсү, тыныш белгилерине туура басым жасап окуй билүүсү, сөздөрдү туура окуусу, көркөм окуунун бардык эрежелерин туура сактоосу, ал тургай монологдорду, ыр саптарын, же эпостордон үзүндүнү өз алдынча көркөм жатка айтып берген окуучуларга коюлат.

«Жакшы» деген баа менен бир катар синтаксистик түрмөктөрдүн айтылышынын же интонациядан мүчүлүштүк кетирип, бирок жалпысынан тексттин мазмунун түшүнө билсе, көркөм, үн кубултуп окуй алса, тыныш белгилерине туура мамиле жасаганда бааланат.

«Орто» деген баа менен окуучунун окуу дикциясы, интонациясы ырааттуу түрдө сакталбай, тексттин мазмунун жеткиликтүү түшүнүп айтып бере албаса, көркөм окуунун эрежелерин жана тыныш белгилерди туура сактай билбесе бааланат.

«Жаман» деген баа - көркөм окуунун талаптарын такыр билбесе, тексттин мазмунуна жараша окуу интонациясын такыр сактабаса, мазмунун айтып бере албаса, тыныш белгилеринин маанисин түк да билбесе коюлат.

МАЗМУНУ

АЛГЫ СӨЗ…….3

Биринчи бөлүм: **КЫРГЫЗ ТИЛИНЕН ЖАТ ЖАЗУУ ЖҮРГҮЗҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ, ТЕКШЕРҮҮ ЖАНА БААЛОО……..5**

Экинчи бөлүм: БАЯНДАМА, АНЫН ТИПТЕРИ ЖАНА БАЯНДАМА ЖАЗУУ ЖОЛДОРУ……22

Үчүнчү бөлүм: **ДИЛ БАЯН, АНЫН ЖАНРДЫК ТИПТЕРИ ЖАНА ЖАЗУУ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ.....40**

Окуу басылмасы

СУЛАЙМАН РЫСБАЕВ

КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫНАН ЖҮРГҮЗҮЛҮҮЧҮ ЖАЗУУ ЖУМУШТАРЫНЫН СИСТЕМАСЫ ЖАНА ОКУУЧУНУН ЖАЗУУ ИШМЕРДИГИ

Кыргыз тили адабияты мугалимдери, ЖОЖдордун окутуучулары, студенттер, изденүүчүлөр, аспиранттар жана методисттер үчүн окуу куралы

Редактор: Ж.А.Чыманов, профессор
Корректор:
Техредактор:

Басууга сунуш кылынды:
Буюртма №
Көлөмү:
Форматы:

Китеп…….басмаканасында басылды:…..2022-ж.
Басманын дареги:……..